АСЫЛБЕК ЭШИЕВ

# МАНАСТЫН УЛУУ КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТИ

УДК 82-131
ББК 83.3Ки
Э 89

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫ**
**Ч.АЙТМАТОВ АТЫНДАГЫ ТИЛ ЖАНА АДАБИЯТ ИНСТИТУТУ**

**АСЫЛБЕК ЭШИЕВ**

# МАНАСТЫН УЛУУ КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТИ:

## рухий дүйнөсү, идеологиясы, геосаясаты, маданияты

## I КИТЕП

**БИШКЕК - 2014**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫ

Ч.АЙТМАТОВ АТЫНДАГЫ ТИЛ ЖАНА АДАБИЯТ ИНСТИТУТУ

КР УИАнын Ч.Айтматов атындагы Тил жана адабият институтунун
Окумуштуулар кеңешинде жактырылган

Жооптуу редактор:
Акматалиев А.А. - КР УИАнын академиги, филология илимдеринин доктору, профессор

Рецензенттер:
Токтоналиев К.Т. - филология илимдеринин доктору, профессор
Кайыпов С.Т. - тарых илимдеринин доктору, профессор (ЧУ)
Ибраимов К.И. - филология илимдеринин кандидаты, доцент

УДК 82-131
ББК 83.3Ки Эшиев Асылбек Мирзатилаевич.
Э 89 Манастын Улуу Кыргыз мамлекети: рухий дүйнөсү, идеологиясы, геосаясаты, маданияты. I китеп. - Бишкек: "Улуу Тоолор", 2014.

ISBN 978-9967-15-268-2

Эмгекте "Манас" эпосунун негизинде байыркы кырк уруу Кыргыз журтунун (федерациясынын) VIII-IX кк. тарыхы, анын кайра тикеленишинде тарыхый каарман эр Манастын жеке ролу сүрөттөлөт. Манастын, анын ата-бабаларынын санжыра-тарыхы, Кыргыз эл-журтунун рухий дүйнөсү, идеологиясы, маданияты маселелери каралат. Кан Манастын Борбордук Азияда Улуу Кыргыз мамлекетин түптөп, бекемдеген геосаясаты чагылдырылат.

Бул эмгек "Манас" эпосунун Сагымбай Орозбак уулунун варианты боюнча даярдалды (Фрунзе: "Кыргызстан": I китеп, 1984; II китеп, 1980; III китеп, 1981; IV китеп, 1982).

# БАШ СӨЗ

”Манас” эпосунун Сагымбай Орозбаковдун вариантында(Манас. I, II, III, IV китептер. Фрунзе: ”Кыргызстан”, 1980, 1981, 1982, 1984) ‘журт’ жана ‘уруу’ деген этникалык түшүнүктөр активдүү колдонулат. Уруу уруктардан туруп, ар бир уруунун автономдуу мамлекеттик-саясий статусу болгон. Аны уруу жыйынында шайланган уруу башчысы (кан, бек, бий) башкарган. Уруу башчысынын укугу жана милдеттери так аныкталып, ыйгарым укугунун чегинде гана аракеттенген.

Эпосто ‘Кытай журту’, ‘Кыргыз журту’, ‘Орус журту’, ‘Кырым журту’, ‘Ooган журту’ (III китеп, 152-б) деп Евразия мейкиндигиндеги эң ири федеративдик журттар (мамлекеттер) айтылат. Бул геосаясий чөлкөмдөгү бардык этникалык бирдиктер (этнос, уруу, фратрия) ушул аталган федерациялардын (мамлекеттердин) бирине таандык болгон. Кеп бул жерде Кытай (кара кытай (кыдан), калмак, монгол, ойрот, манжур, жунгар ж.б.), Кыргыз (кыргыз, казак, кыпчак, ногой, каракалпак, найман, түрк ж.б.), Орус (чыгыш славян этностору), Кырым (хазар, азербайжан, булгар, аз, кумык ж.б.), Ooган (иран, авган, пуштун, тажик, осетин, күрт ж.б.) ири согуштук-саясий этникалык бирикмелери жөнүндө жүрүүдө.

## Кыргыз журту (мамлекети)

Кыргыз журтуна кимдер кирген? Албетте, тарыхый кандаш уруулар. Булардын этникалык башаты, тили, маданияты, каада-салты, жашоо образы негизинен бирдей болгон. Баары байыркы бир этногенетикалык сызыктан кеткен. Мезгилдин өтүшү менен үй-бүлөлөр урукка, уруктар фратрияга, фратриялар урууга биригишкен, уруулар журтту (мамлекетти) түзүшкөн. Бир уруунун ичинде уруктарга өз ара никеге турууга жол берилген эмес. Журттун ичинде гана урууларга өз ара үй-бүлө курууга мүмкүн болгон (эпос боюнча он төрт ата өткөндөн кийин). Көчмөндүк согуштук демократия саясий түзүлүшүөкүм сүргөн. Деспоттук, диктатордук башкарууга көчмөндүк жашоо образ жол берген эмес.

Биздин оюбузча кырк уруу кыргыз журтунун башатында ‘аз’ рухий-эпонимдик ишеним турган. Кыргызга бириккен кырк уруу бирдиктери ‘азды’ өзүнүн рухий, эпонимдик башаты деп эсептешкен. Ушул кырк уруу этнос өздөрүн кыргыз (кырк-ок-аз) деп аташкан (‘уруу’ менен ‘ок’ деген сөздөр синонимдик мааниде келери маалым). Ушундан ‘кыргыз’ деген этноним калыптанган. Кыргыз – бул журт (федерация), б.а. кырк уруунун

бирикмеси. Эпосто журт дал ушундай статуста катышат. Демек, бул журт этникалык түшүнүгүн эл, калк, будун, этнос, уруу түшүнүктөрү менен бирдей кароого болбойт. Эзелтен кыргыз журтун түптөп, кыргыз журтунун атынан чыгып, кыргыздын башатында турган Кара кан, Огуз кан, Аланча кан, Байгур кан, Бабыр кан, Түбөй кан, Көгөй кан, Ногой кан ата-бабаларынын геосаясатын, идеологиясын туу туткан Бакай, Манас, Семетей, Сейтек кыргыздын гана атынан чыгышкан. Алардын журту да, уруусу да, уругу да, ата-бабалары да кандык кыргыз болуп, кыргызды урууга, тэк-жаатка бөлүп кароо болбогон (Бакай: "Бөлүнсөң бөрү жеп кетет, // Бөлүнүп калды кыргыз деп // Бөлөк элге кеп кетет" (IV китеп, 195-б.)).

## Алтайдагы кырк уруу кыргыз

Эпос боюнча казак, кыпчак, ногой, каракалпак, үйшүн, катаган, нойгут, жетиген, окчу, думара, аргын, алакчын, алчын, төөлөс, найман, багыш, тейит ж.б. уруулар кыргыз журтун түзүшкөн. (Көкөтөйдүн керээзинен: "Казак, кыргыз, катаган, // Жетиген, нойгут, думара // Баарыбыз бир атадан...// Каңыры, тейит, багышы // Канча журтка угулган // Кара кыргыз дабышы" (III китеп, 14-15-бб.)). Аталган уруулар "Манас" эпосунун доорунда, б.а. VIII-IX кк. Кыргыз мамлекетинин негизин түзүшкөн. Эпос боюнча кытай каны Дуушаңгөр кыргыз каны Ногойдун о дүйнөгө кетишинен пайдаланып, кыргыз журтун чаап-талап дүйнөнүн чар тарабына кууп тараткан экен. Ушунча элди тукум-курут кылып кырып-жоюуга мүмкүн эмес эле. Кара кытай (кыдан), кара калмак, манжу, ойроттордун (Кытай журтунун) негизги максаты – Кыргыз журтун таратып, кайра бириктирбей, Борбордук Азия чөлкөмүндөгү кубаттуу согуштук-саясий атаандашты жок кылуу болгон. Ушул чабылып-чачылган кырк уруу кыргыздын негизин кандык кыргыз (Бай Жакып, Бакай, Манас, Байжигит, Бактыгул, Акбай), казак (Камбаркан, Айдаркан, Көкчө, Бообек), кыпчак (Таз, Төштүк, Үрбү), ногой (Эштек, Чагоо, Жамгырчы), нойгут (Акбалта, Акымбек, Чубак), каракалпак (Бердике, Кыргыл), аргын (Каракожо, Ажыбай), түрк (Дамбылда), алчын (Атай), үйшүн (Үмөт), кара кесек (Сыргак, Серек), тейит (Саламат), жетиген (Чегиш, Багыш), окчу (окчо) (Ошпур), төлөс (Медер), думара (тонгра), кызай, абак, тарак ж.б. уруулар түзгөн. Бул уруулар Манастын чоң атасы Ногойдун төрт уулу ("Бай деген бир агаңбар, // Ополду жердеп калганы. // Орозду деген агаң бар, // Жайлайт деп угам Алайды... /// Үсөн аттуу агаңды, // Үмүтүм андан үзүлдү, // Кытайдын кыям жагында, // Даңгирди жайлайт шекилдүү" (I китеп, 136-

б.)) менен кошо төрт түрдүү аймакка куулуп айдалат. Кыргыз журтун кыйраткан Кытай журту Борбордук Азияны жеке ээлеп, салыгын салып, тынып жатып калышат.

Кыргыз Жакып менен кошо Алтайга казак Айдаркан, кыпчак Таз, ногой Эштек, нойгут Акбалта, каракалпак Бердике өз уруулары менен чогуу үрккөн. Бирок кээ бир уруулар Алтайга айдалган эмес. Маселен, кыпчак эр Төштүк, катагандын кан Кошой, "орчун кыргыз уругу окчу Каракесек" (Сыргак, Серек), "дөөлөстүн Медер султаны", Ташкендин ногой кыргызы Көкөтөй, Кыйбанын калча каны Буудайык (Музбурчак), анжыяндык окчо кыргыз Санжыбек ж.б. Булар кытай, кыргыз жергелеринде кытай журтуна салыгын төлөп жашап келген.

## Манаска чейинки кыргыз мамлекети

Эпос боюнча 'кырк уруу кыргыз' деген аты эле болбосо Манастын доорунда кыргыз журтунда он эки, же тогуз уруу кыргыз гана калган экен ("Ошо күнү чакырды // Он эки уруу кыргызды" (I китеп, 62-б.); "Кырк уруу кыргыз элек, // Тогуз уруу кыргыз калдык" (IV китеп, 8-б.)). А, калган жыйырма-отуз уруу кайда кеткен деген суроо туулушу мүмкүн. Балким, алар Кыргыз федеративдик мамлекетинен оо илгери эле чыгып өз алдынча эгемендүү мамлекеттер болуп калган болуу керек. Маселен, огуз (гуз), сак, гун, массагет, исседон, кушан (Дашти Юечжи), хазар (козар), булгар (Болгария), хоногур (Хонгор, Хунгари, Мажар), түрк (көк түрк, кара түрк), ашина, ашиде, усун, ашпар (Ышбара-ябгу-каган (640-641-жж.), (Аспарух, Болгар каганы, VIII-IX к.), төөлөс (Толеш Билге, Энесай эстелиги, VII к.), (Телец, Угаин уругу, VIII к., Болгария), алчын (алазон – скифтик уруулук бирикме (Кенесбаев С.К.)) ж.б. этникалык бирдиктер. Биз мында кийинки IX к., же андан бир аз эртеги IV-VII кк. менен чектелбешибиз керек. Кеп бул жерде Сактардын доору (б.з.ч. VIII-IV кк.) жана андан да мурунку мезгил жөнүндө жүрүүдө. Эзелки Кыргыз федерациясы болжол менен б.з.ч. II-V миң жылдыктарда болуусу мүмкүн эле. Муну кытай жазмаларындагы кыргыз мамлекетинин' расмий аталышы да ырастап тургандай. Кытай тарыхчылары Кытай (хан, тан, каканчын, чынмачын, чин, цин ж.б.) мамлекети менен тең тайлашкан, же ага үстөмдүк кылган ушундай ири бирикменин (Кыргыз федерациясы, б.з.ч. 209-ж.) гана аталышын жазууну туура көрүшкөндөй. Ошол себептен да федерациянын ичиндеги казак, кыпчак, найман, ногой, каракалпак, түрк, үйшүн, татала, тонгра, төлөс, жетиген этнонимдери кытай жазмаларында атайын бөлүнүп белгиленбеген болуу керек.

Ушуга байланыштуу эпосто тактоону талап кылган ыр саптары да бар. Маселен, Манас Жолойду "нак өлтүрөр кезекте" Кошой: "Түбү бизге тууган деп, // Түшүнө албай турган деп, // Не кыласыңөлтүрүп" (III китеп, 296-б.) деп арачалап калат. Ошондой эле эпосто кырк чилтендин (кырк бөрү) "Башыңа дөөлөт конор деп, // +лүп жаткан калмактын // Баласы жолдош болор деп" (I китеп, 139-б.) дегени боюнча манжулук калмак Айнакул, Шакум (Мажик), ишенимдүү чоролорунан болуп калышат. Кырк чоронун бири мангул Күлдүрдүн эпостогу позитивдүү ролун белгилөөгө болот. Балким, мангулдан кеткен калмак уруусу да бир кезде кыргыз журтунун курамында болгон беле? Муну алтай тилдик бүлөгө түрк, монгол, тунгус-манжур тилдери киргендиги ырастоосу мүмкүнбү?

**Манас - кыргыз мамлекетинин гаранты**

Манастын негизги миссиясы - чар тарапка чачыраган кыргыз журтун жана мамлекетин кайра тикелөө болгон. ("Кулаалы таптап куш кылдым, // Курама жыйып журт кылдым"). Манаска кыргыздын эзелки рухий дүйнөсү (ак, эге, бар, манас, барбардигер, кызыр иляс, кырк чилтен, алда таала ж.б.) жардамга келет. Урушта "ногойлоп", жакыптап", манастап" ураан чакырылат. Балага кыргыздын байыркы рухий дүйнөсүнүн атынан "ак күлөлүү дубана" аты Манас болсун деп көздөн кайым болот. Ооба, бул ат сакралдык касиетке ээ болгон. Манас (МанАз) - эзелки кырк уруу кыргыздын эң биринчи рухий дүйнөсү. Эпосто ушул атты алган уул гана кыргызды кытай эзүүсүнөн эркиндикке чыгарат деген идея жаткан. Муну кыргызда 'Манас' аттуу бала туулуп, алтыга чыгыптыр, баралына жеткенде "Ааламга салат түлүк дейт // Чоң Бээжинге ок атар // Чоңойгондо жүрүп дейт" (I китеп, 173-б.) деген кытай төлгөчүлөрүнүн айтканы да ырастайт. Балким, Евразия континентиндеги тарыхый Манаска чейинки 'Манас' (Manas, Manis, Manah; Манес, Манасес, Манассий, Менестей, Менес, Манаус, Мануш, Маннус ж.б.) аталышындагы көптөгөн эпоним, топонимдерди ушул өңүттөн түшүндүрүү орундуу болуп жүрбөсүн?

Ооба, *Манас Борбор Азиядагы күч-кубаттуу эң акыркы Улуу Кыргыз мамлекетин кайра тикелген кыргыз каны болуптур. Манастын доору эң акыркы тарыхый Улуу Кыргыз державасынын доору (IX к.) менен дал келүүсү толук мүмкүн.* Буга ал Кытай федерациясын (кара кытай (Эсенкан, Коңурбай), кара калмак (Жолой), "чала кытай" (Нескара)) бузуп талкалоо менен жетишкен. Ага чейин Анжыян-Алайдагы кара кытай (Алооке кан), Алайдын түштүгүнөн калча Шоорук кандын, кийин калмак

Текес кандын туусун жыккан. Бир катар калмак(Култаң, Куяс), ойрот (Оргу), кытай (Акунбешим, Тулус) кандыктарын багынткан. "Көкөтөйдүн ашындагы" окуялар Манастын кыргыз журтун бекем түптөгөндүгүн (кыргыз, казак, кыпчак, ногой, каракалпак, нойгут, аргын, үйшүн, алчын ж.б. уруулар бирикмесин), күч-кубаттуу согуштук-саясий мамлекетти (журт башчылары: Манас, Бакай, Кошой, Алманбет; кандык мөөрү, жардыктары; жалпы мобилизациялык укуктары, аскердик мыйзам; ыйгарымдуу элчилик: эр Ажыбай, Ырамандын Ырчы уулу, жаш Айдар; кырк чоро, "себилдүүсү сексен төрт" журт гвардиясы; жансакчылар кызматы) түзүп алгандыгын ырастаган.

## Манас - кыргыз журтунун туусу

Бирок "жети кандын чатагы" Кыргыз мамлекетиндеги суверендүү этностордун (уруулардын) өз алдынча мамлекет болууга, эгемендүүлүккө карай умтулуу тенденциясын ырастаган. Ар бир уруунун бир нече түмөндөн (он миң) турган колдору болуп, жикчил сепаратист кандар кыргыз журт башчысы Манас менен серпишүүгө да даяр болушкан. Муну Манас эң мыкты билген, саясий кырдаалдын олуттуу экендигин түшүнгөн. Анын эң башкы жетишкендиги автономдуу уруу башчыларынын ("жети кандын") калпыс ниетин, дымагын кыргыз журтундагы коомдук пикирди эффективдүү (Ажыбай чечен, Ырамандын ырчы уулу, кырк чоро) пайдалануу менен агылып келген согуштук күчтүн энергиясын Түп Бээжинге улуу казатка буруп жибергендиги болгон. Кечээги өткөн тарыхты унутпаган кыргыз этностору, андагы согуштук күчтөр Манасты кудайындай көрүшкөн, ага сыйынышкан, өз уруу кандарына караганда айкөл журт башчыны жогору баркташкан, жардыгына баш ийишкен. Ооба, кыргызды кытай эзүүсүнөн бошоткон Манастын жеке авторитети өтө жогору болгон. Кайсы уруунун өкүлү экендигине карабай аскерлер Манасты көрүүгө, анын сөзүн угууга, жардыгын аткарууга даяр турушкан. Мына ушундай саясий, коомдук кырдаал каяша айтам деп келген алты кандын кыңк этпей Манастын айтканы менен болууга өбөлгө түзгөн. (Эпосто алты канды Манас Аккуланын үстүндө отуруп күтүп алгандыгы, эр Төштүктөн башка бүт баары аттан (учуп) түшүп, кол куушуруп салам бергендиги айтылат (IV китеп, 53-б.)).

## Манастын эң башкы идеологиясы

Ооба, *тарыхый Манас болбогондо чилдей тараган кыргыз урууларынын азыркы Кыргызстандын территориясында кайра Кыргыз журтуна (мамлекетине) биригүүсү дээрлик мүмкүн эмес эле!* Жер бейиши кыргыз жергесинен регионалдык гегемон, күч-кубаттуу Кытай (кыдан) журту эч качан кетмек эмес экен да, бүгүнкү гео-саясий карта башкача өң-түстө болмок экен! Бул - эр Манастын кыргызга жасаган тарыхый эң башкы сиңирген эмгеги.

Кыргыз журт башчысы Манастын кыргызга жасаган тарыхый экинчи эмгеги *Борбор Азия геосаясий мейкиндигинде Кыргыз мамлекетине биригүүдөн башка алңтернатива жок экендигине кыргыз урууларын (кан-бектерин, эл-журтту) айныгыс ынандыргандыгы!* Кан Манас уруучул болбой бир бүтүн кыргыз болууга чакырыптыр! Манас атабыз уулу Семетейге, небереси Сейтекке, кыргыз мамлекетине кайра бириккен эл-журтка ушундай баа жеткис түбөлүктүү эстафетаны тапшырып кеткен экен! Ооба, бүгүнкү Кыргызстан үй-бүлөлүк, уруу-уруктук, жердештик психологиядан, менталитеттен суурулуп чыккан, Айкөлдөй мамлекеттик деңгээлде ой жүгүртө алган мамлекеттик ишмерлерге өтө муктаж экендиги чындык.

Манас бабабыздын он эки кылым илгерки улуттук идеологиясынын бүгүнкү актуалдуулугун караңыз! Эми бүгүнкү ааламдык глобалдашуунун шартында Айкөл Манастын миң жылдык улуттук идеологиясын турмушка ашырууга, улуттук кызыкчылыкты туу тутууга, мамлекеттин бекемдигин, аймактардын биримдигин, эл-журттун ынтымагын, мамлекеттик кыргыз тилин көздүн карегиндей сактоого, өнүктүрүүгө саясий эрк, жарандык ар-намыс жетиштүүбү? Ооба, жетиштүү. Бир гана маселе – журт башы Манастын мамлекеттик идеологиясын кыргыз улуттук таламынын негизинде иштеп чыгуу, эл-журтка жеткирүү, турмушка ашыруу башкы заманбап маселе экендиги анык.

## Кыргыз согуштук демократиясы

Эзелки көчмөндүк салтка ылайык согуштук демократиянын мыйзамдары толук сакталган. Маселен, Текес канга аттанган колдун кандыгына казак Айдаркан, чоң казатка аттанган отуз түмөн колдун кандыгына алгач ирет Бакай, андан соң Алманбет шайланат. Баары көчмөндүк мыйзамдын чегинде кагазга жазылып, мөөр басылып, жардык

колго жеткирилип аткарылган. Бул процесстердин баарын мамлекет башчысы кан Манас башкарып тескеп турган. Демек, кыргыз журтунун башчысына согуштук-саясий кырдаалга жараша ушундай ыйгарымдуу укуктар берилген. Колдун канынын укуктары да такталган болуп, керек учурда аскердик-саясий чечимдерди жеке өзү (маселен, Алманбет) чечкен.

Кыргыз мамлекетин башкарууга кыргыздан башка казак да талапкердигин көрсөтө алган. Маселен, “биз Манасты кан шайлап алганбыз” деген Айнакулдун сөзүнө казак Камбаркан теригип, небереси Көкчөнү “атыңды аядыңбы” деп зекип кирет (I китеп, 285-б.). Бул эпизод казак уруусунун кыргыз журтунун курамындагы кан болуп шайланууга укуктуу күч-кубаттуу этнос болгондугун айгинелейт. Көкчөнүн төрөлүккө (увазирдикке) шайланышы казактын кыргыз журтундагы башкы таасирдүү ордун билдирген.

## Манастан кийинки кыргыз мамлекети

Ооба, Манастын о дүйнөгө кетүүсү менен акыркы ири кыргыз федеративдик мамлекети да ыдырап, уруу-урууга тыркырап таркап кеткен болууда. Семетейдин, андан кийинки Сейтектин саясий аренага келүүлөрү да бул процессти токтото алган эмес. Бир нече миң жылдык тарыхы бар кырк уруу кыргыз журту Манас менен кошо сапарын карыткан экен. Натыйжада казак, кыпчак, ногой, эштек, каракалпак, найман, түрк этностору эгемендүү мамлекет болушуп Кыргыз мамлекетинен чыгып кетишкен. “Семетейдеги” Манастын кырк чоросунун Семетейдин суранып-өтүнгөнүнө, коркутуп-үркүткөнүнө карабай кетиши (Кыргыл чалдын Семетейге айтканынан: «Байкушум тапкын жөнүңдү, // Көрбөйбүз кыргыз элиңди,..// Биз кайтпайбыз кыргызга, // Бекер бизге тырмышпа!») да кыргыз мамлекетинин коомдук-саясий ыдыроосунун жогорку чекитин ырастап тургандай. Анткени кырк чоро ар бир уруунун өкүлдөрүнөн тургандыгы маалым. Демек, кыргыз журтундагы уруулардын өз алдынча мамлекет куруп бөлүнүп кетүү процессин эч кандай саясий күч, эч кандай коомдук пикир тоскоолдук кыла албаптыр. Батышка сапар тарткан кезектеги дагы бир Улуу Көчкө (IX-XII кк.) кошулбаган башка кыргыз уруулары азып-азайып кетсе да түпкүлүктүү кыргыз журтун сактап калышкан. Алар Бакай, Ажыбай, Чыйырды, Каныкей, Кошой, Семетей, Күлчоро, Сейтекти жандап, колдоп кыргыз журтунун биримдиги, ынтымагы үчүн күрөшкөн уюткулуу кыргыз уруулары эле.

## Батышка сапар тарткандар кимдер?

Балким, буга чейин аты чыкпаган казак, кыпчак, каракалпак, ногой, түрк,найман, төөлөс, жетиген, коңурат (хунгират), дуулат (дуглат), татала этнонимдеринин тарыхый даректерде жазыла башташы ушул Кыргыз федерациясынын кыйрашынан кийин болуп жүрбөсүн? Балким, дал ушул доордон (IX к.) баштап кырк уруу кыргыздан чыккан кыпчактын (кыучак, кыпчак) Г.Ф.Саттаров); Урбү, "Повестњ времянных лет" по Лаврентњевскому списку); кончак (Кончак, «Слово о полку Игореве»); куман (Куман, "Повестњ времянных лет" по Лаврентњевскому списку; куу мен (куман), В.Н.Тадыкин); печенег (бичине, пацинази), половец (wolfвежа)); казактын (касог («Повестњ времянных лет»), Гзак («Слово о полку Игореве»), казаки (Н.М.Карамзин)); ногойдун (Ногай Мурза, Ямгурчи, ногаи (Н.М.Карамзин); кара калпактын ("черные клобуци", берендей), түркмөндүн (баяндыр), түрктөрдүн (торк), он октун (хоногур, хонгор, булгар), калчанын (Шарукан, половец ханы, "Слово о полку Игореве") Батышка улуу көч менен сапары башталгандыр. Булардын эзелки кыргыз аты унутулуп X к. баштап уруулук эпо-этнонимдик аталышына толук ооп кеткен сыяктуу. Кээ бирлери түрдүү саясий кырдаалдарга карай кыргыз журтуна кайра келишкен. Маселен, кыпчак (кээ бир фратрийлери), "жетиген, кушчу" (С.М.Абрамзон), төөлөс (Талец, половец төрө, XI к., Русњ), алчын (алакчын, алаш, алазон), найман (Кучлук хан, XIII к.), моңолдор (Моголистан, XIII-XIV кк.), жалайыр (жалаир, Жля, Желя), Токсоба (Токсобич), Кебек (Кобяк; Кебек хан, XIV к.), ашпар ("Бабур-наме", XVI к.), миңдуулат (дуглат, дуулат) ж.б. этностор.Ошондуктан кыргыз тарыхын изилдөөдө 'кыргыз' деген этноним менен кошо кырк уруу кыргызга кирген уруулук этнонимдерди параллел изилдөөгө алуу эффективдүү натыйжа берет деген ишенимдебиз.

## "Манасты" биринчи кимдер айткан?

Ошентип, эпостогу маалыматтар боюнча Манастын доорунда кырк уруу кыргыз журтунан он эки уруу (кийин тогуз уруу) калган болууда. (Манас тууларда он эки аялзат Чыйырдынын жанынан чыкпай чебелектеп жүргөнүн эстеңиз). Буларга кандык кыргыз, казак, кыпчак, ногой, найман, каракалпак, үйшүн, аргын, жетиген, дөөлөс, окчо, тонгра ж.б. уруулар кирген. Ушул этностор Манас туулуп, эр жетип, кыргыз жерин кытай (кыдан), калмак, ойрот, манжулардан бошотуп, Кыргыз мамлекетин кайрадан тикелеп, эл-журтка бейпил турмуш орнотуп, кийин чоң казатка

чогуу аттанып, кайрадан кыйрап калганга чейин баарын чогуу көзү менен көрүп, башы менен тартып, кулагы менен угуп келишкен. Эми Манастын доорундагы Кыргыз журтунун, Манастын тарыхын оозеки, жети-сегиз муунда ыр түрүндө кимдир бирөө биринчи болуп айткан болуу керек. Биз аны Ырамандын Ырчы уулу болгондур деп келебиз. Анткени, анын ушундай ардактуу даража-наамга эгедер болууга коомдук-саясий укугу, пассионардуулугу, чыгармачыл таланты, эрудициясы бар болгон. А, экинчи, үчүнчү, онунчу варианттарды кимдер жараткан эле? Албетте, алардын баары ошол кырк уруу кыргыздан калган он эки уруунун Манасты көрүп, чоң казатка (башка казаттарга да) катышкан эрен чыгармачыл таланттары болушу толук мүмкүн.

Эпос боюнча Ырамандын Ырчы уулу - казак. Бул дагы бир ирет казактын Кыргыз федеративдик мамлекетиндеги ишенимдүү бир уруу болгондугун ырастамакчы. Манастын ордосунда, кырк чоросунда кырк уруу кыргыздын ар биринен бирден өкүл болгон деп ойлоого негиз бар. Маселен, Алманбет кара кытай, Кыргыл каракалпак, элчи-жарчы Ажыбай аргын, Сыргак менен Серек кара кесек, Чубак нойгут, Акбай кыргыз, Шакум-Мажик манжулук калмак, Күлдүр маңгул ж.б. (Балким, кырк чоронун бири болуп жүргөн манжурдук калмак Шакум-Мажиктин фратриясы, Күлдүрдүн маңгул фратриясы бир кезде кырк уруу кыргыздын бири болгон беле деген суроо да туулушу мүмкүн. Же кара кытай (кыдан) Алманбет туулганда ага Кыргыз деген думана ат койгондугу, алгач казак Көкчөгө эл болуп келгендиги, кийин Манаска келип кошулгандыгы да бекеринен болбосо керек). Демек, Манас о дүйнөгө сапар тарткандан кийин ошол Ырчы уулдан кийин эле кыргыз журту менен Манастын тарыхын алгачкы ирет айткан (казатчы-фронтовик) манасчылар кыргыз, кыпчак, казак, ногой, найман, нойгут, каракалпак, жетиген, үйшүн, катаган, аргын, маңгул, окчо, кара кесек, тонгра ж.б. уруулардын өкүлдөрүнөн болгон деп айтууга толук негиз бар. Мына ушул этностор "Манасты" Батышка сапар тарткан дагы бир улуу көчкө жана монгол-татар чапкынына чейин кыргыздын атынан айтып келген болуу керек.

## "Манас" эпосу – кырк уруу кыргыздын эпосу

Чынгызхандын баскынынан кийин дүйнөнүн саясий картасы кескин өзгөрүп, кыргыз мамлекетинин ыдыроосу дагы күчөгөндөй. Кыргызды унуткан, Евразия континентинин түрдүү аймактарына чачыраган мурунку кыргыз уруулары (казак, кыпчак, ногой, каракалпак, найман, түрк, түркмөн, башкыр (кызай, аргын, борзя) ж.б.) эми өзүнчө эл-мамлекет

болуп, уруулук тенденция үстөмдүк кылып кыргыздын “Манасын” элдик эс-тутумдан чыгарышкан кыязы. (“Элүү жылда эл жаңы, жүз жылда жер жаңы”). Ошондуктан да башка боордош элдердеги кийинки “Эр Төштүк”, Алпамыш”, “Көр уулу” өңдүү орток дастандарга окшоп “Манас” эпосу кыргыздан башка эч бир элде айтылбай, кырк уруу кыргыз журтунун уюткусун сактап келген кыргыз урууларында гана айтылып бизге жеткен болууда. Алар бүгүнкү күндө Манастын Кыргыз мамлекетинин кызыл туусун көтөргөн Кыргыз Республикасы деп расмий ат алган эгемендүү мамлекетти түзгөн бир бүтүн кыргыз улуту болуп саналат.

**Манас. I китеп. Сагымбай Орозбак уулунун варианты боюнча. Фрунзе: “Кыргызстан”, 1984. - 295 б.**

**-----------------------------------------------------------------------------------------------------**

# МАНАС

Мурункулардан калган сөз: Каракан, Угуз хандан кийин Аланча хан уругунан Байгур, Уйгур дегендер (болгон) экен. Байгур балдары Бабыр хандан Түбөй, Түбөйдөн Көгөй, андан Ногой, Шыгай, Чыйыр деген үч уул болгон. Ногойдон Орозду, Үсөн, Бай, Жакып деген уул калган [1]*(Эскертүү: илимий булактар, маалыматтар эмгектин “Илимий булактар. Илимий-популярдуу түшүндүрмөлөр” деген бөлүмүндө берилген).*Кытай мамлекети буларды бөлүп кетет... Байбичесинин Шакан аты калып, баштагы эринин аты менен Чыйырды деп атанып калат. 33-б.

Мойнуна куржун салынып,
**Мазарды** көрсө Жакып бай
Баркырап ыйлап жалынып:
Бербесе **теңир** чарам жок...34-б.
Журтта мендей чунак жок...
Калкта мендей чунак жок...35-б.
Айдаган жылкым сан болду,
Айлымдын үстү чаң болду...
Ээлеп минер бала жок.
**Эгем** кылса чара жок...36-б.

Бай Жакып бала деп, бир эле учурда мазарга ата-бабаларынын арбагына жана ‘эге’ [2], ‘теңирге’ [49] сыйынган болууда. Буга караганда Алтайда жүргөн Бай Жакып эзелтен калган байыркы рухий дүйнөсүнө “мойнуна куржун салынып, баркырап ыйлап жалынат” экен. Демек, анда мусулмандыктын таасирдүү белгилери байкала элек кез болгон да, ‘эге’ жана ‘теңир’ деген диний-рухий ишенимдер күчүндө болуптур. Азырынча Бай Жакыптын лексиконунда ‘журт’, ‘калк’ деген лексемалар кездешет да ‘эл’ деген сөз байкалбайт. Бай Жакып ‘айылым’ деп айтат. Бул, албетте, анын эл жашаган, жылкысы, мал-салы турган жери – айылы экендиги дайын. Эми ушул ‘айыл’ [3] деген сөздү кыргызда гана эмес, бир катар байыркы грек, латын, болгар, америкалык индейлердин тилинен да кезиктирүүгө мүмкүн болду.

(Эскертүү: Биздин оюбузча Жакыптын интронизациядан кийинки аты (эпоними) ‘Бай Жакып’ болгон. Ошондуктан биз мындан кийин анын атын Жакып дебестен ‘Бай Жакып’ деп толук атоону туура көрдүк. Бай мында бай-кедей деген сын атоочтук эмес, Бай (бай, байат) – кудай-эпоним маанисинде келет).

## Жакып, Чыйырды, Бакдөөлөт үчөөнүн түш көргөнү

**Барбардигер бар кудай**
Ыйлаба деди силерди,
Мени буйруп жиберди. 41-б.

Бай Жакып түш көрүп, “Ак селдеси башында, // Ак сакалдуу бир адам” ошентип кеп кылат. Мында “барбардигер кудай” деп айтылат, бирок ‘бар’ дегени эмнеси? Балким, Библиядагы, же Акмат Ясавинин ыр саптарындагы ‘бар’[4] деген сөз менен жакындашып жүрбөсүн?

Бердике туруп бек айтты,
Бербей койду бала деп,
**Бербердигер алдага**
Өчөшөбү деп айтты. 42-б.

Бердике “бербердигер алда” дейт. “Барбардигер”, “бербердигер” бир эле ишенимдин эки башка айтылышы. Мусулманчылыкта “парвардигар” деп айтылат. Бул сөз араб тилинен кирген ченде да ошол ‘бар’ деген сөздү арабдар да колдонгон болот.

Ошо күнү чакырды
**Он эки уруу кыргызды...**
Кабар берди казакка,
Барып кел деди маңгулга,
Кабар берди калмакка...
Кыргыздын байы Бактыгул,
Жакын тууган мына бул,
Казактан Үйшүн карыя,
Алчын менен Абагы,
Ата уулудан калганы.

Кыргыздардын Байжигит,
Кыпчактардан Таз чечен,
Нойгуттардан Акбалта,
Ногойлордон эр Эштек,
Түрктүн уулу Дамбылда.
Баарын жыйып бай Жакып
Өз үйүнө киргизди. 62-б.

Демек, эпос боюнча Алтайда он эки уруу кыргыз (кыпчак, казак, түрк, нойгут, ногой, алчын, абагы, үйшүн ж.б.) жашап келген. Ушул он эки уруу кыргыз Анжыян-Алтай, Тян-Шанң жеринен кытайдан куугунтук жеп, Алтайды жердеп калган экен. Айтмакчы, Чыйырды толготкондо "он эки катын белин бек тартып" (76-б.), жанында болушат. Бул он эки аялзаты ошол он эки уруу кыргыздын бектеринин аялдары болгондой. Ооба, кийинки Каныкейдеги кырк кыз да кырк уруу кыргыздын каадалуу-сыйлуу кыздарынан болсо керек эле. Анда кырк уруу кыргыздын Алтайда байкалбаган калган жыйырма сегизи кайда эле? (Бул маселеге кийинчерээк кайрылабыз). Мына ушул кырк урууну таап, чогултуп, бир элге бириктирүү миссиясы азырынча туула элек Манаска жүктөлгөн өңдөнөт. Белгилеп кетчү нерсе мында эр Эштек ногойдон деп келсе, дагы башка бир жеринде татар деп айтылат. Ногой менен татар бир, же жакын тууган этностор беле? Караңыз, ушул он эки уруу кыргыздын ичинде казак [5], кыпчак, татар, ногой, каракалпак, үйшүн (усун), алчын, абагы (жабагы титулун эстеңиз), түрк, нойгут уруулары жүрөт. Бул этностордун бектерининжубайлары да айтылат. Маселен, каракалпак "Бердикенинин катыны беленденип калыптыр", түрк "Дамбылданын катыны даярданып калыптыр" (74-б.) [6]. Мындай маалыматтар аталган уруулар бир кезде (кийинки Бай Жакыптын, Манастын доорунда да) кырк уруу кыргыздын курамында болуп келгендигин айгинелемек. Балким, Манастын о дүйнөгө кетиши менен кырк уруу кыргыздын ыдыроо тенденциясы ("жети кандын чатагын" эстеңиз) күч алып, кийинчерээк казак, кыпчак, каракалпак, ногой, түрк ж.б. урууларөзүнчө түтүн булатып калган беле? Чынында эле бүгүнкү кыргыз элинин курамындагы уруулук этнонимдер жыйырмадан араң ашат[63]. Калгандары азыркы коңшулаш түрк тилдүүөз алдынча эгемендүү мамлекеттерэкендигине ишеним артууга болот. Бул, биринчиден. Экинчиден, XX к. чейинки евразиялык,

борборазиялык тарыхта, тарых, география карталарында 'Кыргыз'аттуу геосаясий мейкиндик жашап келген.

Ошону менен бирге эпосто “Барып кел деди маңгулга,//Кабар берди калмакка” деп Бай Жакыптын айтканы бар. Кайсы маңгулга, кайсы калмакка жана эмне үчүн деген суроо туулат. Балким, бул эки этнос бир кезде кырк уруу кыргыздын курамындагы уруулар болгон беле? Балким, бул эки уруу Манаска чейин эбак эле өз алдынча эгемен эл-мамлекет болуп, кайсыдыр бир уруу-уруктары гана кыргыздын ичинде (Күлдүр, Айнакул, Шакум-Мажик) жашап келген беле?

**Арбак** конуп башына
Аны **алда таала** сүйгөнү. 65-б.
Эркек уул, эр болуп,
Не кыйындын баарысы
Эсеп берип, эл болуп
Карайт экен көзүнө...66-б.

Бул кыргыз Байжигиттин Бай Жакыптын түшүн жоруп айткан сөзүнөн. Мында эми “алда таала” [7] деген сөз колдонулат. Ошентип, эпостогу каармандардын сөздүк кору түрдүү аталыштагы “жараткан” тууралуу сөздөр менен толуктала баштайт. Улала (скифтердин, б.з.ч. VIII к.), аллилуйа (Ветхий жана Новый Заветтен, б.з.ч. IX к., б.з. I к.), алда (кыргыздын, тарыхка чейинки доордон)), алла (арабдардын, VII к.) – баары бир эле ‘жараткан’ деген маанини туюнткан. Байжигит кыргыз алда деген сөздү биринчи кайдан уккан эле? Арабдардын алла деген сөзүнөнбү, же скифтерден улала деген согуштук ураанын уккан бекен? Биздин оюбузча алда деген сөздү Байжигит Алтайда эл арасынан эле угуп келген, исламдык арабдардан эмес. Анткени, Алтайдагы кыргыз урууларына ислам жетпей калган. Ушундай алда деген байыркы рухий ишеним сөз кырк уруу кыргызда илгертен эле болгон сыягы. Анткени алда деген сөз, анын улала, аллилуйа, алла деген фонетикалык түрлөрү да ошол ‘эл’ деген сөздөн калыптанган. Бул ‘эл’ эпоними [8] ‘жараткан’ маанисинен тышкары мамлекет, өкмөт, согуштук-саясий элита маанисинде да колдонулган.

Эркек деген сөздө да ‘эр’ эпоними [9] турат**.** Эр – бул эр жигитти, баатырды, алп эренди туюнткан эпоним сөз болуп саналат. Эркек аттуунун баары эркек болгону менен баары эр боло берген эмес. Эр эпоними Бакай, Кошой, Манас, Алманбет, Төштүк, Көкчө,

Жамгырчы, Эштек, Үрбү, Музбурчак, Чубак, Сыргак, Серек өңдүү берендерге гана ыйгарылган. Ооба, эр деп жөн гана аталып калган эмес, курултайда, элдик жыйында, же аксакалдар кеңешинде ыйгарылган. Эр наамын алган инсан мамлекеттин согуштук элитасына катталган жана бул жөнүндө эл-журт кабардар болгон. Ушундай салт кийин европалык рыцардык (riter, эр) наамды берүүдө да колдонулган. Анан эпостун "не кыйындын баарысы, эсеп берип, эл болуп" деген ыр саптарында кыйындар (б.а. эрлер, берендер ж.б.) ошол болчок балага эл ( б.а. мамлекет, гвардия, кырк чоро) болуп берет деген ой жаткандай. Ооба,эл дегенде караламан калк, будун эмес, ошону башкарган, жол көрсөткөн саясий бийлик элитасы тууралуу кеп жүргөндөй.

## Манастын туулганы

**Жараткан Жапар кудайым,**
Мени кандай жалмачу бала берди эле?! 74-б.

Бул Чыйырдынын сөзүнөн. Ооба, Бай Жакыптын толгоодогу байбичеси "жараткан Жапар кудайым" деп кудайына зарланат. (Эскертүү: эпосто кийин казактан куулуп, каңгып бараткнда Алманбет да "Жапар жаратканга" сыйынганы айтылат). Биздин пикирибизде Жапар – бул Батыш Түрк каганы Йыпар (Ышпара, Ышбара), ашпар этноними, Ошпур эпоними менен бирдей эпоним болуп саналат. Айырмасы тыбыштык түрдүүлүгүндө. Демек, Бай Жакыпка чейинки ата-бабалар ушул Жапар [10] кудайгада сыйынып келишкен болууда. Бул өтө маанилүү аргумент экендигине талаш жок. Манаска таалим-тарбия берип өстүргөн Ошпур аталган Жапар рухий дүйнөнүн атын алып жүргөндүгү бекеринен болбогондур. Мындан чыкты кайсы бир деңгээлде кырк уруу кыргыздын сыйынган байыркы рухий дүйнөсү (Бай (бай, байат), Бай Жакып, Жапар, Ошпур, Акбалта) өздөрү менен чогуу жүргөн болууда. Караңыз, кыргыздын эзелки ишенимдери Жапар (Ошпур), Ак (Бай Жакыптын сөзүнөн), Бар (барбардигер) (Байдын сөзүнөн), эге (Бай Жакыптын сөзүнөн) болгон экен. Кийинки бөлүмдөрүндө "илая" (эл) кошулат. Акбалтадагы, Бакайдагы, Акбайдагы Ак кудай маанисинде келгендей.

## Манастын туулганына той кылганы

Арбын малым Алтайда,
Канча малым Кан тоодо,
Жылкымдын чети Шыйкууда...
Конушум Кара-Шаарда...
Карагайлуу Камбылда,
Кар баспаган Жамбылда...
Азыркы турган **аз** кыргыз
Алы келип күтө албас,
Анжыян менен Ташкенге
Аларга кабар салайын.
Ага-инимдин баарысын
Бир чогултуп алайын.
Кашкар деген кыштакты,
Кабак-Арт менен Сары-Колдо
Кабырга тууган кыпчак бар
Кашыма жыйып алайын.
Алчын, үйшүн, найманды,
Абак, тарак, аргынды,
Айтайын тойго баруунy
Уругу тыргоот калмагы...
Маңгулдун жыйып баарысын,
Кытайдын жыйып кыйласын,
Сарттын алып санатын...
Кара малды чачайын. 92-б.
Коңшу болуп маңгулга
Кор болуп ногой уругу.
Орозду калды Ополдо,
Бай калды башкы Сугумда.
Көзкамандын балдары
Көйкапка жакын барганы,
Көрө албай бизди калганы. 93-б.

Бул Бай Жакыптын Манастын туулганына той кылып, ушунча элди чакырып жатканы. Мында казак деп аталбаса да алчын, аргын казак уруулары эске алынат. Ошону менен бирге дос-туугандык жайы дурус байкалбаган маңгул, калмак, кытай, сарт этностору чакырылат.

Балким, анда бейкут заман болгон да, Бай Жакып дос-касына карабай үнү жеткен жерге чакырык жиберген көрүнөт? Же, ошол элдердин ичиндеги кыргыз уруулары чакырылган беле? Же, балким, алтайлык кас калмак-манжулардан өзгөчөлөнгөн, душмандык ой-ниети жок манжурдук маңгул, калмак (кийинки Айнакул, Манжы-Мажик, Күлдүрдү эстеңиз) уруулары эске алынып жатты беле? Ооба, Бай Жакыптын жайыты бир топ эле болуп, азыркы Алтайдын, Казакстандын, Кытайдын чектери менен белгиленген экен. Бай Жакып "Анжыян менен Ташкенге, аларга кабар салайын" деп, Алтайга качпай калган уруулаштары жөнүндө кеп кылууда. Буга караганда Алоокенин кол алдында калган кыргыз урууларынын бир катары алтайлык туугандары менен кат-кабар алышып эле турушкан экен. Анан булардын алтайлык уруулаштары менен катташып туруусуна кытай (кара кытай, кыдан) тарап көп деле тоскоолдук кыла албаган көрүнөт. Бай Жакып өзүнүн бир тууган агалары Орозду, Үсөн жана Байдын кай жерде жүргөнүн негизинен билген экен.

Чакырууга чыгарды
Таамай отуз кишини,
Чакыргын деди ошону:
Кызыл чок кытай четинен,
Асты киши калбасын
Алтай тоонун бетинен.
Жетип келсин жергенттик,
Тойго келсин тотулук,
Калбай келсин кашкарлык,
Кошо келсин котондук.
Марал башы Долонду,
Басып өткүн олорду,
Самарканды, Жызакты,
Санатын айтып узатты,
Оро-Төбө, Кожентти,
Олуя-Ата, Ташкенди,
Орчун Кокон, Маргалаң,
Иле менен Чүйүнө,
Кабарымды уккандар
Калбасын деди үйүнө.
Туурасы Эртиш суу болсун,
Аягы Орол тоо болсун,

Кара-Кум калмак калбасын,..
Бир чети Тибет чөл болсун,
Күн чыгыш жагы кытайдын
Камбылдын Кунар бел болсун...
Той берем быйыл жайында
Кай жерде деп сураса
Үч-Арал деп дайында.
Төрт жарым айдан калбасын,
Төгүн деп жатып албасын.
Беш айдан кийин калбасын,
Бекер деп жатып албасын... 94-б.
Ногойдон калган кызыл туу
Оболотуп аштады,
Оюнду жаңы баштады. 97-б.

Бул Бай Жакыптын тойго чакырылган эл-жердин географиялык чеги. Караңыз, Алтайга Кытайдын Жергент (Яркент), котон (Хотан), кашкарлык (Кашкар), "күн чыгыш жагы кытайдын Камбылдын Кунар бел болсун" дейт. Түштүктөн Иле (Или), Чүй, Ташкент, Кокон, Кожент, Олуя-Ата, Тибет, түштүк-чыгыштан Эртиш (Иртыш), түштүк-батыштан Самарканд, Жизак, батыштан Кара-Кум чөлү, Орол (Урал) тоосу айтылат. Мына ушул региондорго отуз чабарман жолго чыгат. Демек, кырк уруу кыргыз кайсы бир деңгээлде ушул аталган аймактар менен согуштук-саясий, соода-сатык, каада-салттык алакада болуп турган. Дагы бир белгилей кетчү нерсе, Бай Жакып атасы Ногойдон калган кызыл тууну аштатып көтөрткөн экен. Бул, албетте, Алтайга куулгандан берки биринчи саясий кадам болуусу мүмкүн. Демек, эпосто Манастын туулушу менен кыргыздын өз алдынча түтүн булатууга мүмкүндүгү болуп калды деген идея жаткан.

## Манаска ат коюу

Казак, кыргыз, катаган
Баарыбыз бир атадан,
Куткардыбы **кудайым**
Кытай, калмак чатадан. 103-б.

**Ак күлөлүү дубана,**
Асасы колдо шалдырап,
Кайдан келди жан билбейт,
Пайда болду дубана...104-б.
Аты болсун **Манас** деп,
**Алда таала** сактасын
Ар балаадан калас деп.
Бата кылды баарысы,
Жашы менен карысы...105-б.
Карап турган дубана
Кайып болду көзүнөн. 106-б.

Эпостогу идея боюнча казак, кыргыз, катаган баары бир атадан болууда. Кайсы атадан? Кырк уруу кыргыз атадан го. Бул дагы бир ирет кыргыз менен казактын илгери экенде бир атадан кеткендигин ырастамак. Ооба, кандай болгон ченде да Каракан, Огуз кандан илгерки. Бул болжол менен б.з.ч. Скиф (Сак) доору. Балким, тарыхка чейинки доордон бир топ илгерки мезгил беле? Бул мезгилди б.з.ч. II-V миң жылдыктар менен локализациялоого болмок. Балким, бул жана буга чейинки доорлордо кырк уруу кыргызда Манас (МанАз) рухий дүйнөсүөкүм сүрүп, жогоруда аталган элдер бир кыргыз журтун түзүп келген болуу керек. Ооба, Манастын түпкү атасы Караканга чейин. Андан кийин кыргыз федерациясындагы кыпчак, казак, ногой, каркалпак, төлөс, жетиген, тонгра, алчын уруулары ирилешип, автономдуу этникалык бирикмелерге айлана баштаган кыязы.

## Манастын балалык чагы, Жакып өзүнүн Ошпур деген койчусуна Манасты алып барып бергени

Сөз айтууга жатыксын,
Сөөгү бышып катыксын...
**Ошпур** деген койчу бар,
Оңдоп койсун ошолор. 109-б.

Ошентип, Манас сегизге чыкканда атасы Бай Жакып "Ошпур деген койчуга" кой баксын, мал баксын деп жөнөтпөстөн, "сөз айтууга жатыксын, сөөгү бышып катыксын" деп тапшырат. Демек, эпостогу идея боюнча Ошпурга барган бала татыктуу таалим-тарбия

алуусу керек болгон. Грек, римдик, перстик, германдык, скандинавдык, славяндык тарыхый-эпикалык чыгармаларда да корол, шах, каган, цесар, княздар өздөрүнө көз каранды, же этникалык жакындыгы бар кардинал, граф, барон, увазир, аталык, бояриндерге ушинтип баласын тарбияга берген учурлар бир топ кездешет. Бирок көчмөндүк шартта балага таалим-тарбияны бай койчу берүүдө. Бай Жакып бекеринен Ошпурду тандаган эмес болуу керек. Биздин оюбузча Ошпур – бул рухий дүйнө, эпоним [10]. Ошпур койчу ошол Ошпур деген эпонимди алып жүргөн кыргыз атуулу болууда. Мунун тарыхый-этнологиялык, лингвистикалык зор мааниси бар. Буга синонимдеш бир катар эпонимдерди көрүүгө болот. Маселен, Аспарух, ашпар, Ышбара, Сварог, Аспара, Жапар, Йыпар, спар ж.б. Түрк каганаттарынын кагандарынын титулдук аталыштарында Ышбара деген эпонимдин катышуусу Бай Жакыптын (Ошпур аркылуу) ушул каганаттык эпоним менен кайсы бир деңгээлде байланыштыгын ырастап тургандай.

Бир козумду көтөргөн
Бөрүнүн түрү көк деди...
**Бөрү** болгон биз деди,
Бөлөкчө жансыз сиз деди,
**Кызыр Иляс** деген бар,
Сизди кырк күндөн бери издеди.
**Кырк чилтен** деген биз деди,
Козуңа салган тиш деди. 114-б.
Кутман болор сага деп,
Дартыңа даба болор деп,
Куту бий болуп атанат,
Кудаанын атын жат алат.
Отуз тогуз жолдошуң
Алардын аты колдо деп...
Кайып болду көзүнөн. 115-б.

Козунун артынан келген бала Манас бир үңкүрдөгү кырк адамга келип жолугат. Бөрүнүн түрү көк болгондугу да бекеринен эмес, бул тарыхый көк түрк менен кыргыздын бир экендигин, же этникалык жакындыгын ырастамак. Ошол кырк адам өздөрүнүн кырк чилтен (кырк бөрү) экендигин айтышат. 'Чилтен' деген сөз да эпонимдерден туруусу мүмкүн. Кырк чилтен Манасты “бөлөкчө жансыз сиз” дейт.

Ооба, сен эмес, сиз дешет, анткени Манастын кыргыздын эзелки рухий дүйнөсүнүн аталышын алып жүргөнүн билишкен. Кызыр Иляс кырк күндөн бери издеп жүргөнүн айтышат. Башка түрк тилдүү элдердей эле ‘бөрү’ эпоним-тотеми [11] кыргыз менен да этникалык жакындыкта болгондой.

Ошентип, ушул чакан эпизод бала Манастын, кыргыздын кимдигин жана алар менен жогоруда аталган сакралдык ишенимдердин байланыштыгын айгинелемек. Сагымбай манасчы өзүнөн мурунку манасчылардан ушинтип уккан, ушинтип кабыл алган жана мунун башаты биринчи манасчыларга барып такалуусу толук мүмкүн. Ооба, ошол биринчи манасчы кыргыздын тек-жаатын, рухий дүйнөсүн мыкты билгендигинен күмөн кылууга болбос. Кырк чилтен Ошпурдун колундагы дагы бир Кадообай деген кыргыздын уулу Чегени, эми “Кутубий болуп атанат” деп ага да быйыркы эпонимдик ат коет. Чилтендер дагы “отуз тогуз жолдошуң” болот, “алардын аты колдо” деп Кутубий менен кошо болочоктогу кырк чоросунан кабар берет. Демек, эпостогу идея боюнча кырк чоронун аттары (туурасы, эпонимдери) алдын ала дайын экен. Мына ушулардын баарын кырк чилтен (кырк бөрү) билген болууда. Бул, албетте, бөрү эпоним-тотеминин өтө байыркылыгын, анын кыргыз менен этникалык биримдигин ырастамак. Маселен, кыргыздын дагы бир аты бурут [23] болгон. Тарых баракттарында бурут деген лексема көп кезигет. Бул сөздө бөрү этноними бар экендигин эскерте кетүү ылайыктуудай.

Оо, балам, уругуң кыргыз-түрк деп,
Өкүмөт кылган бабабыз
Кытайдын журтун сүрүп деп,
Айрылганбыз эл-журттан,
Ар кайсыбыз ар жерде
Аким болуп жүрүп деп.
Чоң атаң аты Ногой деп,
Каратып турду Кашкарды,
Кара-Шаарга жеткенче
Хан атаң Ногой башкарды. 135-б.

Манастын суроосуна атасы Бай Жакып ушинтип жооп берет. Демек, эпостогу ой боюнча кыргыз, түрк бир эл болгон. Ар кимиси ар жерде өкүмөт, аким болуп, кытайдын журтун сүрүп, алышып,

чабышып, жеңилип айрылган экен эл-журттан. Белгилеп кетчү нерсе Бай Жакып өкүмөт деген сөздү колдонот. Ошол өкүмөт деген саясий институт мамлекеттин, согуштук-саясий бийликтин ролун аткарып келген көрүнөт. Бай Жакыптын атасы Ногой кырк уруу кыргызды башкарган кан болгон экен. Ооба, ошол Ногой кандын о дүйнөгө кетишинен пайдаланып кара-кытай (кыдан) журту кыргыз журтун чаап алгандыгы маалым.

Лоп жакасын жердеген,
Ойротко намыс бербеген...
Эсенкандын жарлыгын,
Көрүп калдык ошондо...
**Бар кудай** жанды койгун деп,
**Жараткан** деп жалындык...
Кытайдан качып кыйла жан
Балам, Багдатты көздөй барганы...136-б.
Бай деген бир агаң бар,
Ополду жердеп калганы.
Орозду деген агаң бар,
Жайлайт деп угам Алайды...
Үсөн аттуу агаңды,
Үмүтүм андан үзүлдү,
Кытайдын кыям жагында,
Даңгирди жайлайт шекилдүү...
Үсөн атын жойду деп,
Аттары бузук алардын,
Көзкаман деп койду деп...136-б.

Ошентип, Бай Жакыптын айтуусунда кыргыз азыркы Лоб-Норду (“Лоп” жакасын”) да жердеп, “ойротко намыс бербей” жүргөн. Бирок “элүү жүз миң кол келип” чаап, “Эсенкандын жарлыгын көрүп” калышат. Кээ бири кайдагы араб жерине да качкан экен. “Багдатты көздөй барганына” караганда Багдаттагы халифке баш корголоп барышкан шекилдүү. (Бул эпостогу окуялардын ислам дини орноп калган мезгилде болуп өткөндүгүн ырастамак. Ошону менен бирге Алтайда жүргөндө мусулмандык эреже-жоболор байкалбайт). Бай Жакыптын айтымында Бай агасы Ополду, Орозду Алайды жердеп калган. "Үсөн атын жойду" дегенинде да маани бардай. Анткени Үсөн да эпонимдик аталыш болуп саналат. Ушул Үсөн менен

эпостогу ‘үйшүн’ этнониминин [12] этногенези бир болуусу мүмкүн. Бирок калмактардын зордук-зомбулугу менен байыркы тек-жааты жоюлуп, анын ордуна Үсөндөр Көзкаман атка ээ болушат. Бул кыргыз менен калмактын ошол тарыхка чейинки мезгилден да ыраак доордо этникалык жактан жакындыгын айгинелемекпи? Муну бул элдердин (кыргыз, калмак, мангул, манжур)алтай тилдик бүлөгө[13] кирүүсүнөн да байкоого болор беле? Бирок доордун өтүшү менен тарыхый-этникалык бөлүнүү тенденциясы күч алып, этникалык-тилдик ажырымдар калыптанып отуруп, этностук этнонимдер (маселен, кыргыз, казак, кыпчак, калмак, монгол, кытай (кара кытай), ойрот ж.б.) так ажыратылып калган болуусу ыктымал.

Хан Жакып айтып болгону,
Кайышып бала толгонду.
Кайда кетип калды экен,
**Бөрү болгон кырк киши,**
Кайда экен деп ойлонду.
Бекер эмес эле деп,
Бел-белди карап элеңдеп.
Жакыпка жооп айта албай,
Жаман жерден өлтүрүп,
Иш кылдым деп шайтандай
Талаага көзүн салганы,
Кызыл байрак көтөргөн
Кырк киши чыга калганы.
Кырк кишини көргөн соң
Кыйкырыгы баш жарып
Бала күлүп калганы,
Баласы күлүп турганга
Бай Жакып көзүн салганы. 137-б.

Ошентип, Бай Жакып Манастын санжырасын айтып бүткөн соң, бала Манас “кайышып толгонуп”, “бөрү болгон кырк киши” “бекер эмес эле” деп элеңдеп, “Жакыпка жооп айта албай” колунан буюму түшүп, саясий эрки мокой түшөт. Ооба, дал ушул жерин манасчылар да атайын баса белгилеп өтүшкөн экен. Бул да бекеринен эместир. Анткени атасынын айтканынан кийин акыбалдын өтө эле оор экенин түшүнүп калган тогуз жаштагы бала Манас эми кырк чилтендин моралдык-психологиялык кеп-кеңешине, согуштук-саясий

жардамына муктаж эле. Кызыл байрак көтөргөн кырк кишини көрүп, кыйкырыгы баш жарган баласын кыйды Бай Жакып көз кырын салып карап турганы да бекер эмес болчу. Эскерте кетчү нерсе Манастын ата-бабасынын көтөргөн байрагы да кызыл туу болгон. Демек, кыргыздын көтөргөн туусу кызыл туу болгондугу ырасталат.

Жакыпка жооп айтканча,
Жабырлашып **кырк чилтен**
Балага келип калганы...138-б.
Анда чилтен кеп айтат:
**Ак** буйругу биздики,
Аскердин баары сиздики.
Башыңа дөөлөт конор деп
Өлүп жаткан калмактын
Баласы жолдош болор деп.
Жолдош болгон баласы
Манжурдан келген эл үчүн
Манжыбек деп аталат... 139-б.
Аскердин турган кашында,
Азыр он беш жашында,
Атасы анын Бай деди,
Акылы болор жай деди,
Жарыгы тиер ай деди
Аны айтып чилтендер
Ачкын деди көзүңдү. 139-б.

Ошентип, кырк чилтен кайра келип, анын айтканы боюнча бала Манасты “көз жеткен жердин баарында көп-көк темир кийинген көп аскер курчап туруптур”. “Жоролошуп өзүңө жолдош болот баласы” деп, калмак баласы Манжыбек Манаска “кармаарына кол болуп, казатка чыкса жол болуп, көрөрүнө көз болуп, көкүрөгүнө эс болуп” калары алдын ала дайын болот. Манжыбек дегенде бул жерде кеп “каратоко Мажик” жөнүндө жүрүп жатат. А, Байчы? Мына ушулардын баарын кырк чилтен бала Манаска жеткирип көздөн кайым болот. Баланын аты Манжы, атасынын аты Бай болууда. “Ак буйругу биздики, аскердин баары сиздики” деген ыр саптарындагы “ак” деген сөз жараткан маанисинде келип жатат. Эстеңиз, ушул “ак” деген сөздү биринчи жолу Бай Жакыптан укканбыз (“Аны көрүп Бай Жакып // Ак! – деп карап токтоду”, 76-б.). Эми муну кырк чилтен

айтууда. Демек, 'ак' рухий дүйнөсүнүн кырк уруу кыргыз менен илгертеден байланыштыгы болуп келген. Эмне үчүн чилтендин (бөрүлөрдүн) саны кырк эле? Биздин оюбузча кырк чилтен кырк уруу кыргыздын ар бир уруусунун өкүлдөрү болушкан. Бирок бул жерде бөрүнүн кандай тиешеси бар деген суроо туулушу мүмкүн. Эстеңиз, кытай-калмаккыргызды бурут деп аташкан. (Муну кыргыз деген атты мазактап, паска уруп бурут деп атап алышкан деп түшүнбөө керек). Балким, бурут деген сөз кыргыздын эң алгачкы эпонимдик аталышы болгондур[23]. Ошондо да кырк уруу болуп, алар бөрү тотеми менен тыгыз байланышкандай. Эми ошол сакралдык кырк бөрү (чилтен, уруу) кырк уруу кыргыздын колдоочусу болуп келүүдө. Чилтен деген сөз да эпонимдик касиетке ээ болушу ыктымал. Ооба, бөрү тотеми homo sapiens мезгилдеги эң эзелки тотем болуусу мүмкүн эле. (Ошон үчүн да эзелки кырк бөрү (чилтен) тотеми эми кийинки урпактарын унутпай колдоочу болуп чыга келген кыязы). Диний-рухий түшүнүктөр, ишенимдер өзгөрүп, калыптанып, өнүгүп отургандыгы маалым. Ошентип, кырк уруунун мурунку аты (бурут) бөрү тотеми менен байланышып, бара-бара кырк уруу аз рухий дүйнөсүнүн аты (кыргыз) калыптанган болууда. Дагы бир белгилеп кетчү нерсе кырк чилтен “өлүп жаткан калмактын баласы жолдош болор деп, Манжурдан келген эл үчүн Манжыбекти” Манаска “атасы анын Бай, акылы болор жай, жарыгы тиер ай” деп табыштап кетет. (Балким, Көкөтөйдүн ашынан качып келгенде Жолойдун жары Канышайдын сөзүнө маани берүү керектир. Манас Жолойду “нак өлтүрөр кезекте” Кошойдун арачылап калгандыгын эстеңиз). Атасынын аты Бай деп, Жакыптын бир тууган агасы Бай (Бакайдын атасы) менен окшоштугуна көңүл буруу зарылдай.

**Көк теңири** урду деп,
Алды алдынан балдырап,..
Өткүр Манас баланын
Өкүмүнө көнүшүп... 142-б.

Манастан таяк жеген жети калмактын бири набыт болуп, калган алтоо ушинтип “жөөлөп басып, жөө болуп, үй-үйүнө кетишет”. Бирок көңүл бурчу бир нерсе калмактар “көк теңири урду” деп, өздөрүнүн жаратканы жөнүндө кеп кылып жатышкандай. Ооба, ошол кездеги будда (бут, буткана), лаайлама, лаанат диндериндеги кытай (кара кытай), кара калмактанөзгөчөлөнүп манжулук калмактар көктеңирге

сыйынган болушат. Эпосто калмак, манжулар көк теңирге сыйынгандыгы бир нече жолу кезигет. Маселен, Жолойдун Кошой менен күрөшкө түшкөнүндө көк теңирге сыйынган жерин эстеңиз. Бул, балким, алардын кийинки лаайлама, лаанатка, б.а. буткана, буддага чейинки алгачкы динин эске алып жатышкандыгы болсо керек. Белгилей кетчү дагы бир нерсе, эпос боюнча теңир деген сөз кыргызда бир гана Бай Жакып тарабынан айтылып (I китеп, 34-б.), көк теңир деген сөз дээрлик колдонулбайт. Бул 'көк теңир' ('көкө теңир') ишеними негизинен калмак (Жолой), кытай (Коңурбай) тарабынан айтылып келинет. Ооба, бул эки этнос буддага чейин көк теңирге [49] сыйынып келгендей.

**Жагалалап** буркурап,
Жалпы баары чуркурап,
**Байгурдун** кылган кордугу,
Башкача кылган зордугу,
Кыргыздын кылган кордугу,
Кыйын экен зордугу. 145-б.

Ошентип, калмактар Бай Жакыпты, кыргызды чаап алууга катуу камынып калышат. Калмактар бул жерде "жалпы баары чуркурап" "Байгурдун кылган кордугу" дешет. Демек, алтайлык калмактар Манастын алтынчы атасын (бабасын)[1] билишкен. Бул эртеги орто кылымдык этностор башка этникалык бирдиктер жөнүндө негизинен кабардар болуп келишкен деген тыянакка алып келмек.

Казак, кыргыз бир тууган,
Калмак камап жатканда
Кантип жатат үйүнө... 146-б.

Бул Бай Жакыптын сөзүнөн. Ал калмак чапканы калыптыр деген сөздү угуп казак, найман, кара түрк элдерине кабар бердирет. "Казак, кыргыз бир тууган" деген сөз ушуну менен бир нече жолу кайталанган болууда. (Көкчөнүн аялы Акеркеч да Алманбетке ошентип айткан). Демек, Бай Жакыптын ишениминде казак менен кыргыз бир тууган эл болгон. Кыргызга санаалаш болуп найман, коңурат, кара түрктөр айтылат. Ооба, мында көк түрк эмес, кара түрктөр деп айтылганына маани берүү зарылдай. Экөөнүн айырмасы барбы? Бар деген ойдобуз. Көк түрк деген сөздө көк (асман) менен

болгон байланыштык бардай. Ал эми кара деген сөз байыркы теңирчилик пантеонундагы Кайракан [1] эпоними менен байланышта болуусу мүмкүн. Тарых барактарында да көк түрк, кара түрк деп өзгөчөлөнүп айтылары маалым.

Коңурат уруусу боюнча. Бул орто кылымдык тарых барактарында көп кездешкен (хунгират) ири уруулардан болуп саналат. Же башатында коңурат, хоногур, хунгари этностору бир эле этникалык бирдик беле? Балким, бул этностор коңур, хоногур, хунгар деген аталыштарында бир эл болсо керек да, коңурат кийинчерээк дагы бир -*ат*эпоформанттык этникалык бөлүнүү, же кошулуу болгон кыязы.

Манжулук биздин эр өлдү,
Алтайлык сага не болду?..
Алтайдан келген калмактар
Өкүмдүгүн койбойсуң...
Ээсиз калган бу малдын
Эки миң алсаң тойбойбу,
Эптүү алсаң болбойбу?
Манжулуктар өлдүңбү,
Мобуларды көрдүңбү,
Бай Жакыптын жылкысын
Баарын айдап бердиңби?
Элинен азган бу бурут
Эртеңөчүн албайбы,
Эңсеңер катып калбайбы?! 156-б.
Дөгөн келди бакырып,
Жылкыны кайра жапырып.
Алтайлык келди акырып,
Домабил деген башчысы
Токтотпо деп бакырып. 157-б.

Бул манжулук калмак, айыл башы Атакулдун сөзүнөн. Ал манжулук калмак Кортуктун кунун алууга макул, бирок жардамга жетип келген алтайлык калмактын Бай Жакыптын малын түгөл айдап кетишине каршы. Ал бир чети эртеңки күнүн ойлосо (“элинен азган бу бурут, эртеңөчүн албайбы”), бир чети кыргыз менен алакалашып эле жашап келгендей. Эпосто калмактар манжулук калмак жана алтайлык калмак деп экиге бөлүнүшөт. Ушуну тактап, өз-өзүндөй

айтып жеткирген байыркы да, кийинки да манасчыларга баракелде! Ошентип, манжулук калмактар (Дөгөн) менен алтайлык калмактар (Домабил) "бири төрт жүз, бири үч жүз" болуп чабышып, Домабилге дагы кошун келип кошулуп (баары сегиз жүз болуп), кыргыз калып эле өзүлөрү кырылышып калышат. Манжулук калмактардын айласы куруп, кыргынга каларда Кортуктун уулу Шакум кыргыз Бай Жакыпка жардам бергиле деп жетип келет. Анын "Кыргыздан келген сен элең, // Кытайдан келген биз элек, // Кырганы жатат алтайлык, // Кыйлабыз өлүп тамтайдык" дегенине караганда бул манжулук калмактар берки алтайлык калмактарды "алтайлык" деп бөлүшкөн, а кыргыздарды Кыргыздан, өздөрүн Кытайдан келгендигин билишкен.Караңыз, калмак Шакум кыргыз Бай Жакыпка "Кыргыздан келген сен элең" деп тээ ыраакта калган Кыргыз журту (мамлекети), жери (территориясы) жөнүндө кеп кылууда.Ошентип, Бай Жакыптын чакырыгына казак, найман, коңурат, үйшүн, алчын, аргын уруулары келип калат.

Урушсак ушуну алабыз,
Ураанды ким деп салабыз?
Көпчүлүк сурап калганы.
Көргүн Манас баланы,
Көк найза колго алганы,
Астына камчы салганы.
Башка сөзгө карабай
**"Манастап" ураан салганы,**
**"Манас", "Манас", "Манас"** деп
Ошо жерде баатырың
Чабуул коюп калганы.
Баары бирдей бакырып,
Кылкандай найза жапырып,
Башка сөз келбей оозуна
"Манастап" ураан чакырып. 165-б.

Кыргызга санаалаш элдер чогулуп, кандай ураан чакырабыз деп калганда Манас озунуп биринчи болуп "Манас" деп ураан салып чабуулга аттанат. Калган эл да "башка сөз келбей оозуна "манастап" ураан чакырып" каптап кирет**.** Демек, бул элдер ар кимиси ар башка ураан чакырбай, жалпыбыз бир ураанды салалы деп кеңешкен. Бирок бүт баары "манастап" ураан чакырганды макул көрүшөт, анткени

“Манас” деген эзелки рухий дүйнө, эпоним жөнүндө билишкен. А, бала Манас өзүчү? Эмне үчүн өзүнүн атын айтып душманды качырып кирген эле? Ооба, Манас бала болсо да, Манас эпониминин [1] жөн-жайын жакшы билген. Ал өзүнүн атын эмес, байыркы кыргыз сыйынып, ыйык тутунуп келген башкы рухий дүйнөнүн атын айтып жаткандыгын да мыкты билген! Ошентип алтайлык калмак кырылып, Домабили мерт кетип, качканы качып жок болот. Манжулук калмак аман калып, “казак, кыргыз, калмагы жыргап жатып калганы, манжудан келген журт үчүн, атасы өлгөн баланы бий көтөрүп алганы”. Ошол манжулук Шакум эми “каратоко Мажик” аталып, эпостун кийинки окуяларында арбын катышары маалым.

## Манас Эсенкандын жиберген тыңчыларын жайлаганы

Жалпак жыгач чаптырып,
Чараларын оюшуп,
Бир жагына бир тогуз,
Бир жагына бир тогуз
Үй чыгарып коюшуп,
Ою менен олтуруп,
Ташын салып толтуруп,
Тогуз коргоол ойгону,
Ордо, тогуз коргоол деп
Жаш Манас кылып койгону.
Баштаптыр Манас ордону,
Ордо деген оюнду
Бизге мурас койгону.
Тогуздан коргоол салганы
Бу Манастан калганы. 172-б.

Ошентип, эпос боюнча кыргыздын ордо, тогуз коргоол оюндары [14] Манастан калган болууда. Бирок бул оюндар жөнүндө байыркы грек, римдик тарыхый эмгектерде айтылат. Маселен, Тацит ордо оюну жөнүндө (“Германия”) I к., б.а. “Манас” эпосуна чейин жети-сегиз кылым илгери жазган. Ошондуктан ордо, тогуз коргоол [14] мурунтадан эле болуп, көчмөндөрдөн Европа чөлкөмүнө гунн, герман уруулары аркылуу жеткен болуу керек. Анткени көчмөн эл гана

малдын ар бир мүчөсүн барктап аңдаган, ашык атканды, чүкө черткенди билген. Ошон үчүн да биринчи манасчы “алда билет бу сөздүн, чыны менен жалганын” деп тактап кетет. Ооба, ал көргөнүн көргөндөй, укканын уккандай, мишти миштей кылып айткан экен. Эпостогу “жарымы жалган, жарымы чын” деген сөздүн “жарымы чынын” биринчи манасчы өз көзү менен көргөн, өз кулагы менен уккан, ал эми “жарымы жалган” дегени болмуш, уламыш, миш (миф) болушу мүмкүн.

Баш карматкан канча жан,
Падышасы экен Эсенкан.
Калдайдан кабар угуптур,
Хан да болсо Эсенкан
Кайгыланып туруптур.
Аты Жакып, түрк деп,
Жери Шыйкуу, Суушаңда
Калаасы Кара-Шаар болуп,
Жердеген экен ошондо...
Мурунтадан бу Жакып
**Бурут окшойт куу Жакып,**
Жеркен, Котон куюшу,
Сонор-Көл экен турушу.
Алтай тооно келиптир. 173-б.
Алты жыл болду нак быйыл
Баркыраган ыйлаган
Баланын үнүн угуптур...
Атын Манас коюптур.
**Аркы уругу түрк дейт,**
Акылмандар баары айтат
Ааламга салат түлүк дейт.
Чоң Бээжинге ок атар
Чоңойгондо жүрүп дейт.
Ою тереӊ аярлар
Аларда бар мындай кеп:
Падышадан буйрук уксак деп,
Баштап аскер чыксак деп,
Акылмандар муну айтат
Бар тамырын кырксак деп. 173-б.

Ошентип, кытай өкүмдары Чоң Бээжиндеги Эсенкан кыргыздын, Бай Жакып менен Манастын жайын угуптур. Манас алтыга чыкканда эле кабар жетиптир. “Аты Жакып, түрк деп”, анын бурут (кыргыз) экенин да такташат. Оболу Бай Жакыптын түрк этникалык биримдигине киргенин, анан бурут деп тактаганына караганда кытай (кара кытай) башка элдердин этногенезин, тарыхын мыкты билишкен. Кытай “акылмандары, ою терең аярлары” бала Манастын ким экендигин аңдап туюшкан. Ошон үчүн алтыга эми толгон баланы “аркы уругу түрк дейт, акылмандар баары айтат, ааламга салат түлүк дейт, Чоң Бээжинге ок атар чоңойгондо жүрүп дейт” деп, азыр баланын “бар тамырын кырксак деп” чоң кооптонуу менен Эсенканга кеп курушат. Караңыз, бул кеп Манас эми араң алтыга чыкканда, ал жөнүндө эч кандай кеп-сөз жок кезде болууда. Демек, түрк-буруттан бир кезде ушундай бала чыгып, Чоң Бээжинге чейин бүлүк салары кытайга алдын-ала дайын болгон экен.

“Аркы уругу түрк дейт" деген сөздөн эмнени түшүнүүгө болмок? Балким, кыргызга чейинки уругу жөнүндө кеп болуп жаткандыр. Бул кээ бир санжыралык булактар менен да коошуп тургандай [47].

Менден аркы чоң атам
Дуушаңгөр пааша тушунда
Чантуунун көбүн таратып
Чачты деген ушунда.
Ошондо келген түрктүр,
Маңгулдун элин бакалап,
Алтайдын тоосун жакалап,
Анда алты зубун калмак бар,
Калмактын калкын аралап,
Араң жүргөн буруттар,
Алтымыш жылдан бер жакка
Бизге букара болуп туруптур. 174-б.

Эсенкан кыргыздын санжыра-тарыхын дурус эле билген болот. Анын чоң атасы Дуушаңгөр алтымыш жыл илгери Түркстандын (Тян-Шанң, Фергана өрөөнү, Жети-Суу) мусулман түрктөрүн ар кай жакка таратып, кууган экен. (Балким, бул 751-жылдагы Кытай менен араб-түрк аскерлеринин Таластагы (“чантуунун көбүн тараткан”) айтылуу кызыл-кыргын согушу [15] болуп жүрбөсүн? Ошондон бери

алтымыш жыл өтсө - бул учур IX к. биринчи чейреги беле? Ооба, кырк уруу кыргыз исламга толук өтө албай, эзелки динин (ак, бар, эге, илая (эл), алда таала) таштай албай турган (дуализм) кез окшойт. Муну Алтайга качкан жана качпай өз жеринде калган кырк уруу кыргыздын урууларынын диний-рухий ишенимдеринин бир топ айырмачылыктары да ырастап тургандай. Ошон үчүн да эпосто жараткан, бар, ак, эге, теңир, жапар деген байыркы рухий ишенимдери менен кошо эле алла (араб), алда таала (кыргыз), кудай (фарсы), кудай таала (фарсы-кыргыз) деген кийинки диний ишенимдер айтылат. Ошондо качкын түрктөр монгол, калмакка ирегелеш Алтайга келген. "Бизге букара болуп туруптур" дегенине караганда Алтай жерин Кытай мамлекети өздөрүнүн геостратегиялык кызыкчылыгынын алкагында карашкан болууда.

Ошону менен бирге Алтайдан алты айлык жол Чоң Бээжинде жаткан Эсенканга бул алтыга чыккан бала жөнүндө айткандары намысына тиет. Алтай, Каңгай, Тян-Шанң, Керме-Тоо, Кебез, Опол тоолорун, Кашкарды кыдырып кайра тартсын, "Манасы кыйын эр бекен, кол салуучу эл бекен" деп, казынадан кербен дайындап, тыңчыларын жөнөтөт. Бирок "Анжыян кире койбосун" деп, анда Алооке бар, ошондуктан аерге баруунун кажети жоктугун билдиргендей. Мына ушундай майда деталдар манасчылардын көңүлүнөн чыгып калбаганына таң дейсиң. Эпосто кытай офицер калдайлары Эсенканга алты жаштагы бала жөнүндөкеп курушуп, эми ошол тыңчылар Манаска он экиге чыгып, ордо атып жаткан жеринде кез болушат.

Дагы бир маселе. Эпостогу кытай этносун (Дуушаңгөр,Эсенкан, Алооке, Коңурбай, Нескара) кара кытай (кыдан) деп келебиз. А, азыркы Кытай мамлекетин түзгөн (хан, тан, чин, ханзу,
б.а. айтылуу Конфуцийдин эли, Улуу Кытай сепилин курган, Улуу жибек жолун салган) элдер кайда жүргөн эле деген суроо туулушу мүмкүн. "Сен мага тийбе, мен сага тийбейм" деп бейтарап позицияны ээлеп жатып алышкан беле? Албетте, жок. Биздин оюбузча бул элдер (азыркы Кытай) Манастын доорунда (жана ага чейин да) көчмөндүк, жарым көчмөндүк жашоо образын тутунган алтай тилдер тобуна (*кыдан (кидан, кара кытай), монгол, калмак, ойрот, жунгар, манжур (манчжур)*) кирген этностордун (*эпостогу Кытай журту, же тарыхый Хунгират ээликтиги*) көп кылымдык ээликтөөсүнүн, экспансиясынын курмандыгы болуп келишкендей. Ошону менен бирге Түндүк Кытайды түрк тилдүү этностор ("Кытай хакандыгы",

“хакандык Кытай”, “Кытай хаканы Афрасийаб” (Алп Эр Тоң); Табгач) ондогон кылымдар ээликтеп келгендиги маалым. Кийин чыңгызиддер династиясынын кожоюндугу ж.б. Ошентип, кара кытай (кыдан) хандык династиясы жергиликтүү отурукташкан калкты башкарып келгендей.

Беш айлык жолдо Бээжин бар,
Бээжин бизди не кылар?!
Алты айлык жолдо Бээжин бар,
Ант урган кытай не кылар?! 186-б.

Бул Эсенкандын тыңчыларынын кыйрап калганын уккан Акбалтанын Бай Жакыпка айткан кайрат сөзүнөн. Демек, Алтайдан Чоң Бээжинге чейин беш-алты айлык жол болгон. Ооба, Чоң Бээжин (же Түп Бээжин) азыркы Пекин экендигине күмөн жоктой. Кытайды, анын борбор калаасы Пекинди башкарууда манжурдук, кара-кытайлык (кыдандык) түздөн-түз катышуу болгондугу тарых барактарынан белгилүү. Ошондуктан эпостун “Чоң чабуулунда” (“Чоң казатында”) Чоң Бээжин ушул алты айлык Пекин болуп, кан жол ошол эле от, сууга мол Алтай, Манчжурия аркылуу жүрүп отурган көрүнөт. Анан да Эсенкандын акылмандары бала Манас “чоңойгондо жүрүп” “Чоң Бээжинге ок атар” деп, Эсенкан азыр отурган борбор калааны айтып жаткандыгына ишеним артууга болмок.

**Жакыптын агасы Байдын баяны**

Опол тоонун ар жагы,
Орчун Даң-Дуң бер жагы.
Ыраңдыны жайлаган,
Атасы Ороз баш болуп
Алтымыш бээ байлаган... 190-б.
Ороздунун иниси
Анын аты Бай болгон.
Байдан эки бала бар,
Байкап кебин караңар.
Улуусу аты Бакай дейт,
Нускалап угуп сөздү жейт,
Кичүүсү аты Тайлактыр,
Айылдын көөнүн жайлаптыр. 190-б.

Ошентип, Орозду ынтымагы жок уулдардын азабын көрүп жүрөт. Иниси Бай Жеркенди жайлап, “Көйкапка кеткен Үсөндү, көрөмбү деп күсөп”, “Жеркен какыр жер экен, Кашкарыңа карасак, суусу булак, жери таш, баары душман, эли кас” деп, уулу Бакайга кеңеш куруп, Жакыпты издеп, Алтайды көздөй сапар тартат. Демек, Жеркени (Жаркент, Яркент) да, Кашкары да, малга ылайыктуу жер болбоптур.

Атым Жакып дегенде,
Айтып кабар бергенде,
Бай бакырды **“бар!”** деди,
Өткөн экен дүнүйө, ай
Өмүрдүн баары кар деди. 202-б.

Ошентип, алтымыш тогуз жашы бар Бай көрбөгөн кордукту көрүп, Жакыпка келип жолугат. “Анда салам бизде жок, мөндү деп салам бергени” дегенине караганда алтайлык кыргыздын каада-салты бир топ эле калмакка ооп калган көрүнөт. Бай Жакып [1] ага Байгур [1], Бабыр хан [1], Түбөй [1], Көгөй [1], Ногойдун [1] жайын айтып, келгениме отуз жыл болду деп, өзүн Жакыпмын дейт. Ошондо Байдан жогорудагы сар-санаа, сезимге жык толгон сөз чыгат. Бирок Байдын “бар” [4] деген сөзү эмнени туюнтар эле? Библияда “бар” деген сөз бар, ал ай-аалам, космос, материалдык дүйнө, ааламдык аң-сезим маанисинде келет деп айтканбыз. Балким, Бай бул жерде ошол “барга” сыйынып жатты беле? Болбосо “бар” дегени эмнеси?

Караңыз, мында да Бай Жакып өзүнүн санжыра-тарыхын Байгурдан баштайт экен. А, андан мурунку Аланча кан [1], Огуз кан [1], Кара кан [1] жөнүндө кеп кылбаптыр. Эстеңиз, алтайлык калмактар да ошол Байгурду ("Байгурдункылган кордугу") билген болууда. Анда мурунку үч бабаларын кантебиз? Ооба, Огуз кандын доору өтө эле узак доор (б.з.ч. 700-400-жж.) экендиги маалым. Андан (Огуз кандан) көптөгөн урук, фратрий, уруулар бөлүнүп чыгып, Евразия континентине тарап кетишкендиги ырас. Ошондуктан Бай Жакып Байгурга чейинки санжырасын дурус эле билип, андан мурунку үч бабасы тууралуу бүдөмүк маалыматка ээ болуп келгендей. (Жетинчи ата Аланча кандын (эпостогу алчын, алач, алаш; тарыхый булактардагы алазон, ализон) [26] континенттеги геосаясий чабыты да бир топ экендиги маалым).

Калдайган талаа жер жатат,
Мунун калкын кайда сүрүпсүң?
Ээн экен жери, неткен деп,
Мунун эли кайда кеткен деп...
Мен келгени бу жерге
Так отуз жыл болду деп,
Ээн экен мурун жер. 205-б.
Будур-будур жерлери,
Буру-буруш белдери
Мында жок экен элдери...
Жерим эркин жай болдум,
**Илая шүгүр кудайга**
Жергемден озгон бай болдум. 206-б.

Байдын суроосуна Жакып ушинтип жооп берет. Демек, Жакып Алтайга келгенде эч ким, эч бир эл болбой, от, сууга мол, кенен бош жер болгон. Бул боюнча Алтайдын ушул аймагын жердеген биринчи эл кыргыз болууда. Кытайдан келген манжулук калмактар (маселен, Кортук, Дөгөн, Шакум-Мажик) да болуп, бирок алар Алтайдын башка бир аймагын жердеп жүрүшкөн көрүнөт. Ошону менен бирге Эсенкандын Алтайды өзүнүн геосаясий региону катары эсептегендигине караганда Алтай Чоң Бээжиндик кытайдын Чыгыштан Батышка, Батыштан Чыгышка жүрүшүндөгү ортолук жер да болгон сыягы.

Жакыптын “Илая шүгүр кудайга” дегенинде да бир маани жаткандай. Ошол 'илая' деген сөз 'эл'[8] (мында кудай маанисинде) эпоними болушу мүмкүн. Бул скифтик “улала”, исламдык “алла”, христиандык “аллилуйа”, славяндык Илңя деген түшүнүктөр менен синонимдеш келет. Азыр да кыргызда “илайим”, “ылайым” деген каалоо сөзү бар экендиги маалым. Демек, ушул “илая” деген глобалдык рухий ишеним кыргызда да болгон экен. Бирок бир кызык жери ушул “илая” деген рухий ишеним эпосто башка каармандардын сөзүнөн кезикпейт. Белгилеп кетчү нерсе Бай Жакып 'алла', же 'алда' дебестен, 'илая' деп эзелки аталышында айтат. Бул 'эл' деген эпоним-сөздүн исламга чейинки аталышы болмок. Демек, кыргызда мурунтадан эле эл, илая деген рухий түшүнүк болуп келиптир. Ооба, бул сөз кытай, калмак, мангул, манжу элдеринин айтылуу кан, бектеринин сыйынган ишеними катары жолукпайт. Ошентип,

Нескаранын келатканын Байдан угуп кыргыз, казак, каңгы, калча, манжулук калмак (Мажик) чогула баштайт.

### Нескара менен Манастын урушу

Жайсаңбай деген бай экен,
Так ошондо Жайсаңда
Он миң жылкы бар экен,
Оңбогондой мал экен.
Оодарып тийип алыптыр,
Ойбойду ээси салыптыр. 212-б.

Мында Нескара алты миң колу менен Манасты издеп келатып, ара жолдо маңгулдун журтуна тийип, анын Жайсаңбай деген байынын он миң жылкысын "айдап жолго салыптыр". "Ким экенин биле албай, маңгулдуктар жыйылып, беш жүз адам болуптур". Аралашып, такташып, Бай Жакыптын уулу Манасты издеп жүргөнү дайын болот. "Угуп алып Басаңкул, эр Нескара кытайга жайын айтып барыптыр". Мында Нескара кытай [16] деп аталат. Манасты таап бер, жылкыңды кайра алсың деген Басаңкулга Жайсаңбай каяша кебин айтып бастыра берет. Натыйжада Жайсаңбайдын айылы талоонго түшүп, Нескаранын колу сайрандап калат. Ошентип, кайрадан "Чала кытай Нескара, // Чабылды Жайсаң бечара" (216 б.). Бул жеринде Нескара эми "чала кытай" атанат. Демек, ал түбү этникалык таза кандуу кытай болбогон экен. Караңыз, Нескара үчүн баары бир болууда. Ал мангулдук Жайсаңды ойбайлатып жылкысын уруп кеткендигине караганда этникалык эмес, территориялык принцип басымдуураак боло баштаган кейпи. Бир кызык жери мурунку эпизоддо алтайлык калмак Домабил манжулук калмактардын жылкысын тийип кетсе, эми кытай (чала кытай) Нескара мангулдардын жылкысын "оодарып тийип алат". Ооба, кыргызы калып эле саясий санаалаш этностор талоонго учурап калат экен. "Алыс туугандан жакын коңшу артык". Балким, манжулук каратоко Мажиктин элинин алтайлык манжулардан көңүлү калып, кырк уруу кыргызга, Манаска жан тартып калганын ушул нукта түшүндүрүү туура болор.

Бай тулпарын алганы,
**Бар кудай** жардам берсин деп,
Батасын берип салганы.

Аны көрүп алты шаар
Айгайлап ыйлап калганы. 224-б.

Манас Нескаранын Шаңмусар деген эренин набыт кылып, "Шалтаң атын алганы, урушка бата бергин деп, Байга тартып салганы" (223-б.). Жакыптын агасы Бай Манастын тартуусун алып, "бар кудай жардам берсин" деп батасын берет. Бай ушуну менен экинчи жолу "бар кудай" деп жатат. Белгилеп кетчү нерсе эпосто "бар" деген сөздүБай Жакыптын түшүндөгү "ак селдеси башында, ак сакалдуу бир адам", Бай Жакып, анан ушул Бай (эки жолу) айтат. Муну кантип түшүндүрүүгө болор эле? Байдын өзүнүн аты да кудай маанисинде экендиги маалым. Балким, Бай "бар" деген сөздүн библиялык версиясына типтеш башка бир алнтернативдүү булактардан (маселен, эллиндик, римдик, византиялык, перстик, арабдык, кытайлык) маалымат алган беле? Эми мындай өзгөчө көрүнүштөрдү биринчи манасчы жок жерден ойлоп таппаган да, аны кийинки манасчылар (Сагымбай да) бекеринен өзүндөй кылып бизге жеткирбеген болуу керек.

Ошо кезде Нескара
Он тогузда жашы экен.
Түбү кытай маңгүбө
Түрк уулуна кас экен. 225-б.
Каканчынга качмакка
Энди ойлонуп калганы 226-б.

Ошентип, он тогуздагы Нескара менен он үчтөгү Манас беттешип, айласы куруган Нескара Чабдар атка камчы басып, бели толукката элек Аккулага жеткирбей качып кутулат. Каканчын деген сөздө Какан жана Чын (Чин династиясы) деген эпонимдер болушу мүмкүн. Какан дегенде кан [50] деген сөз тургандай.

Аяк жагы Үч-Арал,
Тарбагатай, Кыңгырдан,
Алтыбайдын Тармал-Саз,
Ая-Көздүн Керме-Саз,
Капталың Кара-Кум болсун.
Кабардашып жоо келсе
Жердээр жериң бу болсун.
Марал-Кечүү, Уркунда

Башы жатсын ошондо.
Арада болсун Аңырты,
Кара-Эмилди, Кажырты,
Как ошону жерденер.
Эсенкан эгер соо койбойт,
Эл деп бизди ойлобойт,
Көптүгүнө салганда
Көк найса салса бойлобойт. 229-б.

Бул Манастын сөзүнөн. Мындан бир катар географиялык маалыматтарды алууга болот. Үч-Арал, Тарбагатай, Кыңгыр, Кара-Кум. Демек, Манас айткан чектерде кыргыз жана ага санаалаш элдер жердеп келген.

Алтайлыктын азы бар,
Каңгайлыктан канча бар,
Маңгул журту көбү бар,
Баатыр Күлдүр лөгү бар,
Алчын, үйшүн бу да бар,
Аргын Каракожо бар,
Айдаркан баатыр кошо бар,
Ногойлордон Бай Жакып,
Нойгуттардан Акбалта,
Анын баары жыйылып:
Оркун дарыя жери бар,
Анын ары жагында
Уюган калмак эли бар.
Көк-Ноор көлү бар,
Губий-Шаму чөлү бар,
Теңир-Ноор көлү бар,
Текши-Арш деген чөлү бар,
Карагайлуу талаа бар,
Каңгуш аттуу калаа бар.
Атагы Бээжин жер деген,
Адам уулу жеңбеген
Ант урган кытай эл деген.
Байкаса кыйын Бакбурчун,
Кайнап жаткан каканчын,
Чылгый динсиз чынмачын,

Кесепет шаар Кантон бар,
Таңшут деген шаар бар,
Тамашанын баары бар.
Каспаң кара тоо деген,
Кайнаган жери шо деген,
Ар жагы Мухит көл деген,
Аты угулат бу жерге
Аны Алтайдын журту көрбөгөн.
Анын баары жоо болду,
Алакандай алтайлык
Алар асылса кайдан соо болду.
Өлүп калсак кырылып
Бир чукурга тололук,
Тирүү болсок жыйылып
Бир дөбөдө бололук. 233-б.

Ушуну айтып чогулган эл бата кылып тарап кетишет. Караңыз, эми Алтайдагы кыргыз, казак, ногой, кыпчак, үйшүн, аргун, нойгут, алчын, маңгул элдеринин бул өтө зор чөлкөмдөгү геосаясий абалы алакандай көрүнүп калды бейм.Мына ушул аталган элдер бир жакадан баш, бир жеңден кол чыгарууга “анты-шертин кылышат” экен. Антпөөгө арга жок калган. Анткени булардын ар бири аздыр-көптүр кытайдын (кыдандын),алтайлык калмактын канына забун болуп калгандыгы да ырас эле.

Эми ушундай геосаясий маалыматка эгедер болгон алтайлык Бай Жакып, Айдаркан, Акбалта, Ошпур, Манас баш болгон кырк уруу кыргызга, ушуну төкпөй-чачпай бизге жеткирген биринчи да, кийинки да манасчыларга баракелде! Ошол аталган жер-суу аттарынын көпчүлүгү азыр да бар болуп, мурунку да, бүгүнкү да тарыхый-географиялык карталардан көзгө чалдыгат. Маселен, Оркун дарыясы (Орхон дарыясы, Монголия), Көк-Ноор көлү (Кытай), Губий-Шаму чөлү (Монголия, Кытай), Теңир-Ноор көлү (Монголия), Текши-Арш чөлү, Каңгуш (Кытай), Бээжин (Кытай), Кантон (Кытай), Таңшут шаары (Кытай), Каспаң кара тоо, Мухит көл (Тынч океаны). “Аты угулат бу жерге, аны Алтайдын журту көрбөгөн” деп айтылат. Туура, эпос боюнча аталган алтайлыктар Ыраакы Чыгышка азырынча баса элек кез экен. Ооба, булар мындай маалыматтарды ошол чабам деп келген кытай, калмактынөздөрүнөн, анан бирин-серин кербен менен өткөн соодагерлерден угуп келген болуу керек. Канткен ченде

да ушундай тарыхый-географиялык билим болгондугу ырас. Анан да биздин оюбузча “алтайлыктын азы бар” деген ыр сабындагы аз деген сөз аз-көп маанисинде эмес, кыргыз деген этнонимди түзгөн глобалдуу 'аз'рухий ишенимин [17] түшүндүрүп жаткандай.

Жакып атын жашырып
Бердике деген мен деди,
Чын айтыңыз сен деди.
Ар жагы кыргыз элибиз,
Аралуу Алтай жерибиз,
**Атам түрк, айылым аз,**
Баласы Манас он төрттө,
Атасы Жакып мага кас. 236-б.

Эсенкандын он бир тыңчысы арадан алты жыл өткөрүп (“Аттанып бери чыкканы // Алты жыл өттү арадан”), Алтайдагы Бай Жакыпка бет келип калышат да, Жакып, Манас дегендер кайда, айтып бер деп омуроолошот. Ошондо Бай Жакып жогорку сөзүн айтып кутулат. Бирок эмне үчүн Бердике деди экен? Эпос боюнча Бердике каракалпак этносунун [18] өкүлү болгон. Кытай тыңчылары эпоним (этноним) аркылуу кимдин кайсы элге, урууга тиешелүү экендигин мыкты билишкен. Ошондуктан Бай Жакып да буйдалбастан Бердикемин, каракалпакмын дегендей түр көрсөтөт. Мындан чыкты кытайды кыргыздын курамындагы каракалпак уруусу да, атасынын түрк экендиги да кызыктырган эмес. Кытай тыңчыларына эзелки кандык-династиялык кыргыздын Манасы гана керек болгон экен. Атам түрк дегени да бекеринен эмес, санжыраларга туура келет. А, “айылым аз” дегенди биз жогоруда айткандай эле 'аз' этноними менен байланыштырууга болмок.

Кандын ханы асылды
Кас кылбастан коебу?!
Багым болсо кыйсамбы,
Малым болсо жыйсамбы,
Баламдын жайын кылсамбы,
Түркстан жакка жылсамбы. 239-б.

Бай Жакып Бакдөөлөт аялынан Абыке аттуу уулдуу болот. Бирок ойлогону Манасы. Түп Бээжиндин каканы Эсенкан өзү минтип адамдарын жөнөтүп Манасты издетип жатса, акыбал өтө эле оорлошуп кеткендигин аңдап туят. Бай Жакып “белиме таңган Манасты мерт таптырып коебу?!” деп ата-бабасы жердеген Түркстан көздөй кетсекпи деп, бир аз тыңсына түшкөн саясий эрки эми мокой түшөт.

Түтүнү туман, түбү Ыспан,
Кароолу дажаал, огу ажал... 243-б.

Эпосто биринчи жолу ушинтип Манастын Аккелтеси жөнүндө сөз болот. Бул туруктуу ыр саптары эпостун кийинки бөлүмдөрүндө дал ушундай курулушунда бир нече ирет жолугат. (Биз бул темага кийинчерээк кайрылабыз).

Ошо суунун аягы
Эми да аты өчкөн жок
“Кулжа” атанып калыптыр. 244-б.

Кеп бул жерде Кытайдагы Кулжа топоними жөнүндө жүрүүдө. Эпостун версиясы боюнча бул ат Манастан калган болууда. Бирок бул ат тоо-таштуу жердеген кулжадан улам эмес, эпонимдик касиетке ээ сөз болушу ыктымал. Тетирисинче, тоо теке кулжанын аты ошол Кулжа эпониминен улам кеткендир. Дагы бир белгилей кетчү нерсе кыргыз Отуз-Адырда жүргөндө Манас менен аң уулап жүргөн Бакай жердин коздугуна суктанып Кара-Кулжа деген атты берген экен. Балким, ушул Кулжа деген сөз кыргыздын байыркы эплнимдик сөзү болуусу да мүмкүн. (Маселен, кырк уруу кыргыздын бири букардык Музбурчактын уруусу калча болгон). Ооба, эпосто Бакай менен Манас жер-сууларга бир топ аттарды ыйгарышат. Алар калмак, кытай аттарын кыргыздын эзелки эпонимдик аталыштары менен кайрадан алмаштырып отурушкан кыязы.

## Манастын жолдоштору менен салбырынга барганы

Эр Көкчө айтып салганы,
А сөзүн угуп алганы,
Аскардын уулу **Жабагы**
Ачуусу келе калганы:
Алтай тоонун аягы
Сары-Арканы жайлаган,
Сан казакты айдаган,
Башкы атасы Барак хан,
Чоң атаң бар Камбаркан,
Өз атаң бар Айдаркан. 256-б.

Бул боюнча бала Көкчөнүн ата-теги санжырага алынат. Муну Аскардын уулу Жабагы айтат. Жабагы - бул айтылуу жабгу, ябгу [48] деген титулменен этимологиясы бир болушу мүмкүн. Сары-Арка илгертен казактын Барак хан, Камбаркан, Айдаркан аттуу кандарынын жери болгон экен. Ооба, Көкчөнүн ата-бабаларынын баарында кан титулу кошо айтылат. Буга караганда алар түгөл кан болуп келишкендей. Эми дагы бир маселе. Эпосто Бай Жакып менен такай жанаша жүргөн казак Айдаркан Алтайга кыргыз менен кошо Анжиян-Алайдан качып келген беле, же Сары-Аркасында жүрүп, ал да кытайдан запкы жеп Алтайга келип калган беле? Канткен ченде да бул эки башкы каармандын ой-максаты, үмүт-тилеги негизинен бирдей эле болот. Бул экөөнүн (кыргыз менен казактын) уулдары Манас менен Көкчөнүн бүгүнкүсү менен эртеңкиси да негизинен коошуп жүрүп отурат. Ушул эки этнос кырк уруу кыргыздын уюткусун түзгөн негизги ири фратрийлер бирикмесин түзүшкөн экен. Эпос боюнча кыпчак уруусу (Таз,Төштүк, Үрбү) да кыргыз федерациясынын таасирдүү бирдиги болуп саналган. Ооба, эпостогу окуялардын жүрүшү ушул үч ири этникалык бирикмелердин жакындан катышуусу менен өнүгүп отурат. Кырк уруу кыргыздын дагы башка эң активдүү уруулары болгон. Маселен, ногой, нойгут, аргын, катаган этникалык бирдиктери. Эскерте кетчү нерсе, Бай Жакып, нойгут Акбалта (Чубак), катаган Кошой, казак Айдаркан (Көкчө), ногой Эштек (Жамгырчы), аргын Ажыбай, кара кытай Алманбет, кыргыз Көкөтөй, Байжигит, Бакай, Манас, окчу-кара кесек Серек менен Сыргак, кыпчак Таз (Үрбү), кыргыз Акбай, каракалпак

Кыргыл эпосто кырк уруу кыргыздын атынан чыгышкан, сүйлөшкөн, чабышкан.

Хан көтөрүп салдыңар,
Качкан менен болбодуң,
Камалап кармап алдыңар...
Алтай тоодо Аңырты
Ашып аны алабыз,
Ар жагы Уркун дайра бар,
Марал-Кечүү барабыз,
Батыра чалгын чалабыз. 259-б.

Манас менен салбырынга чыккан сексен төрт бала Чегенин (Кутубий) сунушу боюнча Манасты өздөрүнө хан көтөрүп алышат. Белгилеп кетчү нерсе ушул сексен төрт бала (“себилдүүсү сексен төрт”) Манастын кийинки чыныгы мамлекетинин таянычы, эпкиндүү күчү, жеке гвардиясы болуп кызмат өтөйт. Кырк чоро да ушул гвардиянын ичинде болгондой. Эмне үчүн сексен төрт эле? Бул сандын эч кандай сакралдык мааниси жок болуп, бала Манастын топтогон эң биринчи “эли” ушунча болгондой. Ооба, тегеректелген сексен, же токсон да эмес, болгону сексен төрт экен. (Балким, кырк уруу кыргыздын ар биринен бирден бала (бул кырк чоро) алып, резервге ар бир уруудан дагы бирден кошуп, ушул санды (баштапкы сексен төрттү) такай кармап жүргөн көрүнөт. Бул гвардия эпостун аягына чейин толук кызмат өтөйт). Ушул көрүнүш да биринчи манасчынын акыйкат чындыкты баяндап жаткандыгын айгинелемек. Манас да “бала кандык” шертине бек болуп, өмүрүнүн акырына чейин ушул “биринчи мамлекетине” таянып келет. Ал эми кырк санычы? Биздин оюбузча бул сакралдык сан кырк уруу кыргыздын санынан улам келип чыккан. Ооба, кырк чоро (жигит), кырк чилтен (бөрү), кырк күн аза күтүү, кырк кыз,кыздын кырк чачы улуу, кырк күн, кырк түн, кыркын чыгаруу деген өңдүү түшүнүктөрдүн башатында *кырк уруу кыргыз* турган болуусу мүмкүн. Ошондуктан илгертен калган салттык кырк чоро Манастын бала кезден чогуу бирге өскөн сексен төрт аскеринин ичинде аракеттенип жүргөндөй. Балким, кырк чорого баш-көз болуп жүргөн Кыргылдын атында да кырк саны жана эл деген эпоним бар болгондур? Чындыгында эле кырк уруудан топтолгон кырк чоронун башчысы болгондугу үчүн да ушундай (Кыргыл - Кыркэл) эпоним-титул ыйгарылгандыр. Анын

мурунку Айнакул энчилүү аты муну ырастап турат өңдүү. Биздин оюбуздун чындыкка жакын экендигин Манастын айтылуучоролору Чубак, Серек, Сыргак, Ырамандын Ырчы уулунун азан чакырылып аталган аттары башка болгондугу да ырастамак. (Бул маселеге кийин кайрылабыз).

Ошентип, балдардын чалгын чалган жери Уркун (Орхон) дарыясы болууда. Эпос боюнча Манас чалгын же ууга гана чыкпастан “каракчы болсо кармаймын, ууру болсо тутамын, уудуң-шуудуң жан болсо, соо койбой башын жутамын” деп, эми өзүнүн “хандыгына” тиешелүү территориянын чегин коргоо, көзмөлдөө милдетин аркалай баштайт. Манастын расмий да, расмий эмес да биринчи мамлекетинин алгачкы белгилери байкала баштайт.

## Манастын хан шайланышы

Өкүм болбой өнүкпөйт,
Өзүнчө бу журт өнүкпөйт.
Башчысы болбой марыбайт,
Баш аламан жарыбайт,
Ханы болсо кар болбойт,
Жарактуу киши зар болбойт...282-б.
Калкка кабар салалык,
Кайраты бар бирөөндү
Хан көтөрүп алалык... 283-б.
Алтайлыктан аз барбыз,
Каңгайлыктан канча бар.
Манжуулуктун башы бар.
Тыргооттон бир миң түтүн бар,
Үч уруу казак болгондон
Чачкыны жок бүтүн бар,
Кырк уруу кыргыз бу да бар.
Алты шаар арасы,
Ары четин сураса
Барганалык жуда бар.
Кана чыгыңарчы ханыңар... 283-б.

Бул Бай Жакыптын сөзүнөн. Ошентип, Алтайды жердеген ушул аталган этникалык бирдиктерде хандык түзүү идеясы бышып

жетилген экен. Буга элдин саны, территориясы, аскердик күчү, материалдык абалы, чек аранын бекемдиги маселелери мамлекет түзүү талабына толук жооп берип калган. Бул жолу үч уруу казак, кырк уруу кыргыз деп бул эки элди түзгөн этностор толук айтылат. Кийинчерээк Ферганадан барган кыргыз, кыпчак, ногой ж.б. элдер да сапка туруп калган экен. Биздин оюбузча бул анжыян-алайлык кыргыздар кыргыз канын шайлоого атайын чакыртылган болуу керек. Бул ырас болгон ченде кырк уруу кыргыздын канын [50] шайлоо Борбор Азиялык регионду камтыган болот да, чабылып-чачылган кырк уруу кыргыз үчүн легитимдүүлүгүн сактамак.

Калмагың бар, маңгул бар,
Казагың бар, кыргыз бар,
Каңгай менен тыргоот бар,
Бел байлаган болсун деп,
Мени боштон койсун деп
Бала Манас айтат кеп. 285-б.

Ошентип, БайЖакыптын идеясын эл колдоп, хан шайлоого өтүшөт. “Биз Манасты хан шайлап алганбыз”деген Айнакулдун сөзүнө казак Камбаркан теригип, Көкчөнү “атыңды аядыңбы”деп жемелеп кирет. Демек, хандыкка талапкердик оюу, көрсөтүү кадыресе болгон экен. Бирок маселенин курчуп баратканын сезген өспүрүм Манас хандыктан баштартат. (Балким, бала Манастын айкөлдүк касиет-сапатынын башаты ушул жерден кетип жүрбөсүн?). Ооба, буга чейин Манас канчалык эр жүрөк, тайманбас, алп эрен болбосун ал болгону титулдук даражасы жок катардагы бир баатыр гана болгон. Аны боз балдар хан кылып шайлап алышканын эске албаганда ал көпчүлүктүн бири. Манас көчмөндүк согуштук демократиянын эреже-жоболоруна баш ийген.

Көпчүлүктөн сөз кайтат:
Казак, калмак алсын деп,
Качан такка мингени
Төрө атанып калсын деп.
Калктын баары күңгүрлөп,
Казак төрө болсун деп
Как жарылды дүңгүрлөп. 287-б.

Эпос боюнча казак, калмак кырк уруу кыргызда кандык кылган эмес экен. Башка этностор тууралуу кеп-сөз жок. Демек, кыргыз гана

кандык тактыга отуруп келген болууда. Ошону менен бирге казак патриархы Камбаркан өз небереси Көкчөнү кандыкка көтөрүүгө болгон далалаты казак уруусунун учурда согуштук-саясий жактан кандыкка даяр болуп калгандыгын ырастамак. Мунун чындыгын "Жети кандын чатагы", Манастан кийин казактын кыргыздан бөлүнүп чыгып кетиши да айгинелеп тургандай. (Айтмакчы, эпосто карыя Камбаркан дээрлик эскерилбейт, бирок кырк уруу кыргызга хан шайлоодо пайда болуп калганы, маселенин өтө олуттуу экендигин туюндурмак). Ооба, жаңы шайланган хан бүткүл кырк уруу кыргызга, анын ичинде казакка, кыпчакка, ногойго, каракалпакка, найманга, төлөскө, анжыян-алайлык кыргыз урууларына ("Барганалык жуда бар"), ошондой эле манжулук калмактарга, алтайлык мангулдарга хандык өкүмүн жүргүзмөк.Кыргыз журтунунэзелки мыйзамына ылайык аталган уруулардын бүт баары шайланган хандын айтканы менен жүрүүгө милдеттүү болушмак.

Эми бир саамга мындай гипотетикалык ойду сунуш кылсак. Эгерде кырк уруу кыргыз хандыгына казак Көкчө шайланганда эмне болмок? Кырк уруу кыргыз аты калып, кырк уруу казак болуп аталып калат беле? Жок. Эзелтен кырк уруу кыргыз болуп, казак анын ичиндеги бир уруу болуп келген. Болгону бир гана уруу (анын ичинде аргын, үйшүн, алчын фратрийлери). Ошол шайланган казак Көкчө эми кыргыз ханы атыгып, кырк уруу кыргыздын атынан гана сүйлөп калмак. Же, тарыхый-эпикалык кас Кытай журту (кытай (кыдан), ойрот, жунгар этностору) эми кыргызы калып эле казактын артынан түшүп калат беле? Жок. Таптакыр андай эмес. Мурун кандай болсо дал ошондой эле кала бермек. Алар үчүн казак Көкчө хан болобу, же кыпчак Төштүк хан шайланабы, же ногой Жамгырчы тактыга отурабы баары бир болгон. Эсенкан, Алооке, Коңурбай, Нескара, Жолой үчүн бир гана Кыргыз журту (федерациясы) болуп, кыргыз деген этникалык бирикме менен гана эсептешип келген. Ал тургай Батыштагы Урум журту (Византия), Кырым журту, Орус журту, Персия-Хорасандык Ооган журту(III китеп, 152-б.) үчүн да бир эле Кыргыз журту бар болуп, аны менен гана дипломатиялык мамиле түзүп келишкен. Ооба, казак, кыпчак, ногой, же найман, каракалпак этностору менен эмес, Кыргыз журту, кыргыз кандыгы менен гана.

Бирок бул аталган этностор эл аралык мамиледе башка өлкөлөр менен өз алдынча саясат түзүүүчүн бир гана жол бар экенин билишкен: ал Кыргыз федерациясынан чыгып, эгемендүү мамлекетти

түзүүгө жетишүү. Эпос боюнча Манастын о дүйнөгө кетиши менен кыпчак (Кончак, куман, кыучак), кесек (казак; Гзак, касог), найман, ногой (Ногай), ногой (Ямгурчи), каракалпак (черные клобуци), тарак (торк), татала (теталң), думара (тонгра) этностору эгемендүүлүк алышып, өз алдынча мамлекет болуп кетишкени маалым. Ошону менен бирге эпосто пассивдүү катыштагы уруулар да аталат. Маселен, төлөс, аз, жетиген уруулары. Тарыхый булактар боюнча бул үч уруу евразиялык мейкиндикте Манастын дооруна чейин эле чабыты күч этностор болушкан. Биздин оюбузча алар илгери эле гун, сак, ашпар, ашина, ашиде, исседон, массагет этносторундай кырк уруу кыргыздан бөлүнүп, эгемендүү мамлекет болуп Батыш-Чыгышка чабыттап жүрүп калышкан көрүнөт. Бирок эпосто аталып калганына караганда алардын кайсы бир фратрийлери Манастын кыргыз журтунда дагы деле жүргөн болууда. Ал тургай жетиген[43] этносу "Семетей" эпосунда активдүү фазага өткөнү маалым. "Ат айланып казыгын табат" дегендей башка геосаясий чөлкөмдө жетиген этникалык бирдиги үчүн жагымдуу жагдай (өзүнчө территориялык чек, согуштук күч) түзүлбөй калып, эми Манастын саясий аренадан кетиши менен кыргыз хандыгына ат салышып калган белем. Төлөс [24] этносу чыгыш менен батыштын геосаясий мейкиндигиндеги күч-кубаттуу этникалык бирдик катары даңкы чыгып келгендиги маалым.

Ошентип,казак Көкчө хандыкка Бай Жакыпты, баатырдыкка (башкы саркер) эр Манасты көрсөтүп, өзүнө төрөлүк (увазир) даражаны суранат. Эл ушуга макул болот. (Эпостун ушул жери кызыгууну туудурат). Бул да бекеринен эмес. Караңыз, эпосто “көпчүлүктөн сөз кайтат: казак, калмак алсын деп, качан такка мингени” деп, төрөлүк казакка ылайыктуу деген ой жатат. Ошол кездеги элдик идея боюнча такка кыргыз (Бай Жакып, Манас) отурушу талапка жооп берген. Белгилеп кетчү нерсе башка кыпчак, маңгул, калмак, аргын, найман ж.б. этностор хандыкка өздөрүнөн эч кимди көрсөтпөйт. Бул алардын кыргыз элинин акимдик кылуусуна жана анын жетегинде мамлекет куруунга катышууга макул экендигин билдирген. Демек, эпостун доорундагы согуштук-саясий абал, этностордун ээлеген орду дал ушундай болгон. Кырк уруу кыргыздын иерархиясында кандык ээлик жана башкы саркердик даража кыргызга, төрөлүк (увазирдик) даража казакка тиешелүү(ылайыктуу) болгон экен. Балким, эзелтен бери ушундай компромистик саясий консенсус сакталып келсе керек.

Эстеңиз: XII к. грузин падышасы Давиддин, Тамардын тушунда кыпчак этносунун өкүлүнө башкы увазирдик, башкы саркердик (сипахсалар) жана башкы казыначы мамлекеттик даражалары берилген. Ооба, ушундай согуштук-саясий консенсустун негизинде грузиндер араб бакынчыларынан, исламдан сактанып калышкан. Бул “Манастагы” окуялардан үч-төрт кылым кийин болгон. Балким, тарыхый-эпикалык кыпчактардын кээ бир уруулук топтору ушул Борбордук Азиядан кеткен болуу керек. Кыпчак (кыуман, печенег, половец) этникалык биримдигинин Чыгыш Европа, Киев Русу, Дашти-Кыпчак, Кавказ чөлкөмдөрүндөгү согуштук-саясий абалынын эң күчөгөн мезгили X-XII кк. экендиги тарых барактарынан маалым. Ошондуктан да Шарукан, Кончак, Таз, Урбү, Кзак, Куман, Хунгар, Челубей, Ногай, Ямгурчи деген эпоним-аттардын орус летопистеринде, поэмаларында байма-бай кезигүүсү бекеринен болбогондугу байкалат. Мындан чыкты кырк уруу кыргыздын кээ бир уруулук бирдиктери (кыпчак, казак, ногой, берендей (каракалпак Бердике), черные клобуки (каракалпак), торк (тарак), спор (Ышбара, Ошпур, Ыспар ж.б.) түрдүү согуштук-саясий кырдаалдардан, окуялардан соң XI к. баштап Борбордук Азиядан Батышты көздөй сапар тартышкан болот. Ооба, Чынгызханга чейин ошол аталган региондордо кыпчак этносу согуштук-саясий бийликте болуп келгендиги тарых барактарынан маалым.

Казак, кыргыз камалап,
Калмак, маңгул жабылып,
Ак кийиздин үстүнө
Бай Жакыпты салганы,
Бала Манас баатырды
Ак кийиздин үстүнө
Аны дагы биргелеш
Олтургузуп алганы. 289-б.

Ошентип, эр Көкчөнүн айтканын эл колдоп, ой-боюна койбой Бай Жакыпты ак кийизге салышат. Бай Жакып менин ордума баламы көтөргүлө десе, Манасты да ак кийизге салышат. Бирок жети кадам баскандан кийин Бай Жакып жерге түшүп калат да, Манас жеке өзү хандыкка көтөрүлөт.

**Ногойдон калган кызыл туу,**
Жакыпта калган мына бу,
Оболотуп аштады,
Тойду Жакып баштады...
Алтайлыкты санаса,
Аяк-башын караса
Токсон алты миң болду,
Тобунда мындай ким болду. 290-б.

Ошентип, Манас хандыкка шайланат, чоң атасы Ногойдон сакталган кызыл тууну көтөрөт. Алтайлык кыргыздын саны жүз миңге жетип, аскер курап, өкмөт түзүп, мамлекет куруугa даяр болуп калган экен. Эпос боюнча “Ногойдон калган кызыл тууну Жакып оболотуп аштатат”. Демек, Бай Жакып Анжыян-Алайдан куулганына алтымыш жыл болсо да, бабаларынан калган кызыл тууну жоготпой, кызыл түсүн жоготпой аздектеп сактап келген болот. Көрсө, кырк уруу кыргыздын ушундай мамлекеттик туусу болуп, аны урпактарга сактап мураска калтыруу салты эзелтен эле болуп келиптир.

**Манас. II китеп. Сагымбай Орозбак уулунун варианты боюнча. Фрунзе: “Кыргызстан”, 1980. - 452 б.**

**------------------------------------------------------------------------------------------------**

## Жакып элди чогултуп, Алтайдан Анжыянга көчөлү деп айтканы

“Кутубий баш болгон мергендер кийик уулап жүрүп Адамдүк аттуу жалгыз көздүү дөөгө кабылып калышат. Дөө аларды койчо айдап үңкүрүнө алып барат. Ал адам жей турган дөө экен. Дөөнү Кутубий жалгыз көзгө атып, сокур кылып, көптөп жатып араңөлтүрүшөт” (10-б.). Караңыз, дал ушундай эпизод Гомердин “Одиссеясында” жолугат. Башкы каарман анда Одиссей болсо, мында Кутубий болууда. Экөө тең журт башчыларынын (Агамемнон, Манас) эң жакын адамдары. Эми кимиси биринчи эле. Гомердин "Одиссеясы" (б.з.ч. IX к.) биринчи экендигинде шек жок. Ырамандын Ырчы уулунун "Манасы" (X к.) андан дээрлик эки миң жыл кеч жаралган экен. Бул өтө эле узак мезгил. Бирок кандайча ушундай окшош эпизоддор кирип калган эле. Бул экөө тең мифтик катмардан келип чыккандыгына күмөн жок. Ушул кезге чейин жалгыз көздүү дөөнүн, циклоптун же алптын бар болгондугун илим (археология) далилдеп бере элек. Ушундай эле мифтик параллелдерге Троялык Паристин колуктусу Елена чүрөктүн, Семетейдин колуктусу Айчүрөк сулуунун ак куу болуп асмандап учууларын, же казак Калча баатырды сактап калган аял-ак кууну кошууга болмок. (Же "Манас", "Семетейдеги" терс каармандардын асмандап учкан, сыйкырдуу күчкө эгедер эпизоддору). Булар, албетте, мифологиялык маани-маңызга ээ болгону менен элдик сакралдык, эпонимдик башаттан келип чыккандыгына ишеним артууга болот. Биринчи манасчы (экинчи, үчүнчү манасчы да) ушундай параллелдерди качан жана кайсы максатта кошуп кеткен эле? Биздин жеке баамыбызда ошол биринчи манасчылар (семетейчилер да) эл ырчысы гана эмес, сейрек талант, интеллектуал инсандар болушкан. Ошол эле эр Ажыбай [51], жаш Айдар, Алманбет, же Семетей өзү бир нече тилди билишкен. Ошондуктан ушундай полиглот инсандар дүйнө элдеринин миф, легенда, уламыш, болмуштары менен да кабардар болуп турушкандай. Маселен, "Илиада", "Одиссея", "Энеида", "Калила менен Димна", "Синдбаддын жетинчи саякаты", перстик "Шахтар баяны" дастаны (Фирдоусинин "Шах-намасына" (XI к.) чейинки), Искендер Зулкарнайн, Аттила [59] тууралуу тарыхый-уламыштык

чыгармалар Евразия мейкиндигинде окумал чыгармалар болуп калгандыгына күмөн саноого болбос. Элдик көркөм-эстетикалык табит бүгүнкүдөй эле болуп, караламан эл манасчылардын, ырчылардын, куудулдардын аш-тойдогу оюн-зоогуна, тамашасына агылып келгендиги чындык. Эпостун кызыктуулугун, укумуштуулугун, угумдуулугун арттыруу максатында жогорудагыдай эпизоддорду кошуп кетишкендиги да ырас.

Жакып бай:
Бай Жакып айтар кеп болсо
Алтайдан көчүп алсак бейм,
Анжыян жакка барсак бейм. 13-б.

Ошентип, Бай Жакыптакыргыздын мекени Анжыянга кайра кетүү идеясы жаралат экен. Ооба, ушундай ойду угуза биринчи Бай Жакып айтыптыр. Башкаларда да өз мекенине кайтуу ниети болгондур, бирок мындай эл-журт тагдырын чечкен, ары заманбап, ары кооптуу, ары акыбети бүдөмүк масилетти кыргыз кан атасы гана ортого салууга акысы болгондой. Демек, жарым кылым илгери Анжыян-Алай, Нааман, Баргана, Ыспара, Самаркандан куулуп айдалган Алтайдагы кыргызда эл-жерге кайтуу идеясы бышып жетилген экен.

Камбардын уулу Айдаркан,
Карыядан Эштек бар.
Кан Жакыптын сөзүнө
Кайтармакка эсеп бар.
Кыпчактардын Тазы бар,
Кыргыздардан Байжигит,
Нойгуттардан Акбалта,
Ногойдун Чагоо кары бар.
Аргын Каракожо бар,
Ата уулулар кошо бар.
Алчындан Каракесек бар,
Акылмандан отурган
Алтымыш деп эсеп бар. 14-б.

Бай Жакыптын жыйынына Айдаркан казак, Эштек ногой, Таз [19] кыпчак, Акбалта нойгут, Чагоо ногой, Каракожо аргын,

Каракесек алчын ж.б.катышкан. Карыя Эштек  энчилүү-эпоним ат болууда. Уруулук аталыш эмес, ногой уруусуна караган. Эпостун кийинки эпизоддорунда бир топ активдүү катышкан Эштектин Жамгырчысы ногой кыргызынан болгон.

Ушуга байланыштуу дагы бир маселе. Манастын чоң атасынын аты Ногой болгон.Ооба, энчилүү-эпоним аты. Эпостун кээ бир варианттарында айтылып жүргөндөй бул Манастын уруусу ногой болгон дегендик эмес. Таптакыр андай эмес. Экинчи (Ногой) атадан эле уруулук структура түзүлүп калбоосу өзүнөн өзү түшүнүктүү. Ал тургай жети атадан да уруу калыптанбайт. Андан мурунку Огуз, Аланча, Байгур, Бабыр, Түбөй, Көгөй кандар кайсы урууга кирмек эле?Манастын ата-бабалары, Манастын өзү баштапкы түпкүлүктүү кандык кыргыз уругунан (фратрийинен, уруусунан, журтунан) тараган. Эпосто ногой деген этнос айтылат (маселен, ногой Чагоо, ногой Эштек). Биринчи манасчы Ырамандын Ырчы уулунан кеткен Сагымбай Орозбаковдун вариантында Айкөлдүн кайсы урууга тиешелүүлүгү айтылбайт, кыргыз деп гана айтылат. Туура. Анткени, кан Манастын уругу да, уруусу да, журту да бир гана кыргыз болгон.

Бердике туруп бек айтат,
**Бербердигер кудай-аа,**
Мерт кылдың Жакып деп айтат. 14-б.
Анжыян менен Алайды
Самап калган экенсиң!
Анжыянда Алооке,
Азыр бизге жаман жоо...
Анжыян менен Кашкардын
Арасы кыйын улуу тоо”. 15-б.

Бай Жакыптын сөзүнө каракалпак Бердике макул эместигин билдирет. Балким, ал үчүн алыскы Анжыян менен Алайга карагандаАлтай, Арал макул келип калгандыр. Анжыян менен Кашкардын ортосунда Тян-Шанң жаткандыгын жакшы билгендигине караганда өзү да ошояктан куулуп келген болууда. Эми эгерде каракалпак Бердике менен чыгыш европалык тарыхый берендей (“черные клобуци”) [18] этносу бир этникалык башаттан болсо, анда түркмөндүк боюндур (баяндыр) уруусун берендей менен чаташтырбоо өзүнөн өзү түшүнүктүү болмок. Караңыз, каракалпак уруусу башында кыргыз менен эзелки Анжыян-Алайга кайра кетүүгө

макул болбоптур. Бирок эпостун кийинки өнүгүүсү көрсөткөндөй бул этнос (Бердике да, Кыргыл да) Манас о дүйнөгө кеткенге чейин кыргыздагы активдүү этникалык бирдик катары катышып келет. Ал эми "Семетейде" Кыргыл чал өзү баш болуп кыргыздан кетүүгө аракети болгондугу бизге маалым. Дагы да тактап айтканда X к. орто ченине чейин каракалпак кыргыздагы бир этнос болгон экен.

Дагы бир маселе. Эмнеликтен Манастын саясий аренадан кетүүсү менен кырк уруу кыргыздын ыдыроосу дагы күчөп бир катар уруулар (кыпчак, казак, найман (майман), ногой, каракалпак, думара (тонгра), татала (теталң), калча (Музбурчак) ж.б.) эми тогуз уруу кыргыздан да чыгып кетишкен эле. Көрсө кеп башкада экен. Буга Манастын өлүмү эмес, анын өмүрү себепчи болуптур. Эгерде Манас болбогондо кыргыз гана эмес, кыргыздагы жогоруда аталган бүт уруулар өз эл-жеринен куулуп айдалган боюнча Кытай журту (кытай (кыдан), калмак, жунгар, ойрот) ээликтеп алган мекенине кайра келе албай тыркырап тарап жок болуп кетмек экен. Ооба, бир бүтүн кыргызга (Кыргыз журтуна) биригүүнүн эң башкы себеби да ушул болгондой. Кыргыз журту Кытай журтуна каршы тура алган. Манастын согуштук-саясий ишмердиги менен эми Кытай журту (балким, тарыхый Чыгыш Түрк каганаты) урап, Борбордук Азиядан качып-тозуп, мурунку регионалдык держава статусунан ажырап, тиши сынган экен. Баарын көрүп-билип турган, эгемендүүлүктү көксөп келген кыргыздагы күч-кубаттуу этностор кан Манастын өлүмүнөн кийин, Манаска миң ирет ыракматын айтып, Кыргыз журтунан чыгып, өз мамлекетин түзүп, "кой деген кожо жок, ай деген ажо жок" баса беришиптир. Ооба, тарыхый кан Манас азыркы кыргызга гана эмес, азыркы боордош түрк тилдүү элдерге да баа жеткис жакшылыгын кылган экен!

Бердике "Бербердигер кудай-аа" деп (I китепте: "Бербердигер алда", 42-б.) кыргыз Бай, Бай Жакыптай эле эзелки 'бар' кудайын эске алат экен. Буга караганда каракалпак уруусу кыргыздай байыртадан эле бир диний-рухий ишенимди аркалап келген болот. Бул, албетте, кыракалпак этносунун кырк уруу кыргыздагы ишенимдүү, лойалдуу этникалык бирдик болуп келгендигин ырастамак.

Байжигит шондо кеп айтат,  
Бай Жакыптын өзүндө,  
Баштан аяк сөзүндө  
Жаманы жок деп айтат... 15-б.

Жетиген жагын карасак,
Жерин өлчөп санасак,
Илепси бар, Кара-Кум,
Күн чыгышы Сары-Арка, -
Күлдү баары казакта.
Күн батышка бет алып
Калбайлык бөөдө азапка.
Эдил, Нура суусу бар,
Эсен-аман ушу бар.
Оролдун узун тоосу бар,
Ошого жакын барсак деп
Бир кыйла элдин оозу бар.
Эдил, Жайык жери бар,
Эне-атабыз өскөн деп
Бир кыйла элдин кеби бар. 16-б.

Кыргыз Байжигиттин айтканы боюнча күн батыш "Эдил, Жайык жери" Бай Жакып менен кошо жүргөн элдердин ата-бабалары жашап келген жер болууда. (Орол - Урал тоосу, Эдил – Волга дарыясы, ал эми Жайык (кийинки Яик) Урал дарыясы экендиги маалым). Байжигит күн чыгыш Сары-Арка бүт баары казактын жери деп, Кара-Кум чөлүн да айтып өтөт. Эзелки Анжыян-Алайга эмес, күн батышка Эдил, Жайык, Орол тарапка баралы деген уруулар да болуптур. Булар кыпчак, ногой, кызай уруулары болушу мүмкүн эле. Казактар анда негизинен күн чыгыш жакта Сары-Арканы жердеп жүргөн экен. Камбардын уулу Айдаркан көп чуу көтөрбөгүлө дегендей кеп салат.

Манас:
Атамдан калган Нааманды
Алты айга койбой албасам!.. 24-б.
Айтып Манас токтолду,
Ал жайылган көп элде
Кой дээр киши жок болду.
Аксакалы Акбалта,
Акылга толук Ошпур бай,
Кыргыздардан Байжигит,
Кыпчактардан Таз чечен,
Казактардан Айдаркан,
Карап турган канча жан.

Ногойлордон Жамгырчы,
Нойгуттардан Акымбек,
Тейиттерден Саламат,
Текши отурган жамагат.
Калмактардын Күлдүрү,
Казактардын Бообеги,
Аргын Каракожосу,
Албандардын Бийназар,
Акылмандын баары бар,
Аксакал Жакып дагы бар.
Акылмандар отуруп,
Манастын сөзү макул деп
Кол көтөргөн чагы бар. 25-б.

Эми кан Манас Анжыян дебей Нааман (азыркы Наманган) деп айтат. Ошентип, аталган уруу башчылары Манастын айтканына макул дешет, кол да көтөрүшкөн кыязы. Бизчилеп колду чыканактан бүгүп эмес, бийик, түз көтөрүшкөндөй, ансыз көп элдин арасында көрүнбөй калмак. Эми манжулук Айнакул, Шакум-Мажикке удаалаш калмактын Күлдүрүкыргыздын санаалаш өнөктөшү катары келет.Эпосто биринчи жолу ногой Жамгырчы [20] жөнүндө айтылат. Бул ат да эпонимдик касиетке ээ деп айтууга болот. Кийинки орус летопистеринде "ногай Ямгурчи" эпоним-энчилүү аты бир топ кездешери маалым. Ошентип, муун алмашуу процесси жүрүп, саясий аренага ногой Жамгырчы, нойгут Акымбек, тейит Саламат, казак Бообек, калмак Күлдүр, аргын Каракожо, албан Бийназар өңдүү жаңы каармандар келиптир.

Ак асаба, кызыл туу
Айгайлаган ызы-чуу.
Көк асаба, кызыл туу
Көк жаңырган улуу чуу. 31-б.

Демек, эпостогу маалымат боюнча кан Манастын эл-журтунда кызыл туу, ак асаба, көк асаба – мамлекеттик, этникалык туулар болгон. Мында, албетте, кызыл туу Кыргыз журтунун башкы мамлекеттик туусу болсо, ак асаба, көк асабалар автономдуу уруулук асабалар болгондой. Караңыз, ошол ар бир этникалык (ак, көк) асабанын жанында башкы мамлекеттик кызыл туу жанаша турган

экен. Бул, албетте, көчмөндүк согуштук демократияга негизденген эзелтен берки кыргыз мамлекеттик-саясий системасынын федеративдик форма-мүнөзүн айгинелемек. (Маселен, азыркы Кыргызстан унитардык мамлекет болуп, бир мамлекеттик кызыл туусу бар).

Алты жүз миң кол менен,
Нааманды көздөй жол менен
Айгайлап аскер жүргөндө... 32-б.

Эпосто Жакыптын жери деп Анжыян менен Нааман бир нече ирет айтылат. Ошентип, кан Манастын аскеринин саны алты жүз миң болгон экен. Бул азбы, көппү? Бул орто кылымдык доор үчүн өтө зор аскердик күч болгон. Эстеңиз, Эсенкандын чоңатасы Анжыян-Алайга беш жүз миң кол менен келип ыраматылык Ногой кандын ээлигин чаап, аскерин калтырып кетет. Же, кийинки Чынгызхандын үч саркериүч түмөн кол менен Кавказды, Дешти-Кыпчакты, Рустун чыгышын бир имерип чаап өткөндүгү маалым. Эмне үчүн монголдор отуз миңкол менен гана күн батышка казатка чыккан эле? Бул, биринчиден, чалгындык мүнөздө болгон. Экинчиден, тандамал үч түмөн кол өтө мобилдүү, кужурмөн келген. Үчүнчүдөн жана негизгиси, күн батыш аскерлеринин чама-чаркын күн мурунтан билишкен, татыктуу каршылык болбошун болжоп билишкен. Чындыгында жарымы ат үстүндө, жарымы жөө-жалаңорус дружиналарынын, крепосттук тактиканы пайдаланып келген грузин аскеринин өтө мобилдүү, машыккан атчан түмөндөргө каршы тура албоосу турган кеп эле. А, эпос боюнча Манастын тушунда кыргызүч күндө он түмөн колду, он күндө отуз түмөн колду каршы кое алган. Ооба, Борбордук Азия, Кытай, Монголия чөлкөмүнүн мамлекет, аскердик күчтөрү күнү-түнү согуштук абалда жашап келген. Тууралы, жылкы тиймей, капыстан бастырып кирүү, чапкын, баскын, кайра эле тынч жашоого өтүү – көчмөндүк турмуштун жашоо образы болгон. Ошондуктан кайнаган кытай, калмакка алтымыш түмөн кол менен кырк уруу кыргыздын жүрүшкө чыгышы өзүн актаган. Бул согуштук авантюра эмес, ойлонулган, “жети өлчөп, бир кескен” чыныгы согуштук стратегия экендигин тастыктаган. Окуялардын кийинки өнүгүшү муну ырастайт. “Өзүңдү эр ойлосоң, бирөөнү шер ойло”.

**Манас баатыр Текес канды жеңгени**

Үч-Турпанды жердеген,
Урушуп адам жеңбеген. 33-б.

Демек, эпос боюнча калмак КултаңҮч-Турпанды (азыркы Кытайдын территориясы) жердеген болууда. Манастын келатат деген кабарын уккан Култаң Текеске жетет:

Аналдын тоосун жердеген,
Азыркы адам жеңбеген,
Кара-Шаар экен калаасы.
Ары четин сурасаң
Кара-Курум талаасы,
Атын уксаң Манас дейт,
Бабыр кан экен бабасы.
Өз атасы бай Жакып,
Өскөн экен салкында
Өз алдынча жай жатып.
Чоң атасы Ногой кан,
Оңбой турган бу бир жан. 34-б.

Култаң калмактын айтканы боюнча Манас Анал тоосун, Кара-Шаар калаасын, Кара-Курум талаасын жердеген болууда. Кара-Курум – XIII-XV кк. айтылуу Чынгыз хан жана анын урпактары мекендеген жер (Каракорум) экендиги маалым. Бирок бул жерде кеп IX-X кк. окуялар, б.а. Чынгыз хандан төрт-беш кылым илгерки доор жөнүндө жүрүүдө. Демек, эртеги орто кылымдык Кара-Курумда монгол, калмак, ойроттон башка кыргыз жана ага санаалаш элдер да мекендеп келген. Култаң Бай Жакыпты, анын атасы Ногой канды, анан да Манастын бешинчи атасы Бабыр канды (Көгөй кан, Түбөй кандан мурунку) да билген болууда. Бирок Алтайдагы калмактан, кара кытайдан (кыдандан) өзгөчөлөнүп алтынычы бабасы Байгур айтылбайт.Кыязы, кыргыз санжырасы боюнча бул үч-турпандык Култаңдын маалыматы бир аз чектелүү болгондой.

Ооба, эпосто Манастын ата-бабалары баары кан деп аталган. Демек, кан болгонго жараша хандыгы, аскери, белгилүү бир территориясы болгондугу ырас. Эпостун көп жеринде Жакып кан эмес (демек, кандык даражага жетпеген), бай деп айтылат. Бирок бай

дегени азыркы бай деген түшүнүктө эмес, теңир, кудай (мисалы, бай, байат) маанисинде келерин айтканбыз.

Коркуп Култаң турганы,
Каны Текес калтырап
Коркуп кирди бу дагы:
Келип улук болгонум
Түрк элинин арасы,
Бээжин түгүл бу жерге
Кара-Шаар, Кумулдун
Түк көрүнбөйт карасы.
**Лаайлама колдой көр,**
Кыйынырaак болгон бейм
Кыргыздардын Манасы. 35-б.

Демек, калмак Текес кандын айтымында ал түрк элдеринин (балким, Жети-Суу, Тарим бассейни) арасында отурук алып, хандык жүргүзгөн. “Бу жерге Бейжин түгүл, капкайдагы Кара-Шаар, Кумулдун карааны да көрүнбөйт, өтө эле алыс го” деп жүрөгү түшүп таң калганы да ошондондур. Текестин колдогону “лаайлама” болууда.

Бай Жакыптын кызыл туу
Аштап келип калыптыр,
Азыркысын бу колго
Камбардын уулу Айдаркан
Кан көтөрүп салыптыр. 39-б.

Караңыз, “азыркысын бу колго” Айдаркан кан болуп шайланыптыр. Демек, согуштук демократия өкүм сүрүп, колдун аскердик жүрүшүнө аны башкарып жетектеп жүрүүсүүчүн кан-кол башчы шайланып турган экен. А, бейкут тынчтылык кездечи? Эпосто согуштук кырдаал жок кезде кырк уруу кыргызга бирдей тегиз кандын өкүмдүгү байкалбайт. Маселен, Манас өз жеринде, алты кан өз ээликтеринде жайынча эле жашап, кандайдыр бир өкүмдар кан, диктатуралык бийлик билинбейт. Буга караганда ар бир фратрийдин беги, ар бир уруунун каны болгон. Маселен, казакка Айдаркан (кийин Көкчө) кандык кылган. Казак этносу бир нече фратрийлерден (алчын, үйшүн, аргын ж.б.) турган. Тян-Шандык кыпчакка Үрбү, катаганга

Кошой, ташкендик ногойго Көкөтөй, анжияндык окчо (думара, кара кесек) кыргызга Санжыбек, алтайлык ногойго Жамгырчы, кыйбалык калчага Музбурчак, котондук кыпчакка эр Төштүк кандык кылган. Майда уруу-уруктардын бектери болгон (маселен, “он төрт бек”). Манас курултайда кан болуп шайланбадыбы беле? Ооба. Бейкут кездеги кандын укуктары чектелүү болгондой, б.а. башка уруулаш элди түздөн-түз башкарган эмес. Биздин оюбузча Кыргыз журутунун каны автономдуу урууларды ар бир уруу башчылары (маселен, жети кан, же жети бек) аркылуу башкарган; кырк уруу кыргызга коркунуч туулганда, же казатка чыгуу зарылдыгы келип чыкканда аскердик колду топтоого (жалпы мобилизация); согуштун планын, маршрутун бекитүүгө, колдун канын алмаштырууга укугу болгон. Маселен, Манас Чоң Бээжинге казатка аттанганда кырк уруу кыргыздын кан, бектерин аскердик колу менен топтогон. Бирок жүрүштөгү аскердик колго өзүнчө кан шайланган. Маселен, Бакай колго кан шайланып, бирок аскердик тартип начардап кетип, анын ордуна Алманбет кандыкка отурат. Эми болсо аскердик колго казак Айдаркан кан болуп шайланыптыр. Булардын баары көчмөн элдердин согуштук демократиясынын жемиши катары түшүнүүгө болмок. Бирок эпос боюнча аскердик колдун кандары ар дайым эми кантели деп Манаска кеңешке келип турушкан. Маселен, “кабылан Манас баатырга кан Айдаркан баш болуп, баары келди акылга”.

Ошентип, Текес, Куяс, Култаң тындым болгон соң Манастын айтканы боюнча (“Жакыныңдан кан шайла,//Жалганы жок мунумдун”) калмактар өздөрүнө Тейишти (Текестин бир тууган кенже иниси) кан шайлап алышат.Бул, албетте, кыргыздын, Манастын колунун экспансивдик мүнөздө эмес экендигин билдирген.

## Тейиш кандын тою. Манастын кыз Сайкал менен беттешкени

Текес кандын кызыл туу
Кырга койду токтотуп,
Асабасы жайылды. 50-б.

Демек, Текес канда (Темир кандын урпактары) да кызыл туу болгон экен.

Окчо кыргыз уругу,
Ыспаранын улугу
Көкжору чыкты бу жактан. 51-б.

Тейиш кандын тоюндакыргыз Көкжору казак-калмактын балбаны Байкапты көтөрүп урат. Көкжору балбан кыргыздын окчо уругунан болуп, Ыспаранын улугу болгон. Демек, кыргыздын окчо деген дагы бир уруусу Алтайга үркпөй Ыспара аймагында жашоо турмушун өткөрүп келген экен. Ыспара бул жерде этнотопоним болууда. Демек, азыр тажик туугандар Исфара деп (Баткен менен чектеш) атаган район, шаар илгери экенде кыргыз уруулары мекендеп келген жер экен. Исфара эмес, туурасы Ыспара [10] болууда. Ыспара топоними эпостогу Ошпур (Батыш-Түрк, Түргөш каганаттарындагы Ышбара кандык эпоними, “Бабур-намедеги” ашпар уруусу, Казахстандагы Аспара этнотопоними ж.б.) бир эпонимдик башаттан туруусу мүмкүн экендигин айтканбыз.

Казак, калмак төрт жүз миң,
Камалышып турду тим.
Сарт, кыргызы төрт жүз миң,
Сайышууга жан чыкпай
Сабыркашып турду тим. 54-б.

Ооба, Тейиштин тоюнда казак, калмак бир, кыргыз, сарт бир болуп биригип кеткен деп айтылат. Бул да бекеринен болбогондур. Анткени кайсы бир доорлордо казак, калмактын этникалык башаты бир болуп чыгуусу да мүмкүн эле. Ал эми сарт дегени – перс, тажик элдери, өзбектер эмес. (Ал кездеазыркыөзбек этносуна эпонимдик-титулдук ысымын берген чыңгызид Өзбек (Азбек) хандын (XIV к.) аты-заты да болбогондугу маалым). Сарт деген сөздүн башатында байыркы грек жеринен Александр Македонский (б.з.ч. IV к.) менен кошо Орто Азия чөлкөмүнө ооп келген 'сарды' этноними туруусу мүмкүн. Бирок неликтен кыргыз менен сарт этникалык биримдиктери бир болуп калган эле? Кыргыз менен казак кырк уруу кыргызды түзгөндүгү маалым. А, бирок сарт (сарды) этносунун кырк уруу кыргыз менен этникалык жакындыгы, же кандайдыр бир согуштук-саясий байланыштыгы тууралуу эпосто айтылбайт. Балким, ушундай той-тамашада интернационалдык маанай жаралып, тек-жааты унутулуп, спорттук таймаш башкы орунга чыккан беле? Балким.

Каңгайлап ураан салганы,
Кабылан Манас баатырды
Качырып келип калганы.
Бай Жакып деп бакырып,
“Манастап” ураан чакырып,
Каарданып Манас жетиптир. 57-б.

Эпос боюнча каткалаң кыз Сайкал “каңгайлап” ураан чакырат. Манас “Бай Жакып деп бакырган” да, бирок “манастап” ураан чакырган” экен. Айырмасы барбы? Бар. Бай Жакып бул атасынын энчилүү аты гана эмес, Бай - бул жараткан, кудай [21] деп айтканбыз. Жакып аты да байыркы эпонимдерге кирүүсү мүмкүн(маселен, Іакаб, Иаков, Яков, Якуб сыңары). Ал эми “манастап” ураан таштаганы – өзүнүн атын айтып жатканы эмес. “Манас” бул кыргыздын эң алгачкы рухий дүйнөсү (балким, теңир менен доорлош), ата-бабаларынын асмандагы сакралдык дүйнөсүэкендигин айтканбыз. Бул кайып дүйнөжөнүндө Манас өзү мыкты билген. Болгонун болгондой кылып жеткирген манасчыларга таазим кылуу гана керектей. Эгерде бул ооздон оозго өзүндөй болуп өтүп келбегенде, ортодон дагы бир сабатсыз билерман чыгып “жок, кантип эле өзүн өзү ураандап чакырмак” деп “сызып” да коймок экен.

Эми Манас менен кыз Сайкалдын беттешүүсү жалпыга маалым. Кеп кыз Сайкалдын эр Манаска акыретте жар болууга макул болгондугунда. Ооба, ал башканы эмес, Манас деп бу дүйнөдөн так өтүптүр. Эгерде эпостун башкы каарманынын кимдир бирөөгө махабат сезими козголгон болсо - ал ошолкаткалаң кызы болгондой. Кыз Сайкал бу дүйнөнүөтөр-кетер деп, аркы акыреттик дүйнөнү артык көргөн экен. Ошол түбөлүктүү дүйнөдө эр Манас менен бир болууну самаптыр. Караңыз, “бу беш күндүк" өмүрдө эмес, түбөлүктүү акыретте [54].

Баштаганы эр Манас,..
Башка уруудан маңгул бар,..
Баатыр Жайсаң даңгыл бар.
Манжуулуктан кошулган
Бала Мажик эри бар.
Алтайлыктын баары бар.
Аргын Каракожо бар,
Найман, дуулат кошо бар.

Тарактын Тана бийи бар [22]…
Абактан Айдар каны бар,
Орчун кыргыз уругу,
Окчу Каракесек бар,
Орто жолдон кошулган
Ногойдон он миң эсеп бар...
Нойгуттардан Чубак бар...
Каракалпак Бердике,
Каңгайлардан Келдике,
Өзүбектен Дамбылда,..
Кыпчактардан Көкбөрү,..
Кызайлардын Байкабы,
Кайсы бирин айталы.
Баштап Манас алганы,
Каркыранын оюна,
Кара суунун боюна
Кайнап түшүп калганы.
Конуш кылып Аралды,
Атып бугу, маралды,
Жатып турсун жай алып,
Таңшаң тоого таянып. 69-б.

Тейиш кандын тоюнда Манас баштаган этностор ушулар эле. Булар кимдер? Караңыз, мында дээрлик баары бардай: маңгул, манжуу, аргын, найман, дуулат, абак, тарак, ногой, нойгут, каракалпак, каңгай,өзүбек, окчу, кыпчак, казак, кызай ж.б. (Караңыз, Н.А.Аристов айткан Батыш Түрк каганатындагы (он ок) дуглат (дуулат) уруусуайтылат**.** Кызай этносу хакас (тадар), шор этносторунда кездешет. Маңгул, манжуу кадыресе аралаш жүрөт).Белгилеп кетчү нерсе, аталган уруулук этнонимдер азыркы түрк тилдүү элдер болуп саналат. Демек, эр Манас мына ушунча элдин башын бириктире алган. Бул, албетте, геостратегиялык зор саясат болгон. Мындай ийгиликке убагында айтылуу Атилла (V к.), эпос менен доорлош Түрк (Батыш да, Чыгыш да) каганаттары (VII-IX кк.), кийин Чынгызхан (XIII к.), анан Темирлан (XIV-XV кк.) жеткен. Ал эми эпосто конуш алып жаткан жери Каркыра ою, Арал, Таңшаң тоосунун жака бели болууда. Демек, кол али Тян-Шанга жете элек болуп, азыркы Казакстандын, Кытайдын территориялары аркылуу жүрүп отурган. Колдун жалпы саны 600 миң. Бул дагы 200 миң

аскерге жараксыз деп табылгандардан тышкаркысы. Ооба, Манастын буйругу менен кары-картаң, оору-кесел, чолок-мунжу, арык-торук пенделердин бүт баары аскерге алынган эмес. Караңыз, ушундай чечим манасчылардын көз жаздымында калбаптыр. Демек, ал кезде да бүгүнкүдөй эле жалпы кароодон (карантин) соң жарактуулар гана аскер сабына турган экен.

Эпосто Бердикенин каракалпак экендиги биринчи жолу айтылууда. Эпосто Бердике Бай Жакыпка ирегелеш жүргөндүгү маалым. Ошону менен бирге байыркы орус летопистеринде, адабияттарында черные клобуки, берендей, торкэтностору XI-XII кк. Чыгыш Европа мейкиндигинде арбын кездешет. Ооба, булар Дашти-Кыпчактагы кыпчак, куман, половец этносторунан айырмаланып Киев Русу, славян княздыктары менен согуштук-саясий кызматташтыкта болушкан. Кез-кезде чыгыштан келген мурунку кандаш половец уруулаштарынын чапкындарына каршы бирге чыгып турушкан. Ошентип, карт замандын дагы бир оош-кыйышында кырк уруу кыргыздын бир кездеги (каракалпак, тарак) уруулары Чыгыш Европаны жердеп калган экен. Ооба, бул Манастан жарым, бир кылымдан кийин болгондой. (“Семетей”, “Сейтек” эпосторундагы согуштук-саясий абалды, кырк уруу кыргыздын бөлүнүп-жарылышын, ички уруулук кагылыштарды эстеңиз). Бул этностордун кийинки тагдыры кандай өнүгүп отурган эле? Булар (черные клобуки, берендей, торк) болгар түрктөрүнөн (Кирилл, Мефодий), түрк хазарларынан кийин (болжолу XII к.) христиандашып, тили, маданияты герман-славяндашууга туштугуп, славян калктарына сиңип кетишкендей. Ооба, алар мурунку мекени Борбордук Азия чөлкөмүнө(төлөс, найман (майман), жетиген (жедигер), кыпчак, маңгул (моголдор) урууларына окшоп) кайра кайтып келишкен эмес. (Нукустук каракалпак эли (туурасы Нукус эпонимдик фратрийилери) Батышка көчпөй азыркы отуругунда эле калгандай). Ал эми Дашти-Кыпчактык половец түрк (Улуу Булгар, Аз мамлекеттери) этносторунун кийинки тагдыры монгол-татар чапкыны менен тыгыз байланышкандыгы тарых барактарынан маалым.

**Манастын Орго кан**
**менен болгон согушу**

Орго кандын үстүнө
Ойроттун баары чогулду. 74-б.
Орго согуп добулду,
Аралга баштап көп колду,
Орго жонго барыптыр...
Кулус жаң-жуң кайдасың?
Алтаң, Калтаң доотайлар
Табыңар мунун айласын. 80-б.

Ошентип, Орго баштаган ойроттор Манастын колуна каршы шайланышат.

Орго баштап улуктар
Атанга айтты датыны:
Түп атасы булардын
Түркстанды жердеген,
Азып-тозуп ар жакка
Андан бери келбеген.
Билбейбиз кайда жүргөнүн,
Азыркысын угабыз
Алтай тоосун жердеген,
Аты Манас бирөө дейт,
Адам уулу жеңбеген. 82-б.

Бул боюнча ойрот, жаң-жуңдар Манастын ата-бабаларынын Түркстанды жердегендигин мыкты билишкен. Кийинки кездерде Алтайда жүрүшкөнүнөн да кабардар экен.

Кытайдын баары **таа-таалап,**
Калмактын баары **жаа-жаалап.**
**Мөндү-мөндү-мөндү деп,**
Мындай бурут көп болбос,
Жерден-суудан өндү деп,
**Жабуу-жабуу-жабуу деп,**
Бу жабуу демек кайсы кеп? 87-б.

Демек, эпос боюнча кара-кытайлар “таа-таа”, калмактар “жаа-жаа”, “мөндү-мөндү”, анан да “жабуу-жабуу” деп ураан чакырышкан. Калмактын “жабуу” деген сөзүнүн маанисин биринчи да, кийинки да манасчылар дурустап аңдашпаган сыягы, же түшүндүрмө берүүнү макул да көрүшпөгөн экен. Ушул жери кызыгууну туудурары бышык, анткени биринчи манасчы болгонун болгондой кылып айтканына ишеним артууга болот. Эми бурут дегени кыргыз экендиги маалым. Калмак, кара-кытай кыргызды бурут [23] деп эзелки аталышы боюнча атап келишкен болууда. Ооба, такыр эле кыргыз дешпептир, адегенде эле оозуна бурут деген сөз кирген экен. Ушундай параллелдер кездешет. Маселен, азыркы Кытай элин кытай десең туура көрүшпөйт. Алар өздөрүн ханзу (чин) деп аташат. Ар бир доордун өз династиялык аталыштары (эпонимдери) болгон. Маселен, хан, тан, чин, син (чынмачын, каканчын) ж.б., бирок бир да кытай деген сөздү кезиктирүүгө мүмкүн эмес. Бул кытай деген сөз кара кытай этнониминен улам орус тарыхчыларынын эмгектеринде негизинен кытай деп жазылып келгендей. Кыргыз элинде да кытай деп аталып келинген, балким бул кара кытай деген этнонимден улам калыптанса керек эле.

Аламан катуу урушта
Оен Манас кезигип
Орго кан өлүп калыптыр. 88-б.

“Насили казак, улуу жүз,
Ыраман деген увазир,
Башчы кылып алганы...
Ырамандын баласы,
Кызыл-Сууда калаасы,
Атын уксаң Каратай. 92-б.

Ырамандын Ырчы уул,
Ычкыры бапик кыр муун...
Кылабына толгондо
Кырк чоронун бири бул.
Башка уруудан маңгул бар.
Баатыр Жайсаң даңгыл бар. 93-б.

Демек, эпостогу кырк чоронун бири Ырамандын Ырчы уулу ойрот Орго кандын увазири, казактын улуу жүзүнөн Ырамандын уулу болууда. Ооба, Каратай аты калып, атасынын атын (эпонимин) алып (интронизациядан соң) Ырамандын Ырчы уулу титулун алыптыр. Каратай деген энчилүү аттан Ырмандын Ырчы уулудеген эпоним-ат - кырк чоронун ичиндеги Кыргыл (Айнакул), Чубак (Болот), Серек (Байсабай), Сыргактан (Теке) кийинки бизге белгилүүинтронизацияланган ат болууда. Белгилеп кетчү нерсе дал ушул Ырамандын Ырчы уулу биринчи манасчы болгон деп ишеним артып келебиз. Ал кырк чоронун бири, мамлекеттик элчи-кабарчы катары милдеттүү түрдө Манастын жанында жүргөн. Эпостогу бардык окуялардын күбөсү болгон, өз көзү менен көргөн, өз кулагы менен уккан. Ушундай биринчи маалыматтарга эгедер таланттуу чыгармачыл инсан гана бүгүн мына азыр биз угуп, окуп жаткан “Манастын” текстин жеткире алмак. Ал Манаска (Текес кан, Орго кандын окуяларынан) кийин келип кошулган, башкы каармандан бир топ жаш болгон. Кырк чорого киргенге чейинки (негизинен биринчи бөлүмүндөгү) кыргыздын, Манастын тарыхын Бай Жакып, Чыйырды, Бакай, Бердике, Ошпур, Акбалта, Айдаркан, Таз, Көкчө, Үрбү, Кутубий, Шакум (Мажик)өңдүү негизги каармандардын өз оозунан уккан болуу керек. Ошол Орго кандын о дүйнө сапар тартканынан баштап эпостогу окуяларды өзү көрүп, каармандардын сөзүн өзү угуп келген деп ойлоого негиз бар. Ырчы уулдун өмүрү “Семетейдеги” окуяларга чейин жетип, калганын (“Сейтекти”) анын жакын шакирттери улантып кеткен деп божомолдоого болот. Ооба, кырк чорого ар ким эле кире бербеген, ар бир чоро Манастын жеке чечими менен кабыл алынган. Кеп анын жеке гвардиясы - көзү, кулагы, колу-буту, камчы менен туз-наны жөнүндө жүрүүдө. Ошондуктан Ырчы уул таланттуу чыгармачыл инсан гана эмес билимдүү, интеллектуал, эр инсан болгондугуна күмөн жок. Ооба, Манастын жанында татыктуунун татыктуусу гана жүргөн, татыктуунун татыктуусу гана биринчи манасчы болууга акылуу болгон.

Ошентип, мамлекеттик-этникалык интронизация салты дагы бир ирет эпостун башкы каармандарынын, кырк чоронун аттары эпонимдик аталыштар экендигин ырастамак. Демек, ушундай диний-рухий, эпо-этнонимдик, мамлекеттик-саясий салт илгертен бери болуп келиптир. Ооба, кыргыздай байыркы, уюткулуу, глобалдуу эл-журт өзүнүн ээликтеген территориясына (жер-суута) эзелки рухий дүйнөсүнүн, эпонимдеринин, этнонимдеринин аталышын

(этнотопонимин) коюп келүүсү толук мүмкүн эле. Бул, албетте, кырк уруу кыргыздын, уюткулуу эл-журттун (мамлекет-коомдун) акыл-эсин, ай-ааламдык чабытын, цивилизациясынын, маданиятынын бийиктигин тастыктамак.

Дөөлөстүн Медер султаны,
Төбө бийдин Кулжаны
Төрө Манас баатырды
Төгөрөктөп турганы. 94-б.

Эпосто дөөлөс этноними [24] айтыла баштайт. Дөөлөс – бул төлөс, телес, телец, Таласлексемалары менен бир башаттан кеткен болуусу ыктымал. Мында Төбө бий Манастын төртүнчү атасы Түбөй хан менен эпонимдик катыштыгы болуп, тарыхый Тобо хан менен идентификациялоого да болмок. Демек, дөөлөс кырк уруу кыргыздынкадыресе бир уруусу экен.

Алтайлык менен Наамандык
Айылын бирге кошолу. 95-б.

Манастын ушинткенинен Алтайдан келген, алыстап-узап кеткен кыргыз менен жергиликтүү наамандык (анжыян-алайлык) кыргызды бириктирели, жакындаштыралы, туугандаштыралы дегенди түшүнүүгө болмок.

Эр Көкчө:
Уругуң кыргыз улуу журт,
Урматтуулар, баарың ук!
Атадан калган жер үчүн
Бу турган Булагасынга
Барбайт деген эмине? 95-б.

Эпосто Манастын Чүйгө тиешеси бар экендиги айтылат. Эр Көкчөнүн бул сөзүндө зор маани жатат. Бул казак жигити “уругуң кыргыз улуу журт” деп, кыргыздын улуу эл-журт экендигин, бир чети өзү да ушул улуу кыргыз журтунун бир мүчөсү экендигин жар салып жаткандай. Эл-журт, кол, элдик куйма кулак таланттар да Көкчөдөн дал ушундай сөздү угушкандыгында калет жок, башкача эмес.

Биринчи манасчы Ырамандын Ырчы уулу дал ушундай уккан да, кийинки Сагымбай манасчы мунуөзү кошуп албагандыгы да чындык. Балким, айтылуу Баласагын калаасы илгери экенде Булагасын [25] деп аталгандыр, же оозеки кепте өзгөрүүгө туштуккандыр. Канткен ченде да азыркы Кыргызстандын чегиндеги Баласагын шаары тууралуу кеп жүрүп жаткандыгына шек жок. Демек, Манастын колу азыркы Кытай, Казакстан жеринде туруп, “атадан калган жерге” жакындап калган кези экен.

А сөздү айтып Акун шаа
Катчыга катын жаздырды,
Кандык мөөрүн бастырды. 100-б.
Ороздун уулу Чагатай
Оозуна келген кепти айтты:
Катылып кыргын болгунча
Кайта кетиш эп экен.
Айтканын Манас угуптур,
Акырая бир карап
От көзүнөн чыгыптыр.
Агасын кудай уруптур,
Ошо бойдон жер карап
Үндөй албай туруптур. 103-б.

Кеп бул жерде Бай Жакыптын эң улуу агасы Ороздунун тун уулу Чагатай жөнүндө жүрүүдө. Демек, Ороздунун балдары Манаска келип кошулган чагы экен. Бул Чагатай, чынгызид Чагатай эпонимдик бир башаттагы ат болушу мүмкүн.

Бакай:
Колдой көр деп **Шаймерден. 194**-б.

Бакай Шаймердендин атын айтып сыйынган болот.

Манас:
Бу коктунун оозунда
Булагасын шаары бар. 120-б.

Манас Булагасын шаарын айтууда. Бул шаар, балким, Акунбешим паашанын калаасы менен катарлаш турса керек эле (же

Булагасын ошол беле?). Канткен ченде да бул эпикалык Булагасын тарыхый Баласагын менен бир эле болгондой. Мындан чыктыБаласагын эпосто айтылат экен.

Айдаркан, Көкчө баштаган кол Кер-Көлдөн Алматы тарапка ашып түшүп, Иле боюн башкарып турган Илебин деген калмак канына каршы барат. Илебин мурду Орго канга жардамга барып, андагы болгон согушта Бакай баатырдан каза табат. Каны жаңы өлүп, өзүлөрү качып барган калмактар каршылык көрсөтө албайт... Үчүнчү топту башкарган Үрбү баатырдын колу Кеминдеги Кеймен шаанын турган жерине келет. Кеймен да мурда Оргого жардамга барып, аламан согушта Эштектин Жамгырчысынан набыт болот.

## Манас баатыр Чүйдөгү Акунбешимди жеңгени

Атым Тулус, өзүм эр,
Акунбешим паашага
Атам тууган, кеменгер,
Ажалдуу бурут бар болсоң
Мага жакын келиңер. 137-б.

Тулус Манастын колунан каза табат.

Кылычтуу кылыч чабышты,
Кыргыз, кытай салышты. 139-б.

Кытай (хан, тан, чин ж.б.) эли өзүн эч качан кытай деп атабагандыгын айтканбыз. Эпостогу кытай дегени туура, анткени ошол кезде этностор кандай айтылса, эзелки да, кийинки да манасчылар дал ошондой кылып айтып келишкен. Бирок кытай дегенде кара-кытайлар (кыдан) жөнүндө кеп жүргөн, анткени кара-кытайлар кытай деп эле аталыптыр. Эпосто кара-кытай, кидан (кыдан) деген этнонимдер жок. Тарыхый маалыматтар боюнча 751-жылкы арабдар менен кытайлардын тарыхый согушунан кийин Кытайтарап Орто Азия чөлкөмүнө экинчи кайра бастырып келген эмес.

Туу түбүндө турушуп,
Туубуз качпай турат деп,
Кубат кылып урушуп,
Аралашкан эки кол
Ач бөрүдөй жулушуп... 140-б.

Караңыз, мындан keminде бир миң эки жүз жыл илгерки эпосто колдун туусуна эки жактын мамилеси сүрөттөлөт. Туу турабы, демек, кол да турат деген чоңүмүт жанаша турган. Туу жыгылса, кол да кыйрады деп эсептелинген. Демек, туу бул мамлекеттик-этникалык атрибут, символ гана эмес, ал ар бир адамдын аң-сезиминде туруп, жандуу, аракеттеги күч-кубат болуп, элди, колду жеңишке үндөп турган.

Акун шааны ал жерден
Кылычтап башын алыптыр. 142

Манастын урган найзасынан Акунбешим аттан кулайт, аны эр Айнакул кылычтап башын алат. Кыйраган кытайлар Олуя-Атага качып барышат. Андагы чантуунун баарын кырып жок кылмай болушат. Чантуу атыккандар эпос боюнча мусулман калк болгон. Эпосто алар кыргыз, казак деп айтылат. Кытай-калмактардын Панус каны жеңилип, Ташкенге Көкөтөй кан көтөрүлөт.

## Манас баштаган кыргыздардын Алтайдан Ала-Тоого көчкөнү

Атамдан калган Анжиян
Акыры издеп табам деп,
**Алла таала** буюруса
Алоокени чабам деп
Арстан Манас баатыры
Айбатын салып акыры... 147-б.

Ошентип, кан Манас баштаган кыргыз журтунун колу азыркы Кытай, Казахстан, Кыргызстан (Чүй) жергесиндеги калмак (Култаң, Куяс, Текес), ойрот (Орго), кытай (Акунбешим, Тулус) кандарын бир сыдыра чаап өтүп, кыргызга лойалдуу кандарды такка отургузуп, кайра Алтайга кайтат. Бирок чоң атасы Ногойдон калган Анжыян-

Нааманына жетпейт. Бул жүрүштүн максаты эмне болгон эле? Биздин оюбузча бул кытай, калмак, ойрот колдорунун күч-кубатын таразалоо, чалгындоо жана кийинки башкы жүрүшкө колдун жолун тазалоо болгондой. Алоокеге каршы генералдык репетиция деп түшүнсө да болчудай. Эр Манас бул максатына жеткен. Бул, албетте, кан Манастын айкөлдүгүн, көрөгөчтүгүн, мыкты стратег экендигин айгинелеген. Караңыз, Алтайдан Чүйгө чейин алтымыш түмөн кол менен келип, программа-минимумун аткарып, кайра кайткан экен. Ооба, Манас жол катары жол картасын сыздырып, жер шартын (тоо-түз, ой-дөң, дарыя-суусун) өздөштүрүп, колду согуштук практикадан бир өткөрүп, такшалтып, башкы душмандын согуштук потенциалын үйрөнүп чыккан болот. Жаш болсо да, кара күчкө салып, аламан уруш салбаптыр. Билип-билбей туруп, толук бели ката элек кыргыз колун Алооке кандын беш жүз миң аскерине сала бербептир. Кан Манастын айкөлдүгү дагы бир ирет ушундан даана көрүнөт бейм. Ооба, Кыргыз журту аны бекеринен Айкөл деп атабаптыр!

Алчындардын Атайы,
Үйшүндөрдүн Үмөтү,
Үмөт уулу Жайсаңы. 149-б.

Эпос боюнча Жайсаң - Үйшүн Үмөттүн уулу. Бул эки фратрия (алчын [26], үйшүн) тең казак уруусуна кирген. Бул боюнча Жайсаңказактын үйшүн (үсөн, усун) этносуна тиешелүү болуусу мүмкүн. Бирок бул Жайсаң активдүү каармандарга кирбейт. Ошондуктан айтылуу Жайсаңырчыбы, же дагы бир белгилүү казак үйшүнүбү, тактап айтуу кыйын.

Эл билгиси Элеман,
Калк башчысы Калкаман,
Сырттан Сыргак, Сереги –
Сырттан Манас баатырга
Кысылса тийген кереги. 150-б.

Эпостогу ой боюнча Элеман деген атта `эл`, Калкаман деген атта `калк` деген сөздөр бар. Демек, Элеман деген энчилүү аттын (эпоним-титул) ичинде эл деген эпонимдин бар экендигин биринчи манасчылар билишкен. Эми бул каарман айтылуу эр Төштүктүн атасыбы, же Элеман эпонимин алган дагы бир белгилүү кыргыз

инсанбы, белгисиз. (Мында Эл жана Ман деген эпонимдер болуусу мүмкүн). Манастын бабалаш туугандары бир тууган кара кесек Сыргак менен Серектин эпоним-аттары эпосто биринчи жолу учурап жаткандыгын белгилөөгө болот.

Манжурия калмактан
Манжуусуна бек койгон
Баатыр Мажик бар экен. 150-б.

Бирок Манастын “Манжурия калмагынын манжуусуна бек койгон баатыр Мажиги” эпостун “Манас баатыр Чүйдөгү Акунбешимди жеңгени” деген бөлүмүндө “окчу кыргыз эр Мажик” (136-б.) деп айтылат. Булар эки башка Мажикпи, же Манжурия калмагынын манжуусу Шакум-Мажик эми окчу кыргыз эр Мажик аталып калдыбы? Окчу дегени эмнеси? Эпостун “Тейиш кандын тою. Манастын кыз Сайкал менен беттешкени” бөлүмүндө “окчо кыргыз уругу, Ыспаранын улугу” (5-б.) жана “орчун кыргыз уругу, окчу Каракесек” (68-б.) деген ыр саптары бар. Мындан чыкты окчо, же окчу деген кыргыз уруусу бар болгон. (Балким, Алтайга качпай Анжыян-Алайда калган айтылуу Санжыбек окчо (окчу), кара кесек, думара (тонгра) кыргыз урууларын башкарып келсе керек). Биринде бул урууга Ыспаранын улугу кыргыз Көкжору тиешелүү болсо, дагы биринде алчындын Каракесеги урук болууда. Балким, биринчи манасчы манжулук калмактын бир кезде кырк уруу кыргызга киргендигин эске алып жаткандыр? Чындыгында калмактар монгол элинин бир бөлүгү болуп саналган. А, монгол этносу түрк тилдүү этностор менен бирге алтай тилдер бүлөсүн түзүшкөн. Бул алардын бир кезде (тарыхка чейинки доордо) бир этникалык башаттан кеткендигин айгинелемек. Ошого байланыштуу окчу (же окчо) уругу кыргызда болуп, казак, калмакта да бар болгон көрүнөт. Мындай параллелдер башка урууларда да кезигет.

Түмөн жайнак Шууту...
Эр Тазбаймат мыктуусу...
Кырктын башы Кыргылы 150-б.

Тазбаймат эпосто биринчи жолу аталууда. Согуштук-саясий аренага эми Манастын жеке гвардиясынын - кырк чоронун башчысы Айнакул эми Кыргылэпоним аты менен чыгат. Бул да кан Манастын

жеке чечиминин негизинде ишке ашкан болуу керек. Демек, Кыргыл ошол кезде ушундай чечимге татыктуу каарман болгон. Ошону менен бирге Кыргылдын бир топ жосунсуз кылык-жоруктары эпостун кийинки бөлүмдөрүндө ашкере болору да ырас. Ал эми "Семетейде" башкы жикчил сепаратистин бири болору да маалым.

Атамдан калган жер экен,
Намысты кыргыз санайбы,
Ынтызар болдум алууга
Испара менен Алайды...
Бабамдан калган жер үчүн
Башым ооду, калайык...
Көрүп келдиң көбүңөр
Көөнүңө салдым Манас мен...
Оолугуп турам бу күндө
Орчун Кокон, Анжиян,
Ушу жакка барганы. 151-б.

Башкы каармандын сөзү боюнча Алай менен Испара (азыркы Исфара, Тажикстан) да Манастын “атасынан калган жер” болгон. Ооба, эпосто бара-бара кыргыздын жерине тиешелүү географиялык чек такталып барат, б.а. Алай, Анжыян, Наманган, Кокон, Испара – бул азыркы Кыргызстандын, Өзбекстандын жана Тажикстандын территориялары экендиги дайын. Демек, Манастын чоң атасы Ногой ээликтеп келген жер, б.а. IX-X кк. Фергана өрөөнүкыргыз урууларынын ээлигиндеги жер болгондугу ырасталат. Караңыз, Манас “көрүп келдиң көбүңөр” деп, биринчи жүрүштү эске салууда. Демек, эр Манас биринчи жүрүштүн максат-милдетин алдын ала билип, эми экинчи, кыйраткыч жүрүшкө чыгууга колунун даяр экендигине ишеним арткан.

Ата уулулар, малдуулар
Алайды барып жайласын.
Башы Жылдыз, Каркыра
Байкаган жетер баркыма.
Баш тартпагын өлүмдөн
Бабаңдын кылган наркына...
Калганың калгын буякка,
Тарбагатай, Ара-Тоо,

Эдил суунун боюна,
Элди баштап баруууга
Не жумуш түштү оюма.
Көчүүгө калды көңүлүм,
Көрүп турсуң баарыңар
Кусарыш менен Көбүлүн,
Күн чыгыш жагың Шиберди,
Көрбөгөн жерге баргын деп
Зордобосмун силерди.
Алтайда ата жериңер,
Анжыянга баруууга
Бизге уруксат бериңер! 152-б.

Караңыз, Манас жана анын колу али Алайга бара элек. Бирок "Ата уулулар, малдуулар, Алайды барып жайласын" деп айтат. Демек, жанагы биринчи жүрүштө Алай өрөөнү жөнүндө толук маалымат ала алган. Балким, атайын кызмат адамдары жашырын маалымат топтоп кайткандыр. Манастын айтканы боюнча Жылдыз, Каркыра да бабалар ээликтеп келген жер болууда. "Байкаган жетер баркыма" деп, өз көзүңөр менен көрдүңөр го кандай гана жерлер экенин, эми барып кайра ээлеп алгыла деген ой жатат.

Эстеңиз, жер соорусу Троя талкаланып, Приам, Гектор каза таап, Эней атасын алып, бир ууч троялыктар Аппенин жарым аралына жетип, дагы бир жер соорусу Италияны сабин, лат, италик этностору менен чогуу мекендеп, жердеп калышат. Бирок аларда кайра Трояга келүү идеясы жаралбайт. Анткени, Италиянын өзү троялыктардын мурунку ата-мекени болгон (Дардан эпоними). Ошондуктан ар бир кыргыз атуулу жер соорусу Анжыян-Алайды эстегенде жүрөгү алып-учуп, дагы бир жер соорусу Алтайдан эми сапар тартууга даяр эле.

Кан Манас Тарбагатай, Ара-Тоо, Эдил (азыркы Урал) суусу тарапка баштап бара турган ою жок экендигин да айтып өтөт. “Көрбөгөн жер” Шиберге (азыркы Сибир) баргыла деп да зордобойм дейт. (Балким, Шибер деген сөз глобалдык Ошпур, Ышбара, Аспара, Ыспар, ашпар, спар эпоним сөзү менен бир башаттан кеткен болуусу да мүмкүн). Манас калам дегениң кала бер, “Алтайда ата жериңер” деп, бул жер да бөтөн жер эмес, кыргыз жердеп келген аймак экендигин эскертип өтөт. Демек, Манас баштаган кыргызга ата-бабаларынын гана жери керек болгон! Ошентип, *кыргызда, Манаста*

*бөтөн жерлерди басып алуу (экспансия, интервенция) идеясы болбоптур!*Мына кан Манастын дагы бир айкөлдүгү, адамзаттык табияты!

Ушуга байланыштуу дагы бир маселе. Тарыхта перс Улуу Кир, Македондук Александр, римдик Юлий Цезарң, гунн Аттила [59], франк Улуу Карл, монгол Чынгызхан, түрк Аксак Темир өңдүүөкүмдар, стратег аскер башчылар өтүшкөн. Булардын жасаган иштери жалпыга маалым. Эми булардын бири-биринен өзгөчөлүгү эмнеде? Ооба, кептин баары ушунда. Баарында дүйнөгө, же регионго үстөмдүк орнотуу максаты болгон. Бирок стратегия, тактика, метод түрдүүчө кеткен. Тарыхый эс-тутум Чынгызхан менен Аксак Темирдин талоончул чапкындарын кечиргиси келбейт. Искендер Зулкарнайн менен Аттиланын дүйнөнү каратуу амбициясын тарых көп деле каралабайт. (Аттила Рим империясын, кулчулук системаны ураткан). Буларда баскындык менен кошо гумандуулук кошо жүргөн. Эки инсан жөнүндө аз эмес элдик легендалар, уламыштар, көркөм чыгармалар жаралган. Ганнибал римдик империялык диктатурага каршы күрөшсө, Спартак римдик кулчулук системага каршы элди көтөргөн. Бул эки каарман тең тарыхтын эрке балдары болуп калышкан.

Кан Манасчы? Ал экспансионист-интервент Кытай журтунан (кара кытай, калмак, ойрот) Борбордук Азия чөлкөмүн, Кыргызстанды бошотуп, Кыргыз журтуна эркиндик, бейпилдик орноткон. Ооба, басып алынган жерлерди гана кайра бошотуп алыптыр. Кыргын, чапкын, тыптыйпыл кылуу болбоптур. Аял заты кол тийгис болуп, ким экендигине карабай кыздын кырк чачын улуулатып келген. Багынган, кол көтөргөн, чөгөлөп таазим эткен кан, этносторго эркиндик берген, өздөрүнөн кан шайлап алууга уруксат эткен. Маселен, Манас беш жүз миң аскери бар Анжыяндагы Алооке канды бир ок чыгарбай, бир инсан набыт болбой Чоң Бээжинге кууп айдаган.*Кан Манастын негизги миссиясы - ата-журтун душмандан бошотуп, эл-журтка бейпилдик орнотуу болуптур!*Манаста айкөлдүк, гумандуулук, адамзаттык сапат башкы орунда турган. Карт тарых тарыхый-эпикалык Манаска эч бир доомат кое албайт, ага Айкөл деген титул адилеттүү ыйгарылгандыгын танбайт!

Эпос боюнча кырк уруу кыргыздын ээликтеп келген Жети-Суу, Түркстан, Фергана өрөөнү, Тян-Шан, Чүй, Кемин, Жылдыз, Каркырадан тышкары Алтай жергеси да кирген. Караңыз, бул өтө зор геосаясий регион болуп саналат. Мына ушул территория VI-IX кк.

тарыхый Батыш Түрк, Түргөш, Чыгыш Түрк (он ок (эл; будун)) каганаттары ээликтеген жерлер менен жакындап кетерин белгилөөгө болот.

Калганым калса Алтайда,
Кармашар болсом кытайга
Калкыма кийин чоң пайда...152-б.
Алтайдын жери жерге чет,
Ант урган кытай барында
Ар канча десең жоого бет... 152-б.
Атаңар өскөн Алайда,
Анжыян боорунда
Ар уруу кыргыз далай бар... 152-б.

Манастын оюнда Алтайда калганы да бекер жатпайт экен. Анжыян-Алайлык кыргыз үчүн Алтайдын жери ыраак, бирок кара-кытайга жакын деген ой жатат. Анткени Манас кытай (кыдан) жерине жол ушул Алтай жак менен кетишин билген кыязы! Ооба, тарыхта улуу Кытай Алтайга келип уруш салганын укпаганбыз. Ошондуктан кези келгенде кытай (кара-кытай, балким, Чыгыш Түрк каганаты) менен жаңжал чыгып калса, ушул Алтайдын кереги тийет деген ой жатат. Түп Бээжинге "чоң казатка" аттанган Манас, Бакай, Алманбеттин колу эми бештен белгилүү, от, сууга мол ушул Алтай менен жүрүш жасагандай. Ошондой эле Манас Алай менен Анжыянда кыргыздын көптөгөн уруулары азыр да бар дейт. Демек, Алтайга Бай Жакып менен кыргыздын түгөл баары качпаган экен. Отурукташууга өтүп калган бир катар кыргыз уруулары Алоокенин кол астында күн кечирип келген болууда.

Кыпчактын чечен Тазы:
Үрбү деген бир уулум
Калтырды деди кыйынга.
Даңгүлү калаа – Кемин шаа,
Дат айтамын журтум саа,
Ойсалкын кызын алыптыр. 153-б.

Ооба, Манастын биринчи жүрүшүндө кыпчак Таздын Үрбү уулу Кемин жеринин шаасы ойрот кызы Ойсалкынга үйлөнгөн эле. Бул топ жыйында кыпчак Үрбү, казак Көкчө Анжыян-Алайга көчүүгө

макул экендигин билдиришет. Ошентип, эпосто эми Манас муунундагы Үрбү, Көкчөөңдүү согуштук-саясий ишмерлер алдыңкы планга чыга баштайт. Ооба, бул эки каармандын "Алтайда ата жериңер, Анжыянга баруруга" макул болушкандыгы зор мааниге ээ болгон.Экөө тең кыргыздагы эң чоң, күч-кубаттуу этникалык бирдик болуп, бири глобалдуу, согушчан кыпчак этносунун өкүлү, экинчиси эми күчөгөндөн күчөп бараткан казак этносунун өкүлү. Кытай Котонун жердеген эр Төштүк да кыпчак болуп, бирок өзү кандык кылган фратриялык тайпасын кыргыздан бир топ оолак кармап, автономдуулугун сактап келген. Бирок региондогу согуштук-саясий кырдаал, Кытай журтунун экспансиясы кыргыз менен бир болууга аргасыз кылган.

Айдаркан уулу эр Көкчө:
Жети-Суу жердин соорусу...
Каркыраны көргөндө
Бой аттуу жүрүп семирдик.
Ченедим Челек, Чарыны,
Дариясын жээктеп
Көрүп келдим баарыны...
Кайтканда кайтып чөл менен
Кара-Өткөл деңиз көл менен...
Ал жерди барып жердесек
Алтайыңдан кем эмес. 154-б.

Казак уулу эр Көкчө “жер соорусу” Жети-Сууну, Каркыраны мактайт. Демек, анын айтымында бул аталган жерлер кыргыз, казак жерлери деген ой турат.

Баштын көркү чач болду,
Баш-аламан сөз сүйлөп
Баары жаман ач болду. 155-б.

Манасчылар “баштын көркү чач болду” деп эмне жөнүндө айткысы келишкен эле? Балким, кээ бир этникалык бирдиктерде көкүл (Көк Уул) [42], башка бирлеринде айдар чач болгондур да, той-топур, аш-тойлордо баш кийимсизэле жүрүшкөн окшойт. Бул ыр саптары менен биринчи манасчы элдин жогорку маанайын, ээн-эркин көтөрүңкү атмосфера жаралып калганын жеткиргиси келген экен.

Ажыраш аяк деген сөз
Атпай журттун мойнуна
Куржун сындуу илинди. 156-б.

Караңыз, ажыраш аяк деген сөз ошондо эле кадыресе бар болуп, конокту аткаруу, атты туурасынан тартуу салты кыргыз, кыпчак, казак ж.б. санаалаш этностордун сый көрсөтүүсүнүн дагы бир маанилүү бөлүгү болгон экен. Демек, үйдөн чыккан ар бир куттуу конок ушундай мейманды атказуу салтысыз атка отурбаптыр да, ажыраш аяк колдон бошобоптур. Ооба, булардын баары жанагы ата-журтка кетебиз деген массалык ой-санаанын үмүттүү максат-ниетинин жаркын маанайы эле.

Алты миң, беш миң аскери
Ашуулуу белге коюлуп...
Чөлгө жылкы салбайлык,
Чөөлүктүрүп кыйратып
Бөөдө кырып албайлык.
Алтайдан өтсүн Жылдызга,
Жылдыздап сыртка салыңар,
Турпан, Кер-Көл арасын
Тууралап алып барыңыр. 158-б.

Эпос боюнча Улуу Көч өтө кылдаттык менен ойлонулган. Көчтүн коопсуздугу үчүн ашуулуу белдерге беш-алты миңден аскер күзөт коюлган. Манас көч чөл менен эмес, бир топ ыраак келсе да от, суусу мол жер менен жүрөлү деп буюрат. Жылдызды аралап өтүп, Турпан аркылуу жүрүп отурабыз дейт.

Тарбагатай кайда деп,
Күрмөлдү ара талаадан
Күрмөлтпөй жылкы айда деп,
Күн жүрүш жак Жылдыз деп,
Алтайда арбын кыргыз деп,
Каран калган жылкыны
Кагып-согуп айда деп,
Каркыра менен Терс-Маео

Текестин жери кайда деп,
Айдаркан көчтү күңгүрөп,
Атпай алач дүңгүрөп...
Каптап келип жыгылды
Каркырага таянып. 160-б.

Айдаркан казак, кыргыздын бир көчүн баштап Тарбагатай, Күрмөлдү, Жылдыз, андан ары Каркыра, Терс-Маео аркылуу Текестин жери менен Каркырага келип токтойт. “Атпай алач дүңгүрөп” дегени казактын алаш (алчын, алшын, алакчын, алазон) этникалык биримдигинин жапырт аттанышы эле. (Жалал-Абад облусунун Ноокен районунун аймагында Алаш деген от, суугa мол, тоо-токойлуу жайлоо бар).

Кыпчактардын Үрбүнүн
Кылганын угуп алыңар...
Каңгырдын жолун кыдырып,
Жети-Суу боюн сыдырып,
Баштап кыпчак, кыргызды,
Басып өтүп Жылдызды...
Кыйла күнү жол басып,
Кер-Көл келип калыптыр.
Көчүп өтүп Көтмалды...
Чүйдүн башын таянып
Үрбүң жатсын таянып. 160-б.

Кыпчак, кыргызды баштаган Үрбүнүн [27] көчүказак Айдаркандын көчүнөн өзгөчөлөнүп, Жылдызды басып өткөн соң Каркырага бурулбай, Жети-Сууну аралап, Кер-Көлгө түшүп, Чүйгө кирип келип токтойт. Ооба, атасы Таз айткандай эле Үрбү калмактар жайланып калган кайын журту Кеминге келип түшкөн экен. Биздин баамыбызда Кер-Көл дегени - бул Ысык-Көл. Кыргыз журту жердеген жер-сууга негизинен өзүнүн байыркы эпонимдерин (ата-бабаларынын аттарын) коюп келишкен).

Арстан Манас каныңар...
Арбын экен көчкөнү,
Алтымыш миңүй экен
Маңгул менен калмактын

Манас жакка өткөнү.
Аңдасаң анда кыргызды
Азыраагы ашып Жылдызды,
Арбыны ашып Куу-Тезди,
Бурбай ашып Муз-Белди.
Баштаган Манас бул элди,
Марал-Башы, Долонду,
Кечип Аксы, Шаяны
Басып өтүп олорду...
Жай-Көлдү көздөй барыптыр.
Жай-Дөбөгө жай алып,
Кашкардан кара чай алып,
Какыраган кара таш
Какшаал тоосун таянып
Сегиз ай жатып калганы.161-б.

Караңыз, эпосто алтымыш миңүйлүү (300 миңдей)маңгул, калмак Манаска тарапка кошулуп кошо жөнөгөн экен. Бул эң кеминде алты түмөн кол кыргыз, Манас үчүн согушуп берет дегендик эле. Алар кыргызга ишеним арткан ошол манжулук калмак Айнакул, Шакум-Мажиктин, кийинки Күлдүрдүн фратрийлик топтору болгондой. Эпосто кыргызга лойалдуу маңгулдар бат-бат айтылып турганы менен анын уруу башчы, башкы эрендери дээрлик айтылбайт. Эми ушундай майда-чүйдөдөй көрүнгөн деталдар манасчылардынтарыхый өткөндүбаяндап жаткандыгынан кабар бererине шек жок. Манастын көчүндөгү азыраак кыргыз Айдаркан, Үрбү сыяктуу эле Жылдызды ашып өтсө, көпчүлүк кыргыз Жылдызга кайрылбай Куу-Тез, Муз-Бел аркылуу жүрүп отуруп, Марал-Башы, Долонду ашып, Аксы менен Шаяны кечип, Кашкардан Какшаалга өтүп жайланып калган болууда. Дагы да тактап айтканда Манастын көчү жайланып токтогон жер Анжыянга жанаша Отуз-Адыр (азыркы Кара-Суу району), Кара-Кулжа (азыркы Кара-Кулжа району) болуптур. Эпосто Ош, Өзгөн, Яссы (Жазы) аталыштагы жер-суу аттары айтылбайт. Балким, Ош, Өзгөн, Яссы деген аталыштар Манастан кийин коюлгандыр. Тарыхта Өзгөн мунарасы XI к. караханид династиясы менен байланыштырылат. Эгерде “Манас” эпосундагы окуялар ошол XI к. кийин болгондо Өзгөн топоними да аталмак, анткени Отуз-Адыр да, Кара-Кулжа да Өзгөндүн эки жагында турат. Өзгөн мунарасы, Яссы (Жазы, Аз) дарыясы, мусулман калкы тууралуу да кеп болмок. Бул, албетте, тарыхый Манастын

окуялары X к. чейин болгондугун ырастамак. Биздин оюбузча көптөгөн азыркы аталыштар кыргыз журту калмак, кытай, ойротторду өз жеринен кууп айдагандан кийин коюлган көрүнөт.

Белгилеп кетчү нерсе, эпосто кыргыздар, казактар, кыпчактар, калмактар, кытайлар (ж.б.) деп, көптүк - лар мүчөсү менен айтылган этноним дээрлик жокко эсе. Кыргыз, казак, кыпчак, калмак, кытай (ж.б.) деп гана айтылат. Айырмасы барбы? Албетте, бар деп эсептейбиз. Анын себебин биз азыр түкшүмөлдөп билгенге караганда ошондогу кыргыз журту өзү мыкты билген деген ойдобуз. Ооба, биринчи жана андан кийинки манасчылар да ушуну карманган экен. Орто жолдон кимдир бирөө чыга калып, эзелки эреже-жобону бузбаптыр. Баракелде гана дейсиң. Бул дагы бир ирет манасчылардын болгонун болгондой бизге жеткирип берип жаткандыгын ырастамак. Биз да бул эмгегибизде ушул эрежени карманып, эпостун оюн, угутун, маанайын сактоого аракеттендик.

## Алооке кандын Манаска багынганы

Анжыян, Кашкар арасы,
Адырынан көрүнбөйт
Алакандай талаасы. 162-б.

Бул азыркы Алай, Кара-Кулжа, Арпа, Өзгөн, Кара-Суу аймактары.

Отуз эки жашында
Оендору кашында. 163-б.

Манас Отуз-Адырга келип түшкөн чагында отуз эки жашта болот. Демек, Бай Жакыптын өз жеринен айдалганына отуз беш жылдан ашып калган экен.

Артыштын ашып бел менен...
Анжыян жакка бетине
Алоокенин элинин
Аралап кирди четине. 163-б.
Отуз-Адыр оюна...
Айдап жылкы сугартып

Кара-Кулжа сайына. 163-б.
Туура жагы Коконду...
Аяк жагы Маргалаң...
Кыштагы кырк беш болуптур,
Кылымга саны толуптур.
Чоң Анжыян, Сузагы,
Чогулткан экен ошону.
Көргөнгө ушу сонун бар,
Көгарт суунун бою шаар.
Үйдүн үстүүй болгон,
Үйгө жери карк болгон,
Тамдын үстү там болгон,
Талаасында чолоо жок
Даңгыт, маңгул карк толгон.
Пери урган кытай өз эли,
Кайнап жатыр калмагы,
Катуу душман келди деп
Калкына кабар салганы.
Андагы аты Андакен,
Анда киши калбаптыр
Атасы кыргыз көп элден,
Маңгул менен калмагы,
Тыргоот менен даңгыты
Тыйпыл баарын алганы.
Кыпчак менен тейитти
Кыргызыңа кеткин деп
Кыбылага сүрүп кейитти.
Окчу менен думара
Орун бербей буларга,
Нойгут менен дөөлөстү
Оолак жүр деп жөөлөттү.
Алтайга кеткен кыйласы,
Алдагы жетип ыйлашы.
Катагандан калыптыр,
Кайнаган калмак калктыр,
Кыргызыңа кеткин деп
Катардан сүрүп салыптыр. 165-б.

Бул жерде Алооке ээликтеген жердеги этностор, алардын абалы сүрөттөлөт. “Пери урган кытай өз эли” дегени боюнча даАлооке кытай (кара-кытай) деп айтылат. Эпосто Кокон, Маргалаң, Чоң Анжыян, Сузак, Көгарт жерлери айтылат. “Көгарт суунун бою шаар” дегенине караганда бул чоң сууну жээктеп шаар болгон көрүнөт. Анан да “үйдүн үстүүй болгон, тамдын үстү там болгон” деп, жашоо образы отурукташууга өткөн элдер эки-үч кабат үйлөрдү салып жашап эле жүргөн чак окшойт. Алар кимдер болуусу мүмкүн эле? Эпостун бул жеринде отурукташкан перс (иран, тажик) эли жөнүндө кеп жүрбөйт. Өзбек этносу тууралуу эч сөз жок. Анда бул шаарларды, кырк беш кыштакты ким куруп, кимдер жашап жаткан эле? Эпос боюнча ошо кезде (болжолу VIII-IX кк.) аталган жерлерди (Алоокенин) кытай (кара-кытай)эли ээликтеп жаткан кез окшойт. Алооке кандын көзүн карап, басмырланып “атасы кыргыз көп эл”, “кыпчак менен тейит”, “нойгут менен дөөлөс”, катаган этникалык бирдиктери жашаган экен. Демек, бул шаарларды мына ушул аталган, отурукташууга өтүп калган элдер курушкан, сырттан келип бирөө жасап бербесе керек эле. Балким, Ногой кандын тушунда эле бул шаар, кыштактар бар болгондур. Же Орозду, Үсөн, Бай, Жакып Анжыян-Алайдан куулуп, андан бери отуз жыл өтүп салынган тамдар беле? Бирок кыска убакыттын ичинде ушундай кабат тамдар салынып, сырттан келген баскынчы Алооке эми элин жыргатып жашап калган экен деген ой калпыстыр.

Эпос боюнча Алооке Манастын кабарын угуп, “беш жүз миң аскер кол жыйып”, кыпчак менен тейитти, окчу менен думараны, нойгут менен дөөлөстү, катаганды “кыргызыңга кеткин деп, кыбылага сүрүп кейитиптир”. Кыбылага болгондо күн батышка, б.а. Манас келип түшкөн жерден (Отуз-Адырдан) алыстатып, ага кошулуп кетпесин деген ой менен (го) Кокон, Маргалаң, Ыспарадан ары батышты карай кууган экен. Ооба, бул да болсо эртеги орто кылымдык кытайдын (кара-кытайдын) геосаясатынын бир көрүнүшүкыязы.

Алтайгакөчпөйкалып, Алоокекандынзапкысынжегеннойгут (кээбирфратрийлери), дөөлөс, окчумененкатардумара[46] уруусудабарболгон. Думараэтнонимитарыхыйтонграэтнонимимененбирболуусутолукыктымал. Тонграэтносубиркатартарыхыйбулактарданкездешеримаалым.

Айылын не үчүн кондурат
Анжыянга эңкейтип?
Эсенкандан качпаса,
Эси чыгып шашпаса...
Жылдызды ашып качабы?..
Сураксыз конуп жериме,
Чуулган салып элиме,
Чыдай албай Бээжинге,
Чыйраксынып келиптир
Кең Фергана жериме. 167-б.

Бул Алооке кандын сөзү. Ооба, Алоокеошол отуз жыл ичи өзүнүн оюнда анжыяндык, ферганалык болуп калган экен. "Сураксыз конуп жериме, чуулган салып элиме" деп, дагы деле болсо абалдын өтө оор экендигин түшүнө элек кейпи, Манастын чыныгы ою эмне экендигин сезип-туя элек сыягы. Анан да Эсенкандан качып, Жылдызды ашып, чыдай албай кытай Бээжинине, балким, жер сурап келгендир деген ойдо да болгон кыязы. Бул бейиштин төрүндөй жерден эч бир кетейин деген ою жок экен Алоокенин. Эгер Манас кууп айдабаса бу кудай ургур кытайың кыргыз жеринен такыр кетмек эмес экен. Ушул эле көрүнүш казак жергеси Сары-Арка, Жылдыз, Каркырада да болуп, кыргыздагы бу бaурларыбыз да ар кай жакта жүрүп күн өткөрмөк сыягы. Кыргыздын кыпчак этносу да чачырап (Таз, эр Үрбүсү кыргызда, эр Төштүгү кытайда), жерине ээлик кыла албай каңгып жүрмөк экен. Ал эми каракалпак этносу кыргыз менен гана күнүөтүп калгандай. Ооба, Алооке кан кыргыз жерин ээликтеп турган менен Бээжиндеги Эсенкан, анын сателиттери калмак Жолой, "чала кытай" Нескара бүткүл Борбордук Азияны, Монголияны, Ыраакы Чыгышты имерип чаап, Кыргыз журтундагы урууларга күн көргөзбөй келгени жашырын эмес. Анан каракалпак, найман, ногой өңдүү бутуна бекем тура элек уруулар кантмек эле. Кыргызга, Манаска биригүүдөн башка жол көрүнбөгөн. Кийин булардын (казак, түрк, кыпчактын да) бөлүнүп, өз алдынча мамлекет болуп, эркин басып калышы Манас ошол Кытай журтунун согуштук системасын бузуп, талкалагандан кийин гана болуп жатпайбы.

Миң-Бугу деген жери бар...
Андагы аты - Ара-Түз,
Аңга кызып ушул кез,

Азыркы атагы
Арпа деп айтат анык сөз. 169-б.
Карыя Бакай абасы
Көмүрдөй кара кулжадан
Көбүн атып салыптыр.
Акыр заман журтуна
Кара-Кулжа атагы
Так ошого калыптыр. 170-б.

Булар Манас аң уулап жүргөн тоо-токойдун аталыштары. Азыркы Арпанын аты илгери Ара-Түз экен. Ал эми Кара-Кулжанын аталышына Бакайдын тиешеси бардыгы да дайын болот. Балким, Кара-Кулжа, Кулжа деген топонимдер да эпонимдик башатка ээ болгондур. Бирок Таң-Шаң аталыш ошондо эле бүгүнкүдөй бар экен.

Кан Алооке камданып,
**Лаанатка** сыйынып... 172-б.

Демек, кытай, калмак, ойрот ошо кезде лаанатка сыйынып келишкен экен. Бирок бизде азыр да “лаанаты”, “лаанат кордо”, “атаңа наалат” деген тескери бата сөздөр бар. Демек, кытай, калмак, ойрот кыргызга эстен кеткис зордук-зомбулугун көрсөтүүгөүлгүрүшкөн экен. Эпос боюнча кыргызда будда дини кандайдыр бир сый-урматка ээ болбогондугу да даана сезилет.

Ургун, Дарба, Амурду –
Ушуну жердеп тим жатсак
**Кудай** билет эле го
Эсенкан келип аларды. 174-б.

Манас ууда жүргөндө Алоокеден Тизелик аттуу элчи келип, катуу сүйлөп коркутуп киргенде Бай Жакып ушинтип безилдейт. Ооба, Бай Жакып көбүнчө Манастын оюна, сөзүнө, ишине ишенбөөчүлүк (скептикалык) менен мамиле жасап келген. Манастын мүмкүнчүлүгүнө (потенциалына) толук ишенбеген. Ошондуктан кичине эле коркунуч пайда болсо, “кокуй, алат” маанайга (пессимизмге) кабылып турган. Бул учурда да өң алаттан кетип, кайдагы Алтайын (Ургун, Дарба, Амур) эстеп көз жашы кылат. Демек, Бай Жакыпта ата-журт идеясына караганда кайда болсо да

тынч, бейпилдикте жашоо артык көрүнгөн. Бул, албетте, анын ата-бабаларындай кыргыздык, кандык негизинин болбогондугун айгинелемек. Ошон үчүн да ага журт атасы, кан болуу тагдыры маңдайына буйрубаган экен.

Башта ушул Анжыян
Бабаңөскөн жер экен...
Калмактан болгон каңгай бар,
Каран калган Түркстан
Үйрөнгөнчө далай бар. 178-б.

Ошентсе да Бай Жакып ата-бабасынан калган жер Түркстан экендигин мыкты билген. Түркстан деген геоним эпостон мурун болгон экен. Түрк деген сөз азыркы Түркиялык түрктөрдүн энчиси эмес. Селжук (селчук), кийин османлы түрк этносуОрто Азиядан Кичи Азияга өтө ыраактап кетип, түрк тилдүү элдер менен мурункудай байланыштыгы болбой калып, ушул жалпы орток түркэтнониминөздөрүнө эш кылып, түрк этносторунун бир бөлүгү катары Кичи жана Алдыңкы Азияга, Батышка жар салып, геосаясатын жүргүзүп келген. Ал эми кыргыз менен Манас деген сөздөр дээрлик бир мезгилде чыккан болуу керек. Алгачкы аң-сезимдүү (homo sapiens) кыргыз уругуөзүнүн ушул биринчи рухий дүйнөсүнө сыйынып келишкендей. Ошондуктан дакыргызды боштондукка чыгаруучу башкы каармандын аты ошол эзелки рухий ишеним-эпоним `Манас` болууда.

Түрк деген сөзчү? Бул библиялык Туран эпониминен калыптангандай (маселен, Туран, Тур, түрк). Демек, бул да эпоним сөз. Мындатур жана ок деген эпонимдер болуусу мүмкүн. Оозеки кепте турок, турокман деген сөздөр мезгил өтүп түрк, түркмөн деп айтылып калган болуусу толук мүмкүн. Маселен, кыпчак деген сөз летопистерде, “Слово о полку Игореве” поэмасында кончак деп жазылган. А, чындыгында кыпчак [28] деген сөздө кыу (куу; кыучак) деген сөз бар экендиги анык.

Отуз-Адыр оюна,
Орчун Көгарт боюна,
Капчыгайга карк толду,
Канча түрлүү кол болду. 180-б.

Кеп бул жерде Бай Жакып өзү барып, Манаска Алоокенин чоо-жайын айткандан кийин, Манастын чакырыгы менен төрт жүз миң аскер Отуз-Адырдын оюна батпай, Көгарт суусун бойлой да жайгашкан экен. Тактап кетчү бир нерсе, мында ошол Отуз-Адырдын жанындагы азыркы Яссы (Жазы) суусу жөнүндө кеп жүрсө да, жыйырма-отуз чакырымдай (тигинен) ыраактагы Көгарт суусунун аталышы айтылып жаткандай. Же, Манастын жардыгы менен топтолгон кырк түмөн кол чындыгында эле бул аймакка сыйбай бер жагы Тогуз-Торонун жака белине чейин чоюлуп кеткен беле? Кандай болгон ченде да Жазы деген гидронимдик аталыш ал кезде жок болуптур. Анан да Ош аттуу тоо-таш, же калаа тууралуу да кеп жок. Же, биринчи да, кийинки да манасчылар унутуп калышкан беле? Албетте, жок. Биздин оюбузча, Жазы, Ош топонимдик аталыштары кийинки көрүнүш. (Үч миң жылдык тарыхы бар азыркы Ош башка аталышта болуп келгендей). Бул жер-суу аттары 'Аз' [17] эпоними менен байланыштыгы бар болуусу толук мүмкүн.

Көрүп туруп калмагы,
Көпсүнбөйлүк буга деп
Көңүлү чочуп калганы.
Байкап туруп маңгулу
Башы жаман каңгыды.
Кыжылдаган кытайы
Кылымдан мурун көрбөптүр
Кыйындыгы мындайды. 181-б.

Манас негизи сексен миң аскери менен Анжыян менен Какшалдын ортосу Отуз-Адырга түшкөн эле. Эми үч күн, үч түн – алты күндүн ичинде кырк түмөн колду чогултат. Кыязы буга Үрбүнүн Кеминдеги колу да кошулуп келген бейм? Ушуну өз көзү менен көрүп турган калмак, кытай, маңгулу колунан буюму түшүп, нес болуп согушка чейин эле алдырып койгон көрүнөт.

Наамандын жери Түркстан,
Айныдым мында жүрүштөн.
Эки атам өткөн анда экен,
Эсендик тилеп өзүмө
Каспан шаар Туңшуга
Качсам керек деди мен. 193-б.

Манас Алоокенин турагына (резиденциясына) келип, анын ким экендигин эми анык сезген кытай-калмак каны ушинтип даттанат экен. Эпостогу “Наамандын жери Түркстан” деген сөзгө караганда илгери экенде Нааман деген инсан (эпоним) болуп, Түркстанды ээликтеп келгендей. Ушул Нааман деген сөздө Ман эпоними байкалат. (Балким, найман этноними менен байланышта болуп жүрбөсүн) Ал эми азыркы Наманган деген топоним Нааман деген эпонимдин бузулуп айтылуусунан калыптанган болууда. А, Анжыянчы? Бул да эпонимдик катышуудан калыптанган түрү бар. Эпосто “андагы аты Андакен” (163-б.) деп, Анжыяндын мурунку аталышы айтылат. Тарых барактарында Андукан деп да жазылып келет.

Анан да Алоокенин "эки атам өткөн анда экен" дегенине караганда бери дегенде эле алтымыш-жетимиш жылдын аяк-быягы жөнүндө сөз жүрүп жаткандай. Ооба, бул эпостогу Ногой кан о дүйнө кетип, анын төрт уулунун чапкынга алынып, чар тарапка куулуп айдалышы менен дал келип тургандай.

Эрте туруп Ажыбай
Азан айтты таң менен.
Азанды баары угуптур,
Адамдын баары туруптур. 194-б.

Бул Манас жана анын чоролору Алоокенин төрүндө сайран куруп жаткан кездегиси. Аргын Ажыбайдын[51] азан айтканына караганда кыргыз мусулмандыкка [29] өтүп калган кез беле? Орто Азия, Хорасан чөлкөмүндө 751-жылкы Таластагы араб менен кытайдын регионалдык кандуу согушунда жеңүүчү толук аныкталбай, кытай тарап чегинип кеткенден кийин бул чөлкөмдөгү түрк, перс элдеринде араб үстөмдүгү орноп, исламдын жайылуусуна тоскоолдук калбай калган.Бирок Алтайда жүргөндө кыргызда мусулмандыктын белгиси байкалбайт.

Түп Бээжин жаткан жериңиз,
Түмөн кытай элиңиз.
Бабам өткөн жерибиз,
Байкасаң ушу кебибиз. 196-б.

Манастын бул сөзү боюнча Алоокенин киндик кан тамган жери Түп Бээжин болуп, Анжыянга эч кандай этникалык да, геосаясий да тиешеси жоктугун билдирет. А, бул жер бабаларым өткөн – биздин жер деп маселени кырынан коет. Манас Алоокенин тун уулу Боокени, агасынын уулу Абышты барымтага алат. Демек, ушундай барымтага алуу согуштук-саясий амал ошондо кыргызда болгон экен.

Алты ай тынчтык алыптыр,
Анжыяндын шаарынан
Кытай, калмак баарысын
Айдап кууп салыптыр...
Жыл маалына жеткенче
Жалгыз калмак калган жок. 197-б.

Ооба, алардан да, булардан да бир киши окко учпай, зордук-зомбулук да болбой, тыптынч гана бир жылга жетип жетпей Анжыян-Алайда кыргыз жана анын уруулаш этностору гана калыптыр. Качан, ким, мына ушинтип, өзүнүн эзелки, ата-бабасынын жерин элүү түмөн аскерден турган кас, душманынан бошоткон эле? Мына эр Манастын нагыз аскердик айла-амалы, адамзаттык айкөлдүгү!

## Манас баатыр өзү катылган Шоорук канды жеңип, Акылай деген кызын тартууга алганы

Алайдын түштүк жагында,
Башы Даң-Дуң тоосунда,
Маймундуктун Шоорук кан
Жаткан экен ушунда.
Калча деген калкы бар,
Калча жайын сурасаң
Кыргызга жакын каркыбар. 200-б.

Мында Манасты кыйратам деген Шоорук кандын отуругу сүрөттөлүүдө. Демек, анын жери Алайдын түштүк жагы, Анжыяндан бир топ эле ыраак экен. Элинин аталышы калча болууда. Белгилеп кетчү нерсе “кыргызга жакын каркыбар” деп, бул этностун кыргызга жакындыгы эскертилет. Казак легендасында ак куунун кебин кийген

кыз жарадар болуп, өлүм алдында жаткан Калча аттуу казак баатырын сактап калгандыгы маалым. Ушундай параллелдер бул калча элин түзгөн уруу-уруктардын бир кезде (балким, тарыхка чейинки доордо) бир этникалык бирдик болуп, бара-бара мезгилдин өтүүсү менен кыргыз журту, казак уруусу, анан кыргызга эми тескери болуп калган Шооруктун калча уруусу болуп бөлүнүп кеткендигин кабарлайт кыязы. Шоорук деген аталышты орус летописң (XII к.), былиналарындагы кончак ханы Шарукан [30]менен идентификациялоого болмок. Ооба, Шоорук кандын калча уруусунун кыргызга тиешелүүлүгү бардыгын букардык айтылуу Музбурчактын калча уруусу да ырастамак. Бирок ушу менен чектелип калалы десек эле дагы бир "бирок" чыга калат дегендей кытайдын айтылуу Коңурбайы да эпостун бир эпизодунда "чоң калча" деп аталат. Балким, муну Манастын ошол IX-X кк. менен эмес, алда канча илгерки б.з.ч. II-V кк. менен түшүндүрүү ылайыктуудур?

Алтайлык кыргыз барыптыр
Ополдун тоосун оролуп,
Кенжутка жетти көчмөнү,
Аяны өтүп Алайдан
Ызар тоону өткөнү. 200-б.

Ошентип, Алтайдан келген кыргыз көчү эми Анжыяндан Алай аралап, Опол тоосунан өтүп, Кенжутка жетип, Ызар тоосуна таянат. Ызар дегени кийинки Гисар аймагы (азыркы Тажикстандын территориясы). Ошол Ызар деген баштапкы аталышы туура болушу мүмкүн. Эпос боюнча эртеги орто кылымда бул аймак кыргыз урууларынын жери болгон экен.

Анжыянга, Кашкарга
Артылта кууп салбасам!..
Кызылдан ары өткөрүп
Кыр ашырып тынайын!..
Айдап тоодон ашырып,
Алайды карай сүрөйүн!
Кезектин уулу Шоорук кан,..
Татала деген журту бар. 201-б.

Шоорук кан кыргыз көчүн Анжыян, Алай, Кашкарга кайра kyyп айдайын деп чамынат. Шооруктун атасынын аты Кезек болгон экен. Кезек деген сөздү “Слово о полку Игореведеги Гза, Гзак энчилүү аттары менен окшоштурууга болор беле? Балким, казак этноними менен байыркы башаты бир болуп жүрбөсүн? (Эстеңиз, казактын Калча аттуу баатыры, ал эми Шооруктун калча [31] аттуу уруусу болгон. Анан эпостогу калчанын "кыргызга жакын каркы бар" деген жерин). Анда Шооруктун бул калчасы кытай Эсенкан, Алоокенин заманында кантип күн көрүп келген эле? Кыязы, тоо-таштуу, кокту-колоттуу Гисар (Ызар) аймагына Кытай журтунун колу жетпей калган көрүнөт. Геостратегиялык мааниси да болбогондой. Ошон үчүн кытай менен Шоорук кан бейтарап позицияны карманып, алыш-бериш кылып, "тынчтыкта жанаша жашап" эле келгендей. Мына ушундай геосаясий абал суверендүүлүктүн даамын татып калган калча (татала да) Шоорук канды "кыргызга жакын каркыбардыгын" унуткарып, эсиртип салган көрүнөт. Чындыгында бул калча этносу Ногой кандын тушунда кырк уруу кыргыздын (Музбурчактын калчасындай эле) бир уруусу болуп эле жүргөндөй.

Эми Шоорук кандын калча аттуу калкынан башка татала деген уругу да дайын болууда. Ушул ‘татала’ деген этнонимди [32] тарыхый булактардан кездештирүүгө болот.

Жетигендин тарабы
Жери Кенжут карады,
Күн чыгышы Ималай,
Шолорду да жердеген
Шооруктун эли бир далай. 203-б.

Демек, Шооруктун жери Гималай тоосуна ирегелеш турган. Биринчи манасчылар ушунтип тактап айтышкан экен.

*Ооба, биринчи манасчылар.* Эпостун азыркы бизге белгилүү варианттарынын ар биринин биринчи манасчылары болгондугунда шек жок. Бирөө биринчи баштаган, бири экинчи болуп айткан, дагы бири үчүнчү болуп чыккан. Ошентип, түрдүү варианттар калыптана берген. Ошондо Манастын кыргыз журтунда канча уруу бар болсо, ар биринин биринчи манасчысы болгон деп ишеним артууга болот. (Маселен, кандык кыргыздын биринчи манасчысы, казактын биринчи манасчысы, кыпчактын биринчи манасчысы, нойгуттун биринчи манасчысы, ногойдун биринчи манасчысы, аргындын биринчи

манасчысы, катагандын биринчи манасчысы ж.б.) Анткени, ар бир уруудан Манаста аскер болуп, анын ичинде интеллектуал, таланттары да болуп, чоң казат да бүтүп, Манас да о дүйнөгө кетип, ар кимиси үй-үйүнө да жетет. Алгач ирет кыргыздын, Манастын трагедиясын (балким, чоң казаттан башталгандыр) кошок иретинде кошуп келишсе, калайык-калктын суроо-өтүнүчү менен бара-бара жаңы эпизоддор кошулуп отуруп ушундай түрдүү варианттагы эпос калыптана баштаган. Бир манасчы Көктөйдүн ашында өзү күбө болуп ошону мыкты айтса, башка бири чоң казатта аягына чейин толук болуп аны аябай сүрөттөп айта алган. Дагы бири бул экөөндө тең такай катышып жүрүп, бул эки бөлүмдү тең ийине жеткидей кылып ыр менен баяндап берген. (Ушул эки бөлүмдүн варианттарынын арбындуулугун, көркөмдүүлүгүн, кызыктуулугун ушул өңүттөн түшүндүрүү ылайыктуудай). Эми ошол түрдүү версияда айткан биринчи манасчылардын өз шакирттери чыгып, аны кандай угуп, кандай кабыл алып, үйрөнүп келген болсо, андан ары негизинен мурунку манасчыдай (анча-мынча алымча-кошумчасы менен) кылып айтып жүрүшкөн.

*Кимдер биринчи манасчы болууга акылуу болгон?* Биздин оюбузча, албетте, кыргыздын, Манастын согушуна, окуяларына түздөн-түз катышкан аскер-манасчылар. Анткени, алар дастанды, легенданы, болмушту эмес, нукура болгон тарыхты айтышкан. Ооба, ошол урууштардын катышуучулары, күбөлөрү катары. Бирөөсү аксап, экинчиси ок жеп, үчүнчүсү колунан жарат алып, бирок төкмөлүк, ырчылык таланты болуп, эми ошол Манастын окуясын алгач ирет тарыхый кошок (трагедия) иретинде кошуп келсе, бара-бара Манастын тарыхын реалдуу тарых, чындык катары төгүп айтып калган. Комузда, куюлуштуруп, салттык жети-сегиз муунда ырдап төккөн. Ошентип, түрдүү вариантта айткан биринчи манасчылар, албетте, Манасты көргөн, анын окуяларында катышкан (фронтовик) аскер болуусу толук мүмкүн болгон. Ансыз аларга "темирди кызуусунда согуп жаткан" угарман калктын ишеними болбос эле. (Маселен, Баткен согушуна барбай, бирок укканы боюнча гана ошол Баткен коогалаңын сүрөттөөгө аракет кылган кишидей). Ооба, эл биринчи манасчыдан тарыхый чындыкты, согуштук чындыкты талап кылган. Аша чаап кеткен, же кемитип койгон аскер-манасчы чоң балээге калуусу да мүмкүн эле. Анткени, баштан аяк Манастын окуяларына катышып, бирок ырчылык таланты жок (казатчы) аскерлер элде толтура жүргөн. Манастын бул мурунку аскер

адамдары калпты, же чектен чыккан ырчы-тарыхчыны бат эле жайына коюп, ашкерелеп коймок. Ошондуктан биринчи манасчы-тарыхчы чындыкты гана айтууга милдеттүү болгон. Демек, *"Манас" эпосу - IX-X кк. кырк уруу кыргыздын, Манастын тарыхы болуп саналат.*

*Манастын тарыхын каерде биринчи айта баштакан?* Маселен, бир манасчы Анжыян-Алайда баштаган болсо, экинчиси Чүй-Кеминден чыккандыр. Дагы бир манасчы Сары-Колдо айтып кирген болсо, башка бири Таластын өзүндө айтып келгендир. Бирок булардын баары биринчи манасчылар болгон. Кийинки "Семетейде" аты угулбай калган кыпчак, найман, каракалпак, дуулат, үйшүн, дөөлөс, казак, кызай, калча, окчу, тонгра ж.б. урууларынын да өз манасчылары болгон деп ишеним артууга болот. Булар жалпы кыргыз, Манас тарыхын эки-үч муунга чейин айтып келип, Кыргыз журтунан алыстагандан алыстап отуруп, элдик эс-тутумдан чыгып кеткен көрүнөт.

*Эпостун варианттары кандайча келип чыккан?* Маселен, кээ биринде "Манаска" караганда "Семетей" кенен, көлөмдүү, кызыктуу айтылат. Бул ошол биринчи фронтовик-аскер манасчынын өздүк версиясы. Бир айырмачылыгы, маселен, Ырамандын Ырчы уулуна караганда башка версиянын биринчи манасчысы Манаска Көкөтөйдүн ашында гана келип кошулуп, андан берки окуялардын дээрлик баарына толук катышып келет. Анан Манас кетип, Семетей келип, мында Сейтекке чейин баштан аяк жүрүп, окуяларга күбө болот. Ошентип, бул таланттуу аскер манасчы-семетейчинин өзүнүн версиясы келип чыгат. Эпостун варианттары ошентип калыптанып отурган. Белгилеп кетчү нерсе, "Семетейди" мыкты айткандар негизинен нойгут, аргын, жедигер, ногой, катаган ж.б. уруу өкүлдөрү болуусу мүмкүн. Анткени, аталган этникалык бирдиктер эпостун ушул экинчи бөлүмүндө активдүү катышат. Ооба, ал доордо ар бир инсан белгилүү бир уруунун өкүлү болгон. Уруудан айрылган, же айдалган киши башка урууга кул болгон, же өлүм тапкан. Ошондуктан биринчи манасчылар биринчи кезекте өз уруусунун манасчы-тарыхчысы болгон. Алар Манастын тарыхын өз уруусунда гана айтышкан. Уруу башчыларынын (кандын, бектин) өз ара макулдашуулары аркылуу гана башка уруулук чектерде айтууга мүмкүндүк алышкан. Анан да Кыргыз журтунун борбору, башкы ставкасы болгон кандык кыргыз уругунун (Ногой кандан тарагандардын) ордосунда Манастан кийин да кырк уруу кыргыздын

(Батышка сапар тарткан уруулардын, же Манаска кудайындай сыйынган этникалык топтордун, же кыргызга өтө лойалдуу фратрийлердин) аздыр-көптүр өкүлдөрү кыргыз мамлекетине кызмат өтөп келишкен. Мындай толук эмес уруулук тайпалар үчүн Кыргыз журтунун эшиги дайым ачык болгон.

Сагымбай манасчынын вариантынын эпопеялык масштабына караганда анын биринчи айтуучусу Манастын Алтайдан Анжыян-Алайга көчкөнүнөн баштап чоң казатына чейин бир жүргөн, баарын өз көзү менен көргөн, көрбөй калганын көргөндөрдөн өзү уккан, кырк чоронун бири, айтылуу ырчы, элчи-жарчы казак Ырамандын Ырчы уулу деп билебиз. Ошону менен бирге эр Ажыбай да, "жайма көкүл" жаш Айдар да “жетимиш тил билген”, чечен, эрудит, чыгармачыл кырк чоронун бири болушкан. Бизде "Манасты" ким биринчи айткандыгы тууралуу тарыхый так маалымат жок. Бирок бул үчөөнүн ичинен аргын Ажыбай "Семетейде" да Бакай менен чогуу жүрөт, кыргызга, Манаска эң бир лойалдуу чоро боюнча кала берет. Ошндуктан бул үчөөнүн тең биринчи манасчы болууга тең укуктары бар деген ойдобуз.

Эми Сагымбай манасчы кыргыз жерин дурус эле билип, казакта болуп, кытай жеринде үркүп жүргөнү бизге дайын. Бирок андан башка эпостогу чөлкөмдөрдө болгондугу тууралуу бизде маалымат жок. Ошону менен бирге эпосто канчалаган географиялык аймактар сүрөттөлөт, аттары так аталат, кудум Сагымбай өзү барып көрүп келгендей. Демек, булардын баарын өз көзү менен көргөн, өз аягы менен басып сезген биринчи манасчы-аскердин талантынын, эрудициясынын жемиши деп эсептөө оң. Эми ошону болгонун болгондой кылып бүгүнкү күнгө жеткирген Сагымбай манасчыга, Саякбай манасчыга, Шапак манасчыга, Тоголок Молдо манасчыга, Шаабай манасчыга, Жусуп Мамай манасчыга (ж.б.) жана аларга чейинки жүздөгөн манасчыларга баракелде деп гана айтуу аздык кылар.

Шоорук кандын кызыл туу...
Акылай улуу кызы экен. 203-б.

Шоорук кандын туусу да кызыл түстө экендигин эске алуу зарылдай.

Кара-Тегин жол салып,
Алайда жаткан кыргызга
Кошуну келип кол салып,
Нойгутка ойрон салыптыр,
Ошпурдун айлын оңдурбай,
Окчуну чаап алыптыр. 205-б.

Бул Шоорук кандын жүргөн жолу. Кара-Тегин азыркы Чоң-Алайда. Эпос боюнча окчу (окчо) уруусу Ыспар (азыркы Исфара (Тажикстан), Ыспан (Баткен облусу, Кыргызстан)) аймагын жердеген. Ооба, эпостогу маалымат (окчу, Ыспар, Кара-Тегин, Алай) менен азыркы Алай (Кара-Тегин, Чоң Алай, Баткен) топонимдери дал келип турат."Ошпурдун айлын оңдурбай, // Окчуну чаап алыптыр" дегенине караганда Алтайдан Анжыянга көчкөндө, кыязы, Ошпур өзүнүн уруулаш окчу элине кайткан окшойт. Караңыз, бүгүнкү күндө да нойгут уруусу негизинен Чоң-Алай, Баткен аймагын жердеп келет. Бул, албетте, эпостук маалыматтардын чындык менен дал келүүсүн ырастамак. Демек, кыргыз Алтайга сүрүлгөндө Акбалта баштаган нойгуттун кээ бир фратрийлери да кошо үрккөн экен. Ошону менен бирге башка бир фратрийлери Баткен-Алай чөлкөмүндө калган болууда.

Анжыяндын боорунан
Адам калбай келсин деп
Кошунуна чакырды.
Кара-Кулжа тарынан,
Көкүрөк, Көк-Арт баарынан,
Кара-Алма кайкы белинен,
Калба деп кыргыз элинен,
Топурак-Бел, Кара-Суу,
Ортосу Оган дабаны,
Орчун шаар Анжыян,
Тез келсин деп аларды,
Маргалаң менен Зымыны,
Калбасын деп Чымыны,
Кожент менен Жызакты
Бачым-ылдам келсин деп
Баруучусун узатты. 207-б.

Бул Манастын кырк уруу кыргызга жарыялаган жалпы мобилизациясы эле. Караңыз, географиялык алкагы бир топ болууда. Бул Кыргызстандын түштүгү жана азыркы Тажикстан, Өзбекстандын территориялары. Мындан чыкты Алооке кан куулгандан кийин кан Манас Анжыян, Маргалаң, Кожент, Жызак аймактарына өзүнүн мобилдүү кошундарын жайгаштырган экен. Мына ушунча жерге Манас алты кишини гана чаптырат. Демек, атайын чабармандар кызматы да болуп (маселен, “атка жеңил, тайга чак” жаш Айдарга окшогон), ар кимиси өзүнүн маршрутун так билип, кыска убакыттын ичинде кабар берүүгө маш болушкан. Кабар жетери менен мурун алдын-ала иштелип чыккан план боюнча ар кимиси белгиленген чекитке даяр болуп жетип келгендей. Эпосто да “ана-муну дегенче алтымыш миң кошуну азыр болуп калыптыр” деп, кошундун алгачкы эпкиндүү топтору сапка даяр болуп калган.Мында азыркы белгилүү топонимдер айтылат (Отуз-Адыр, Кара-Кулжа, Көк-Арт, Кара-Алма, Топурак-Бел, Кара-Суу, Оган дабан). Булар Ош жана Жалал-Абад облустарына караштуу жер-суу аттары. Эгерде аталган топонимдер биринчи манасчынын айтканынан калган болсо, анда аларга эң кеминде 1200 жыл болот.

Кытайдан бөлөк жоо жок деп
Кыялыңа аласың,
Кырып кетсе кыргызды
Кыбаң шондо канасың! 207-б.

Бул нойгут Акбалтанын Манаска айткан наараазы сөзү. Акбалтанын айтканына караганда Манас бир гана кытайды (кара-кытайды) жоо деп, дагы башка кастык оюу бар уруулар тууралуу кабарың жок деп күнөөлөйт. Бул жерде кеп Шоорук кандын кыргызды (нойгутту, окчуну) чаап кирген колу жөнүндө болууда. Көрсө, элинин чабылганына наараазы болуп Акбалта кыргыз канына жогорку сөзүн айткан экен.

Үркүп кыргыз кетиптир
Анжыян жаккы тоосуна
Шоорук кандын кошуну
Тоо таянып жетиптир. 209-б.

“Анжыян жаккы тоосуна” дегенине караганда кыргыздар Тянь-Шанң тоосунун Арстанбап, Каба, Алаш, Майлуу-Суу тарабын көздөй үрккөн кыязы. Анткени Шооруктун колунун келген жагы Памир, Гималай тарап болууда.

Үрүстөм өзү болсо да
Үстү-астын бир салып
Үлгү кылып жөнөрмүн.
Каарданып муну айтып
Кабылан төрө Манасың... 209-б.

Бул Манастын сөзүнөн. Демек, эпос боюнча Манас элдик перс “Шах-нама” дастанын (Фирдоусинин “Шах-нама” (XI к.) поэмасына чейинки), анын башкы каарманы Үрүстөм (Рустам) жөнүндө билген болууда. “Шах-нама” элдик дастаны иран (сасаниддер) менен турандардын Алдыңкы Азия, Кичи Азия, Иран, Орто Азия, Хорасан чөлкөмүндөгү геостратегиялык үстөмдүк үчүн күрөштөрүн, этникалык-маданий алакаларын баяндаган. Мында перстик Рустам, турандык Афрасийаб (Алп Эр Тоң) эрендердинэрдиктери сүрөттөлөрү маалым. Биринчи манасчылардын угуп, көргөнүн дал өзүндөй кылып айтып келишкенине, алардан Сагымбайга чейинки дастанчылардын да төкпөй-чачпай бүгүнкү күнгө чейин жеткирип беришкенине ыраазы гана болуу керек го. “Манас” эпосундагы окуялар “Шах-намадагы” окуялардан кийин бир нече кылым өткөндөн кийин болгондугу ырас. “Каарданып муну айтып” “Үрүстөм өзү болсо да” дегенине караганда Манас бул перс каарманынын эр да, шер да экендигин мыкты билген, бирок анын этникалык кандаш кырк уруу кыргыздан эмес экендигинен да кабардар экен.

Багымдат намаз окушуп,
Азырлап атын токушуп,
Жарагын белге чалынып,
Жаратканга жалынып...
Ортосу болот, оозу албарс,
Түтүнү туман, түбү Ыспан,
Кароолу дажаал, огу ажаал,
Асынып жүрсө Аккелте... 209-б.

Эпосто алгачкы ирет кыргыздын намаз окугандыгы тууралуу айтылат. Демек, кайсы бир деңгээлде мусулмандык сиңип калган чак экен. Мында Алтайга үркпөй мусулмандыкка жакын болуп калган кырк уруу кыргыздын жергиликтүү урууларынын диндик таасири да тийгендей. Бул намазга жыгылгандар илгерки анжыян-алайлык кыргыз урууларынын өкүлдөрү болуусу мүмкүн. Анткени Алтайда мусулмандык эреже-жоболорго дээрлик басым жасалбайт. Ошого жараша эпостогу окуялар IX-X кк. болушу мүмкүн экендигин айтканбыз. "Жаратканга жалынып" дегенде кудай "жараткан" деп айтылат.

Эпосто бир караганда түшүнүүгө кыйындай ыр саптары бар. Жогоруда (мурунку бөлүмдөрүндө да) Манастын Аккелтеси ушинтип сүрөттөлөт. Бирок Ыспан дегени эмнеси эле? "Манас" эпосунун Сагымбай Орозбак уулунун вариантынын II китебинин (1980) "Айрым сөздөрдүн түшүндүрмөлөрүндө" "Ыспан – шаардын аты" (448-б.) деп гана жазылат. Бирок Аккелтеге бул шаардын кандай тиешеси бар деген суроо туулушу мүмкүн. Тиешеси бар экен. Биздин оюбузча эпостогу Ыспан – азыркы Лейлектин Исфанасы. Бул жерде өтө күчтүү, сапаттуу көмүрдүн кени бар. Бул "түтүнү туман, түбү Ыспанды" биринчи манасчы мыкты билген да, башкы каармандын Аккелтесин Ыспандын чоктуу түбүнө салыштырып айткан болууда. Ооба, биринчи манасчылар ошол "Ыспан" жөнүндө эч кандай түшүндүрмө беришкен эмес. Анткени аны дастандын угармандары баары билет деген ишенимде болушкан. Чындыгында эле баштапкы манасчылардын замандаштары бул Ыспандын чоо-жайын жакшы билишкен да, эпостун ушул сүрөттөмөсүн кадыресе түшүнүп кабыл алышкан.

Мындан сырткары дагы бир маселе. Эпостун башкы каармандарынын, кырк түмөн колдун согуштук курал-жарактары каерде, качан, кантип даярдалгандыгы, анын технологиясы тууралуу негизинен кеп козголбойт. Чындыгында кылыч, калкан, албарс, айбалта, тинте, найза, жаа, жебе, соот-чопкут, чарайна, туулга - баары негизинен темирден (жезден, колодон) жасалган. А, темирди кайдан алышкан, ким темир иштеткен, кантип жасашкан, кимдер усталык кылган деген суроо туулушу мүмкүн. Албетте, ушундай согуштук кырдаалда кытайлык, же перстик тарап "боордоштук колун" сунбаган болуу керек. А, өнөрлүү Рум кайда жатат. Демек, кыргыз журту мунун баарын өзү жасоого мажбур болгон. Биздин оюбузча кептин баары ошол "Түтүнү туман, түбү Ыспан" көмүр кенинде. Дал ушул

көмүрдүн алоолонгон чогунда миң-сандаган курал-жарак даярдалган. Эми ушундай кендер бир канча жерде болуп, көмүрчүсү, устаканасы, устасы дайын болгондой. "Семетей" эпосундагыСары Тазкөмүрчүнүэстеңиз. (Балким, Семетейдин Сары абасы Таз эпонимин алып жүргөн беле?).

Мургапты көздөй бет салып
Каны Шооруk салыптыр.
Үч жүз миң келген аскерден
Шоорукка жолдош көп элден
Алтымыш миң калыптыр. 215-б.

Ошентип, Шоорук кан Манастан жеңилип, Мургап аркылуу Ысар, Ималайына качып, эки күн дегенде жетип барат. Ооба, Анжыяндан ат менен тез жүргөндө эки күндүк жол болгон экен. Эпостун масштабында бул анча деле узак жер эмес.

Эми келди Шоорук кан
Элүү сегиз жашында,
Бото куру мойнунда,
Эки колу боорунда... 218-б.

Акылай кызынын сөзүн укпай балээге калган Шоорук кан эми Манаска чөгөлөп келген кези экен. Ошондо ал элүү сегиз жашта болууда. Чөгөлөп, таазим этип келген каршы тарапты Айкөл Манас кечирим кылгандыгын айтканбыз. Бу жолу да "бото куру мойнундагы" Шоорук канга ырайым кылынат.

Тартуу келген кыздарды
Таттуу болду сөздөрү,
Тандаганга бу кыздар
Өзү каалап тийсин деп,
Тандасын деп өздөрү
Көңкү турган көпчүлүк
Кыздын өзүн кыстады. 219-б.

Ошентип, Манас, Бакай Шооруктун тартуга берген отуз кызына өзүңөр эр тандагыла деп ыктыярына койгон экен. Ооба, жеңилген тарап жеңген тарапка сулуу кыздарды тартууга берген

көрүнүштөр бир катар башка булактардан кездешет.Бирок көчмөн элдин канынын орто кылымдагы мындай гумандуу чечими бардык эле миф, легенда, уламыштарда кезиге бербейт. Мындай айкөлдүк “кыздын кырк чачы улуу” деген накыл кепти ардактап келген элде гана болушу мүмкүн эле. “Шооруктун кызы Акылай // Шоодураган капырай! // Болсун эрим Манас деп, // Кыздардан чыгып бөлүнүп” эр Манасты тандайт. “Отуз кыз барып кыргыздан // Отуз жигит кармады” болуп, отуз күн оюн салышып, “кырк күн тамам өткөн соң” Анжыянга түгөл баары кайтып келишет.

## Алооке кандын Анжыяндан качышы

Алооке кандын баласы
Атын койгон Коң төрө,
Кытайга кыйын чоң төрө.
Он үч жашка жетиптир,
Бээжинде жакын тууганы
Беш жыл анда кетиптир.
Окушун билип кытайдын
Он сегиз жашка толуптур. 224-б.

Демек, Манастын келечектеги башкы душманы Коңурбай Манастан он төрт жашка кичүү болгон экен. Акыркы беш жылы Бээжинде Алоокенин жакын тууганында таалим-тарбия алып жүрүптүр. Манастын Ошпур койчудан тарбия алгандыгын эстеңиз. Александр Македонский айтылуу Аристотелден билим алган. Демек, өзүн урматтаган элде, эртеңин ойлогон мамлекетте балага татыктуу билим, тарбия берүү тууралуу ой, максат жашап келген.

Коң дегени өз аты,
Бай дегени – амалы. 224-б.

Караңыз, биринчи манасчы Коңурбайдын [33] атын чечмелеп берүүдө. Баланын Коңбай деген аты эки бөлүктөн турат деп түшүндүрөт. Коң деген, балким хон, он, ун деген эпоним болуп, бай дегени – бай, байат (кудай маанисинде) болуп жүрбөсүн. Ошон үчүн да эпосто бай “амалы”, б.а. титулу дегендей маанини түшүндүрүп жаткандай. Орто кылымдагы Чоң Бээжиндин айланасындагы тарыхта, тарыхый карталарда хунгират деген этноним көп

кайталанат. Ошол хунгират деген сөздөхон, ок, эр (же хон, гур) деген эпонимдер тургандай. Эпостогу башкы терс каарман кыдан Коңурбайдын атында коң (хон, он), гур (же эр), бай деген эпонимдер болуусу мүмкүн эле. Ооба, башкы терс каармандын ушундай эпонимдик таржымалын биринчи манасчы билген болууда.

Атаң тапкан Фергана,
Атпай кытай эл кана?
Наамандык бүтүн караган,
Туңша кытай уругу
Сун кытай кайда тараган?
Манжурия, тыргооттун
Баарын кайда жоготтуң?
Кара калмак калкыны
Билбепсиң элдин баркыны,
Ферганадан көчүрүп
Кетирипсиң тарпыны. 225-б.

Ушинтип он сегиздеги Коңбай "жакындатпай энесин, жаман көрүп атасын" каарып кирет. Коңбайдын айтканы боюнча кыргыз жерин башында Алоокенин атасы ээликтеп, анын тушунда Анжыяндагы кытай элдерин негизинен туңша, сун уруулары түзгөн. "Манжурия, тыргооттун баарын кайда жоготтуң" дегенинде да кеп бар. Анткени тарыхта азыркы Кытайды негизинен манчжур династиялары башкарып келген. Ал эми кара калмак кытайдын жакын өнөктөштөрү болгон. Ооба, кара калмактар. Дал ушул кара калмактар кыргызга, Манаска каршы турушкан (маселен, Жолой). Манжулук калмактар эмес (маселен, Айнакул, Шакум-Мажик, Күлдүр). Демек, калмак да бир канча катмарлардан турган болот.

Өз жериң Бээжин барган соң
Өлбөскө көзүң жеттиби?
Алтайга айлың кеттиби,
Алтайдан өтүп барган соң
Азбаска көзүң жеттиби? 225-б.

Коңурбайдын бул сөзүндө зор маани жаткандай. Демек, Анжыяндан качкан Алоокенин эли Бээжинге Алтай аркылуу жүргөн болууда. Ооба, от, сууга мол Алтай жергесин аралап көчкөн экен.

Ошондуктан Таластан Бээжинге чоң казатка аттанган кан Бакай, кан Алманбеттин колу да ушул Алтай жери аркылуу жүргөндөй. Ошол Коңбайдын сөзүн тыңшап тургандай биринчи манасчынын ушинтип (“Алтайдан өтүп барган соң”) тактап айканына да баракелде! Же ошол биринчи манасчы калпты айтканбы? Мында эпостун ыр саптары өзү чоң казатка колдун жүрүү маршрутун тактап берүүдө. Ошентип, чоң казатка аттанган кырк уруу кыргыздын Бээжинге жолу от, суугa мол Алтай аркылуу жүргөндөгү дагы бир ирет ырасталат.

Кыргыз арзан көрүнбөйт,..
Касташканды соо койбос
Манас арзан көрүнбөйт!
Буруттун жери Нааманды
Мурунку атаң алганы,
Бул сөзүмдүн жок жалганы...
Бээжинге барбас эл болсо
Мен бу жерден кетип не кылам?
Каканга барбас калк болсо
Качып көчүп не кылам? 227-б.

Алооке Анжыян, Нааманды өз атасы алгандыгын моюнга алат. Бирде кыргыз десе, бирде бурут дейт. Бурут дегени Бээжинде экендеги кыргыздын башкы аталышы болсо, кийин Түркстанда кыргыз деген атын күндө угуп жүрүп, кыргыз деп да атап калган экен. Бирок бурут деген сөздө кыргызды кандайдыр бир кемсинткен ой, маани жок. Алооке туура эле айтат. (Анткени бурут [23]деген сөздө бөрү жана тоң деген эки эпоним жатуусу мүмкүн экендигин айтканбыз). Ошондуктан кайсы бир мезгилде кыргыздын мурунку аталышы бурут болгон экен. Анан да Алоокенин жогорудагы акыркы төрт саптагы айтканында Манас баштаган кыргыз баары бир Бээжинге, Каканга барат деген ой жатат. Бээжини түшүнүктүү, а Какан дегени эмнеси эле? Балким, бул сөздүн уңгусунда какан, каган, хаган, кехан[50] деген синоним титулдук сөздөр жаткандыр. Какан топонимин кан деген эпоним менен байланыштырууга болмок. Бул дагы бир ирет Бээжиндин түрк этностору менен байыркылык байланышы бар экендигин ырастамак.

Бул Манастын барында
Бузукту кыйла көрөсүң
Бурта Бээжин шаарында.
Түгөнгөн чантуу барында
Дүмөгүн кыйла көрөсүң
Түп Бээжин шаарында. 227-б.

Караңыз, Алооке кандын “Бурта Бээжин” дегенинде Бурта деген сөз турат. Ушул Буртаны бурут этноними менен байланыштырууга болор беле? Балким, илгери-илгери Бээжин менен ошол бурут, бурта деген элдин согуштук-саясий, тарыхый-маданий жакындыгы, катыштыгы болгондур.

Наманга Бээжин алты айлык
Арасы кыйла жер деди,
Кармашам десең Манаска
Камыңды кыла бер деди.
Түркстан бизге жер эмес. 228-б.

Алооке кан оолуккан Коңбай уулуна ушинтет. Алтайдан Анжыянга көч төрт айда келген. Демек, Алтайдан Бээжинге дагы эки айлык жол болгон. Ошондуктан дагы убакыт бар, Манас бир күнү Бээжинге аттанат, камыңды жей бер дейт. А, Түркстанды эми оюңдан чыгар, биздин жер эмес деп кептин аныгын айтат.

## Алмамбеттин окуясы

“Кытайдын Соорондук каны 54 жашка келгенче балалуу болбой жүрүп, Экзерден эркек балалуу болот. Балага ат таба албай көпчүлүк кысылып турганда кытай думанасы пайда болуп, балага “Алмамбет” деп ат коет. Ал думана Кыргыз экен” (231-б.). Он төрт жашында Алоокенин качып келген элинен биринчи жолу Манастын жайын угат. Тестиер бала кытайдын көптөгөн адамдык касиетке жатпаган салттарына каршы чыгат. Аны эми өлтүрөбүз деп калганда чоң кармаш менен качып чыгат.

Бирок кеп Алманбет деп ат койгон думананын Кыргыз экендигинде болууда. Эми муну биринчи манасчы ишенимдүү булактардан уккан болуу керек. Жөн эле чамалап, болжоп айта

койбогондугу анык. (Караңыз, мындан 1200 жыл илгерки биринчи манасчы андан бир нече миң жыл илгерки Кыргыз думана сакралдык ишеними тууралуу кабары болгон экен). Демек, бул сөздүн чындыкка жакындык жагы болушу мүмкүн. Анда неликтен Кыргыз думана Алманбет деп ат койду экен? Ал кытай, же калмакка таандык ат койбогондугу өзүнөн өзү түшүнүктүү. Ошондуктан бул Алманбет [34] деген ат санжыргалуу кырк уруу кыргызга тиешелүү эпоним сөздөрдүн туруусу толук мүмкүн. Маселен, Эл, Ман жана Бет. Эл жана Ман эпонимдери түшүнүктүү. (Манас деген атта да Ман эпоними бар экендиги маалым. Балким, бул экөөнүн санжырасы эзелки Ман эпониминде бир болуп, кийинки эпонимдеринен (маселен Манас Аз менен, Алманбет Эл менен) баштап эки бөлөк уруу-уруктук структура менен кетишкен беле? Экинчиден, Алманбетти багып өстүргөн, атасындай болуп калган Азиз кандын атында Аз эпоними тургандай. (Алманбеттин тарыхы эпостун башка варианттарында бир топ чечмеленип берилет).Ал эми Бет (бейт, байт) дегени үй-бүлө, уруу-урук, кудай маанисинде келүүсү мүмкүн.

(Эскертүү: Эпосто "Алмамбет" деп айтылат. Биз "Алманбет" деп жазууну туура көрдүк. Анткени, эпонимдик аталышына дал келет).

Казак, кыргыз калкына
Жортуп жылкы алмагы
Шол Алмаңдан калыптыр. 236-б.

Алманбет казактын Айдаркан, Көкчөсүнө келип, эл болуп туруп калат. Манжурия калмактарынын миңдеген мал-сал, жылкысын айдап келип, казактын бүт баарына текши бөлүп берип, элин байытат. Манасчылар ошол жылкы тиймейди Алманбеттен калган салт дешет. Балким, алардыкы туурадыр. Ошентсе да, тарыхта (Плутарх) Александр Македонский (б.з.ч. IV к.) Орто Азия чөлкөмүн багынтып, ээликтеп, жайланып жаткан кезинде македондук жылкы кайтаргандардын кой-айына карабастан жергиликтүү эр жигиттер Букефал (Буцефал) атын баш кылып көптөгөн жылкыларды түнү менен айдап кетишкен. Эртеси бир кабарын уккан Искендер Зулкарнайн, эгерде Букефал атын кайра беришпесе, элди кыйратып чабарын жар салат. Муну уккан жылкы тийген эрендер атын кайра апкелип беришет. Бирок Искендер эмнеге антишкенин кызыгып сурап калат. Көчмөндөрдө ушундай жылкы тиймей салт бар, ким чабал болсо мал-салынан ажырап калышы турган кеп экендигин

айтышат. Мындайды биринчи уккан македондук башкы саркер таң берип, түн бөрүлөрүн сый-урмат менен жөнөтөт. Ооба, Плутархта (I к.) ушинтип жазылган. Буга караганда бул чөлкөмдө жылкы тиймей салт Алманбетке чейин миң жыл илгери эле болгон экен. Балким, биринчи манасчыИскендер Зулкарнайндын бул окуясы жөнүндө кабардар болбогондур? Кандай болгон ченде да кыргызда жылкы тиймей массалык мүнөздө болбогон көрүнөт. Бирок эпостун башка варианттарында Көкөтөйдүн ашынан кийин Коңурбайга жетпей калган Манас ызаланып, Кошойдон бата алып кытай, калмактын бир нече миң жылкысын айдап баса бергендиги маалым.

Эки миң аскер кол менен,
Эртиштин бою жол менен,
Көкө-Ноор көлүнөн,
Көбү-Шаму чөлүнөн,
Маңгул, калмак аралаш,
Санам кытай элинен
Жыйырма миң жылкы алыптыр...
Сары-Аркага бет алып
Алмамбет кайтып калыптыр. 238-б.

Ошентип, эр Алманбеттин жылкы тиймей маршруту азыркы Иртыш дарыясы, Көкө-Ноор көлүнүн жака бели, Көбү-Шаму чөлү болуп, андагы монгол, калмак, кытайдын жылкы, кара малын чаап айдап, казактын Сары-Аркасына кайтып келет. Ошентип, тогуз жыл өтүптүр.

Бирок Айдаркан, Көкчөнүн тегерегиндегилердин бузуктугунан Алманбет казактан көңүлү калып, баш-оогон жакка кетмей болгондо Көкчөнүн аялы Акеркечтин көптөн-көп өтүнүчү, кеп-кеңешинен (“Кыргыз, казак туушкан,//Кызыр чалган мурунтан” (269-б.)) кийин кыргызды, Манасты көздөй сапар тартат.

## Манас баатыр түш көрүп,
## той берип жорутканы

Ажыбай:
Аркы атасы Чылаба,..
Берки атасы Солобо,..
Өз атасы Соорондүк 281-б.

Бул Манас түш көрүп, элге той берип жорутуп жаткан кездеги Ажыбайдын сөзүнөн. Алманбеттин бабасынын аты Чылаба болуп, орус летописң, былиналарындагы Челубей менен үндөшүп тургандыгына маани берүү зарылдай.

## Манастын кырк чоро менен
## ууга чыкканы

Анжыян, Кашкар арасы
Ала-Тоонун бийиги,
Арбын экен кийиги...
Кара-Кулжа атакка
Жер атагы калыптыр...
Анык он беш күнүндө
Ашып өтүп Чаначты
Күн жүрүш жагын караштьі...
Көтөлөк деген жер экен,
Көрдү муну көй баатыр.
Калмактын койгон аты деп,
Катуу күлүп эр Манас:
Калмактын атын жоелу,
Башка бир ат коелу...
Абасы Бакай кеп айтып:
Талас болсун деп айтып,
Бул Таластын ээси
Манас болсун деп айтып. 290-б.

Ошентип Манастын сунушу, Бакайдын айтканы боюнча мурунку Көтөлөк деген жер Талас деген жаңы аталышка ээ болот. Ооба, эпос боюнча Талас деген топонимдин жаралышына Манас менен Бакай себепчи болушкан экен. Мунун зор мааниси бар.

Анткени Талас эпоним [24] сөз. Талас деген эпоним, этноним, топонимдер Евразия континентинде ондоп саналарын белгилеп кетүү зарыл. Маселен, Талас, Далаас, дөөлөс, төлөш, төлөс, телес, телец ж.б. Эң алгачкы Талас деген эпонимге эки миңдей жыл болгондугу маалым. Ошондуктан Манас менен Бакай бул (Талас) эпоним жөнүндө, анын кыргыз, Манас деген ат менен эзелки этногенези жакын экендигин билишкен да, ушундай аталышты коюшкан болууда. Караңыз, Манас менен Бакай аталышы кыргызча эмес, калмакча коюлуп калган жерге өздөрүнүн билген, жактырган атын койууда. Ал эми кыргызилгери койгон жер-суу аттары алмашылбаптыр. Мындан чыкты, кыргызча аталыштар (эпонимби, этнонимби?) илгертен кырк уруу кыргыз тарабынан коюлуп, алардын аталышын алмаштыруунун кажети жоктугун да билишкен. Ооба, кыргыздагы жер-суу аталыштары кокусунан коюлбаптыр да, алардын кандайдыр бир эпонимдик касиеттери болуптур. Ошндуктан эпостогу бабасы Ногой жердеген Алай, Анжыян, Нааман, Кокон, Паракана, Ыспар, Ыспан, Ызар, Сок, Сузак, Отуз Адыр деген жер-суу аттары да кыргыз койгон топонимдик аталыштар экендигине ишеним артууга болот. Булар эпоско, Манаска чейинки этнотопонимдер болууда. А, азыркы Талас топоними болжолу IX-X к. коюлуптур. Бирок баштапкы Талас эпониминин (байыркы ата-бабанын аты) бир нече миң жылдык тарыхы болуусу мүмкүн.

## Алмамбет баатырдын капаланып келе жатып Чүйдүн аягында Манас баатырга учураганы. Манас баатырдын кандай каршы алганы

**Жараткан Жапар кудурет**
Тагдырыңа дабаа жок,
Өлсөм калдым талаада,
Өзүңдөн бөлөк баана жок. 292-б.

Бул жашы жыйырма сегизде, тогуз жыл казакта туруп калган Алманбеттин эми ошол казактан куулуп, каңгып жолдо бараткандагы арманы. Чындыгында илгерки көчмөн элинде өз элинен айдалгандан өткөн чоң жаза болгон эмес. (Маселен, “Ата-бабалардын арбагы урсун!”, "Манастын арбагы урсун!" ж.б.). Алманбет экинчи жолу элден куулууда. Бир караганда жаш, күч-кубаттуу, ойлогонун

ойдогудай жасап келген эр жигит эми минтип моралдык-психологиялык жактан чөгүп кеткендиги таң калтырышы мүмкүн. Бирок “коомдо жашап, коомдон бөлүнүп жашоого мүмкүн эмес” деген классикалык түшүнүк, же “адам адам менен гана адам” деген накыл кеп аргасыз эске түшөт. Ошондуктан Алманбет эми коомго кереги жок болуп, коомго пайдасы тийбей калгандыгын аңдап, “Жалындым кудай өзүңө, // Жайлуу жерден бир ажал // Жеткире көр өзүмө” деп пессимизге бекеринен ыктап калбаган экен. Бирок бул жерде Алманбеттин “жараткан Жапар кудурет” деген сөзүндө бир маани бардай. Ооба, ал “жараткан кудурет” деп Жапарды атайт. А, Жапар ким эле? Эстеңиз, Манасты толготуп жатып Чыйырды да ушинтип Жапарга [10] жалынган. Анда кыргыз (Чыйырды) менен кара кытай Алманбеттин байыркы рухий дүйнөсү (Жапар, Ошпур, ашпар, Ышбара, Йыпар), этникалык башаты бир беле?

Күлдүрдүн уулу Чалыбай,
Күлдүргүчү Ажыбай,
Сырттан Сыргак, Кутунай,
Акимдин бири бу дагы
Акбалтанын Чубагы,
Белиме таңуу беш баатыр
Азыр кайрат убагы! 303-б.

Мында Манас Алманбетти жолдон тосуп чыгууга ушул беш беренин жөнөтөт. Бирок Күлдүрдүн уулу Чалыбай ким эле? Балким, Алманбеттин “аркы атасы Чылаба” (281-б.) менен этникалык жакындыгы бар болуп жүрбөсүн? Анткени кырк чоронун аттары эпонимдерден туруусу мүмкүн экендигин айтканбыз (Чубак, Серек, Сыргак, Ырмандын Ырчы уулунун мисалында). Күлдүрдүн уулу Чалыбай менен Алманбеттин бабасы Чылаба окшош эпоним сөздөрдөн [35] тургандай. Бир чети эпосто “маңгул журту көбү бар, баатыр Күлдүр лөгү бар” (233-б.) деп Күлдүрдүн моңголдон (кээде калмак) экендиги айтылат. Ошондуктан кырк чоронун бири маңгул Чалыбай менен кара-кытай Чылабанын эзелки этникалык башаты бир болуусу да мүмкүн. Белгилеп кетчү нерсе кырк чоронун бири маңгул элинен болуп жатат. Бул, албетте, маңгул этносунун кайсы бир фратрийлери кыргыз менен жанаша жашап келгендигин айгинелемек. Кала берсе Манастын жеке гвардиясында маңгул уруусунун өкүлүнүн болушу бул этноско карата Айкөлдүн позитивдүү

мамилесин билдирмек. Же, балким, магул этносу да бир кезде кырк уруу кыргыздын бир этникалык бирдиги болуп келген беле?

Эки жүз ордо салыңар...
Тогуз, онуң биригип
Тогуз коргоол алыңар. 304-б.

Бул Манастын Алманбетти тосуп алууда түрдүү (чатыраш, топ таш-чакмак) оюндар  менен бирге ошол ордо, тогуз коргоол ойногула деген сөзүнөн. Демек, ошо кезде ордо, тогуз коргоол[14] оюну кыргыздын улуттук спорттук оюндарынан болуптур.

Ар канча кыйын болсо да
Ат менен салам бердирбе.
Жөөлөп айтсын саламын,
Баркын билип аламын. 305-б.

Манас Алманбеттин жолун тоскондорго ошентип айтат. Ооба, Манаска атасы Бай Жакып,Ошпур, Айдаркан, Акбалта, Бердике, Кошой, Бакайдан башка эч ким ат үстүнөн салам бербесе керек эле. Ошону эми ишти бүлүндүрүп албайлы деп адамдарына акыл айтып жатканы.

Ошентип, эр Алманбет:
Салам берди заңк этип,
Арстан Манас, эр Бакай
Алик алды барк этип. 311-б.

Эр Манас:
Чакырса келбес Чын каны
Чыйрыма келип турганы,
Каалаcа келбес Каканчын
Кашыма келип калганы. 315-б.
Алмамбет кетпес болгону,
Арстан Манас баатыры
Көңүлү көлдөй толгону. 332-б.

Алманбет кетпей кыргызда калганына неликтен Манастын"көңүлү көлдөй толгон" экен? Эми бул жерде көп маселе

жаткандай. Биринчиден, Алманбетке Кыргыз думананын ат койуусу; экинчиден, Алманбеттин Кыргыз журтуна (казакка, кыргызга) сапар алышы; үчүнчүдөн, Манастын түш көрүп да, ардактап да тосуп алуусу; төртүнчүдөн, Чыйырды менен Алманбеттин бир Жапар кудуретке сыйынуусу жана эки эрдин эмчектеш болуп калуусу ж.б. Мына ушулардын баары Алманбеттин байыркы ата-бабаларынын Манастын этногенези менен бир болуусун түшүндүрөр беле? Ал тургай кайдагы ооган Акун кандын Манас менен кыркынчы атадан бир болуп чыгуусун эстеңиз.

## Манас Алмамбеттин келишине той бергени

Бай Жакыптап бакырып,
Манастап ураан чакырып,
Абыке өзү киргени. 341-б.

Манастын аталаш бир тууган кичүү иниси Абыке Алманбеттин тоюндагы байгеде он төртүнчү болуп келет. Буга караганда Абыке да Бай Жакып, Манастын эпонимдик касиетин билип калгандай. Эми бул Абыкенин Манас агасына мамилеси "Семетейде" башка нукка түшүп кеткени да маалым.

## Манастын Каныкейди алганы

Каратегин калчасы,
Кара тажик канчасы...
Кызын тартуу кылган соң
Кара тажик баарысы
Кутулган эле талоондон. 346-б.

Бул жерде сөз Каратегиндеги Шоорук кандын калча уруусу жөнүндө жүрүүдө. Шоорук кандын алдында тажиктер да жашаган экен. Эпостогу тажик деген сөз азыркы тажик этноними менен байланыштыгы бар болсо, анда окуялар, албетте, VIII к. орто ченинен кийин өткөн болот.

Эпостун кийинки эпизоддорунда Алманбетти Чубак, Кыргыл бир топ теңсинбей, тексиз деп басынтып келгени маалым. Кыргызда “жети атасынын билбеген - кул” деген накыл кеп бар. Мунун мааниси

кандай эле? Бул “жети атаңды билип жүр, билбесең кул атыгасың” деген насаат сөз, же ошентип коркутуу да эмес. Балким, жети атага чейинки урук-туугандар кудаа-сөөк болуп алышпасын, ген, кан бузулат деген медико-биологиялык максаттагы ой, тажрыйба болгондур. Мындай коопсуздук өзүн актаары бышык. Бирок биздин оюбузча кеп башкада. Ооба, кептин чынында эле жети атасын билбеген кул болгон. Кандайча? Эми жети атасы түгүл ага чейинки бабаларын эс-тутумданчыгарган болсо эмнени айтмак. Тактап айтканда, согушта туткун болуп келгендер, же уруусу чабылып дайыны чыкпай ар кайсы уруунун кол алдында күн көрүп калган жети кошкон калктар (уруу эмес) болгон. Бир канча мезгил өтүп булар өздөрүнүн санжырасын (жети атасын) унутушкан, туурасы башка уруулар менен этникалык жактан аралашып кетишкен. Булар үчүн уруулук эмес, территориялык чек, аймак башкы ролду ойноп калган. Байыркы Римдеги плебейлерди эстеңиз. Көчмөн уруулук системаны бекем тутунган, санжырасын мыкты билген этностор (уруулар) баштапкы уруусун, жети атасын тарыхый эс-тутумунан биротоло чыгарган бөтөн этникалык топтордун өкүлдөрүн кул катары карашкан. Аларга мамиле да башкача болгон. Мына ушундан улам “жети атасын билбеген – кул” деген сөз калыптанган болууда. Эл-жерин саткандарга, чыккынчыларга, согуш майданынан качкандарга эң башкы жаза – элден чыгаруу болгон. Мындай жазага кириптер болгондор ордунан турбай жан таслим болушкан, же куулуп айдалган, б.а. башка урууга кул болууга аргасыз болушкан. Бул эреже-жобо, албетте, ошол уруулук система бекем орногон коомдо жашап келгендиги ырас.

Самаркан элин саралап,
Жарды-байын аралап,
Оро-Төбө, Жызакты,
Онун баарын кыдырып,
Кыз таба албай сыдырып,
Кечип дайра Сырынан...
Ташкендин кирди шаарына.
Күн батышта Кыйба бар...
Көөнүнө алып Букарды:
Улама бар илимдүү,
Улуктары билимдүү...
Кыйба тажик журтуна
Кылчайбастан кетиптир...350-б.
Ал аңгыча мечитке

Азан айтып ийгени,
Адамдардын баарысы
Намаз шамга киргени. 360-б.
Кейип деген жер экен,
Кеңири тажик эл экен.
Бизден мурда көп жылда
Мусулман болгон неме экен. 384-б.

Бул Жакыптын сөзүнөн. Демек, Бай Жакып Манаска кыз издеп Самарканд, Жизак, Сыр-Дарыя, Ташкент, Хива, Бухараны аралап эч кимди жактырбаптыр. Ал Бухаранын илимдүү, билимдүү адамдары бар экендигинен да кабардар болгон. Бай Жакып Каныкейди көрүп калган Кейип деген жердин эли кыргыздарга караганда мусулмандыкка эчак эле өткөн экен. "Бизден көп жыл мурда" болгондо качан? Эгерде кыргыз эчак эле мусулмандыкка өткөн болгондо Бай Жакып ушул сөздү айтмак эмес. Бул кадыресе эле көрүнүш болмок. Демек, башкы каарман тажиктин исламга түгөл өтөндүгүн, анын канон, эреже-жоболорун толук билип, карманып калгандыгын байкаган. Өзүнүн, кыргыздын диний абалы менен салыштырып карайт. Бул жагынан тажиктерден бир топ артта калгандыгын билет. Тарыхта Самарканд, Бухара, Хива элдери VIII к. орто ченинен баштап арабдык басып алуунун негизинде исламдаша баштаган. Балким, Алтайдан келген Бай Жакыптын кыргызы тажиктерденжарым, же бир кылым кийин мусулмандыкка өткөндүр. Тарых барактарында X к. экинчи жарымында Карханид ээлигинде эки жүз миң кожолук мусулмандыкка өткөндүгүн айтканбыз. Эпостук маалымат Манастын тарыхы болжол менен X к. орто ченине жакын мезгилде болуп өткөндөгүн ырастамак. Эстеңиз, "Илиада" поэмасындагы маалыматтар боюнча тарыхый Трояны табышкан. Ошондуктан "Манас" эпосуна кыргыздын оозеки тарыхы катары кароо менен көптөгөн маалыматтарды тактап чыгууга болор эле.

## Манастын күйөөлөп барганы

Комузчудан жүздү алып...390-б.
Батпай кетти келген мал,
Кейип-Бадаң шаарына. 395-б.
Кырк баатырга эр Бакай
Жарлык айтып ийиптир:
Кыргыз эмес, Кыйба деп,

Кыйрында тажик кыйла деп,
Кыргын кылып бул элдин
Кызылдай жанын кыйба деп. 409-б.

Бакайдын айтканы боюнча ошол Кейип шаары Кыйбага (азыркы Хива) караган болууда.“Комузчудан жүздү алып” дегенине караганда ушунча мыкты тандамал комузчу [36] болгон экен. Анда алынбай калганы канча эле?

Барча тажик, кыйба үчүн
Багыштадым башымды.

Санирабийганын бул сөзүндөтуулуп өскөн мекени Хива жеринин аман-эсендиги эске алынууда.

Кандын никейинде деп
Калайык угуп калыптыр,
Санирабийганы
Түркөйү кыргыз түк билбей
Андан кийин атагы
Каныкей атка калыптыр. 416-б.

Эпос боюнча ошол "кандын никейинде" деген сөздөн улам Санирабийганын аты эми Каныкей болуп калыптыр деп айтылат. Туура, Каныкей деген атта кан деген сөз бар экендиги ырас. Бирок нике(й) дегени анча ишендире албайт. Биздин баамыбызда Санирабийга Манаска чыккандан кийин ага Кара кандан (Огуз кандан) да илгерки династиялык салт боюнча интронизацияланган Каныкей деген титулдук ат (эпоним-титул) ыйгарылган. Ошентип, эпос боюнча бул Каныкей деген ат бизге белгилүү Манас, Чубак, Серек, Сыргак, Ырамандын Ырчы уулу, Алманбет, Кыргылдан кийинки эпонимдик-титулдук ат болууда.

Мындан кийин Көзкамандардын (Үсөндүн) окуясы башталат (кара сөз түрүндө).

**Манас. Сагымбай Орозбак уулунун варианты боюнча. III китеп. Фрунзе: “Кыргызстан”, 1981. – 348 бет.**

**----------------------------------------------------------------------**

## Көктөйдүн керээзи

Баймырза Байдын баласы,
Чакыртып кашына алды,
Керээз кылып кебин салды...8-б.
Он бир жерге кыз бердим,
Ойроттон он бир күйөө бар...9-б.
Алты ата кыргыз калкым бар,
Көкөтөй деген көп бай деп
Ааламга кеткен даңкым бар...9-б.
Кырк уруу кыргыз балдары,
Кыйкырып келип калбасын! 13-б.
Казак, кыргыз, катаган,
Жетиген, нойгут, думара –
Баарыбыз бир атадан...14-б.
Кара калпак, үйшүн бар,
Каңыры, тейит, багышы,
Канча журтка угулган
Кара кыргыз дабышы...15-б.
Лоп дарыя, Шор дайра,
Ар түрдүү журт бар ол жайда...15-б.
**Кыбыла** кылып бетимди...**17**-б.

Бул Көкөтөйдүн керээзинен. Бай Көктөйдүн тууганы болгон. Бай жана Баймырза деген аттарда Бай деген эпоним (кудай маанисинде) бар болуп, балким, Бай Жакып жана анын агасы Бай менен эпонимдик катыштыгы да болуусу мүмкүн. Ойроттон он бир күйөөсү болгондугуна караганда кыргыз менен ойроттун ортосунда кудаа-сөөктүк байланыш кадыресе көрүнүш болгон. Салт боюнча ошол он бири тең ойроттун белгилүү урууларынан, тектүү инсандарынан болгондугуна ишеним артууга болот. Ташкендин каны Көкөтөй кырк уруу кыргызды мыкты билген, өз элин, кандыгын анын бир мүчөсү деп эсептеген. Эпосто казак менен кыргыз бир атадан тарагандыгы бир нече жолу белгиленет. Бул бекеринен эмес. Казак этносу жогоруда аталган катаган, жетиген[43], нойгут, кара калпак, үйшүн, багыш этностору менен бир катарда кырк уруу кыргыздын

бир уруусу болгон экен. Айдаркан, Көкчө баш болуп казак уруусу кыргыз журтуна, Манаска бириккен, анын өкүмүн, жардыгын аткарган. Ооба, Анжыян-Алайды кытай (кара-кытай) Эсенкандын Алоокеси басканда бул элдер Алтайга чогуу качкан. Чабылып-чачылган кырк уруу кыргыздын уруулары (казак, кыпчак, ногой, каракалпак, үйшүн, түрк, найман, аргын) ошол Алтайда кырк уруу кыргыздагы эзелки (тарыхка чейинки) уруулар аралык мыйзам, согуштук-саясий эреже-жобо, салт боюнча Бай Жакыпка, Манаска кайрадан биригишет. (Мындай прецендент Байыркы Русң тарыхында да кездешет. Маселен, көптөгөн славян уруулары Рюрикке өз эрки менен княздык титулду ыйгарып, ага баш ийип бергенин эстеңиз)[65]. “Кыбыла кылып бетимди” дегени боюнча Алтайдан келген кырк уруу кыргызга караганда Ташкенди бийлеген Көкөтөй мусулмандыкка кадыресе өтүп калган экен.

Кыргыз кандын уругу,
Нускалуу кыргыз тунугу,
Жанадил дөө баласы,
Бакатил баатыр бабасы,
Көкөтөй болгон атагы
Көсөл кыргыз баласы. 48-б.

Эпосто Көкөтөй ушинтип мүнөздөлөт. “Кыргыз кандын уругу” деп анын санжырадагы Кыргыз кандан кеткендиги айтылат. Ушул жерде өтө маанилүү маселе жаткандай. Биз Манасты эч бир урууга тиешеси жок, ошол Кыргыз кандын уругунан деп баса белгилеп келе жатабыз. Караңыз, жогорудагы ыр саптары ушуну бекемдеп жаткандай. Кан Көкөтөй да дал ошол Кыргыз кандан кеткен экен("Кыргыз кандын уругу,// Нускалуу кыргыз тунугу"). Демек, Манас менен Көкөтөй баштапкы бир кыргыз кандык уруктан болуп, өтө жакын тууган болушкан. Анын уруусу да, уругу да, журту да кыргыз болуптур.

Жанадил деген ким эле? Бул атта Жан (Жаныбек (кан) дегендей эле), б.а. тоң (дон, дан, жон) [22]деген эпоним байкалат. Дөө дегенине караганда Жанадил алп экен. Бабасы Бакатил деген атта Бакай деген эпоним тургандай. Жанадил жана Бакатил деген эки атта теңошол айтылуу Адил (Аттил) эпонимин көрүүгө болмок. Мындан чыкты Көкөтөй жана анын ата-теги кырк уруу кыргызга бир нече кылым илгерки санжыра-тарыхы менен бириген. Анын кыргыз эли өзүнчө

жашап, Алтайга да качпай кыргыздан оолак жашап келген. Бирок кырк уруу кыргыздын уюткусу экендигин унутушкан эмес.

Эштектен келген Жамгырчы
Бас журтунда бу бир кан. 61-б.

Эпосто Жамгырчы Эштек уулу,ногой уруусунун каны катары келет. А, "бас журту" ногой уруусунун бир фратрийи болушу мүмкүн. Балким, летопистердеги Боз (Бооз) менен байланыштыгы бар болуп жүрбөсүн? Канткен ченде да бул лексемада аз эпоними бардай. Жамгырчы деген аттын өзү эмнени туюнтмак? Анткени ал казак Көкчө, кыпчак Үрбү, кыпчак Төштүк, калча Музбурчак, окчо Санжыбектей эле айтылуу алты кандын бири экендиги маалым. Ошондуктан бул ат да белгилүү эпонимдерден туруусу ыктымал. Биздин оюбузча Жамгырчы деген сөздө Жан (Тоң, Дан, Дон, Джон) жана Гур (Байгур дегендей) эпонимдери болушу ыктымал. Бул божомолубуз ырас болгон ченде анын санжырасы Манастын санжыра-тарыхы менен жакындап кетет. Албетте, ондогон кылым мезгил ичи ЖанГур (аз, ач) эпоним-титулу ооздон оозго өтүп, оозеки кептин мыйзамына баш ийип Жамгырчы деген аталышта жетип келгендей.

## Бокмурун Мааникерди мингизип,
## Айдарга эл чакыртканы

Бир чакырсак билимдүү,
Бадышалык илимдүү
Манасты гана алалык. 83-б.

Бул Көктөйдүн ашын [37] өткөрүү масилетиндеги Баймурзанын сөзүнөн. Бул боюнча Манас билимдүү, падышалык илимдүү деп айтылат. Ооба, Баймурзанын бул сөзүндө чындык жатат. Илим-билимден алыс инсан кырк уруу кыргызды кайрадан бириктирип, мамлекетти тикелеп башкаруусу күмөн эле. Мындай билимге ал качан ээ болгон? Албетте, Ошпурдун кол алдында жүргөндө. Ошпур – бул глобалдуу эпоним экендигин айтканбыз. Аты ушундай эпонимдерден турган адам гана Манаска билим, "падышалык илим" бере алмак.Көчмөндүктө жашап, койчулукту кесип кылган айтылуу Ошпур андистен (устаттан) аалам, кыргыз рухий дүйнөсү, табият

(Жер-Суу), санжыра-тарых, саясат (геосаясат, согуштук демократия), каада-салт, маданияттын эреже-жоболорун үйрөнгөн.

Алтымыш түрдүү тил билген,
Ары тилмеч, ары акын
Ар жакшыга көп жакын. 86-б.

Бул жаш Айдарга берилген мүнөздөмөдөн. Эпос боюнча бул “атка жеңил, тайга чак” жигит абакеси эр Ажыбайдай эле алтымыш тил билген, тилмеч, акын болуптур. Эпос, албетте, оозеки чыгармачылыкка жатат, жазма (хроника, аннал, летописң) эмес. Бирок эмнеликтен биринчи манасчы ошол жайма көкүл жаш Айдарды алтымыш тил билген деп айтты экен? Чындыгында эле тарыхый-эпикалык Айдар өтө көп тил билген, илим-билимдүү (полиглот, эрудит) болсо керек. Демек, ушундай адистерди даярдап чыгаруучу этникалык-мамлекеттик кызматтар да болгондой. Экинчиден, элчилик статусу болгон. Маселен, Көкөтөйдүн ашына элди чакырып, жер кыдырып тогуз айдан кийин келет. Бул өтө көп убакыт. Жаш Айдар Орто-Чаткал (Музбурчактын жери), Бадакшан, Балык (азыркы Балх) (Маамытсултан кандын жери), Мысыр, Көпө (Феодосия, Каффа) (“Мысыр журтун бийлеген” Сейиттин уулу Кемелдин жери), Кубайыс чөлү, Шор дарыясы сыяктуу геонимдерди ат менен кыдырып келген.

Дагы бир кызык жери жаш Айдардын жайма көкүлү болгон. Ооба, көкүл деп айтылат. (Өрүп аркага таштап койгон айдар чач эмес). Көкүл Көк Уул [42] деген байыркы рухий сөздөн кеткендигин айтканбыз. Византиялык Лев Диаконбоюнча княз Святославдын (X к.) да ушундай көкүлү (хохол) болгон. Бул орус князы жаш Айдардан кеминде жарым кылымга кеч келгенин эскерте кетүү ылайыктуудай. Балким, Орус журтунун бир кезде "азиялык чыгыш" (Н.М.Карамзин) чөлкөмдө экенде Кыргыз журту менен этно-маданий жактан жакындык жактары болгон беле?

Сулаймандын тушунда
Журт бузулуп ушунда
Жабырга малын салыптыр,
Кытайдан качып кыйла журт
Жапан болуп калыптыр.
Жайы жакшы болуптур,

Жапан атка конуптур.
Көтөрүш деген эри бар,
Сыймун арал жери бар. 94-б.

Эпосто Сулаймандын тушунда деп айтылат. Бул боюнча Сулаймандын (тарыхый Соломон, б.з.ч. IX к.) доорунда кара-кытайдан запкы жеген элдер Сыймун аралына качып өтүп, жапан атын алган экен. Ооба, биринчи манасчылар ошол "кытайдан качып кыйла журт жапан болуп калганын" уламыш-болмуштан угушкан экен. Бирок кептин баары азыркы япон элинин чындыгында эле бир кезде ушундай тагдырга туштуккандыгы тууралуу ошол орто кылымдык кыргыздын кабардар болгондугунда. Сыймун бул азыркы Япония (Жапан) болсо керек. Ошентип, жаш Айдар тогуз айлык жүрүшүндө ошол Жапан жерине да жеткен экен. Эпосто ошентип айтылат. Эми эпикалык Сыймун аралына кыргыз чабарманы жеткен деп кесе айтууга мүмкүн эмес экендиги да ырас.

Чын калаанын боюнда,
Каңгар тоонун оюнда
Алоокедей карыга айт,
Чакырдым атам тоюна.
Касапаңдын Кара-Тоосунда,
Капкалуу Бээжин оозунда
Чок-Табылгы жайлаган
Чоң кара атын байлаган
Коңурбайга барып айт. 97-б.

Бул жаш Айдардын Алооке жайлаган Чынга, Каңгарга, Коңурбай жердеген Каспаңга, Бээжинге жүргөн жолунун маршруту. Демек, эпос боюнча Чын (Каңгар тоо, Алоокенин отуругу) менен Бээжин (Кара-Тоо, Коңурбайдын отуругу) эки башка топоним экен. Ошону менен бирге Бокмурундун ушунча жерди билгендиги да кызыгууну жаратат. Ал эпос боюнча кыргыздын душманы Алооке менен Коңурбайды да ашка чакырган экен.Бул бейкут кезде кыргыз менен кытай-калмакөз ара куда-сөөктүк, маданий алакалык байланыштарын улантып келишкендигин ырастамак. (Маселен, Көкөтөй он бир кызын он бир ойротко берген). Демек, ушундай жерлер бар экендигин кыргыз, Манас мыкты билген. Анткени Манастын макулдугусуз (санкциясыз) Көктөйдүн Бокмуруну бир

этностуда өз башынча чакырмак эмес да, ордо чабарманы жаш Айдар эч бир жерге өз боюнча бармак эмес. Караңыз, орто кылымдык кыргыздын геосаясатынын чеги күн батышта Урум (Византия), Жакынкы Чыгышка жетсе, күн чыгышы Манчжурия, Кытай, Тынч океан жана Япония болууда. Мындай территориялык геосаясий ээлик Батыш Түрк жана Чыгыш Түрк каганаттыктарынын мезгилиндеги территориялык чек менен жакындап кетет.

## Көкөтөйдүн ашына элдин келип түшкөнү

Каркырадагы Көкөтөйдүн ашына "кытайдын зору эр Коңур", "Кырмустун уулу Мурадил", "кызыл чоктуу Нескара", "калмактардын Ушаңы", "Солондордун Алооке", "доңуз кыял Жолой дөө", "Токшукердин Бозкертик", "Солобонун Соорондүк", "кара жалдуу Бороончу", "Каңгайдын Ороңгу", "Каткаландын Сайкалы", "кан жээни Жүгөрү" ж.б. келип түшөт.

Сакалаттан Сары дөө
Самсып келди алты миң,
Сандыргалуу Кейкубат
Бу да келди жети миң. 107-б.

Эпосто бул эки каарман жөнүндө кошумча эчтемке айтылбайт. "Сандыргалуу Кейкубат" [38] дегенде кеп сасаниддер тарыхынанайтылуу перс шахы Кай-Кубад жөнүндө бараткандай. Эми ошол атактуу сасанид өкүмдары "Манас" эпосунда Көкөтөйдүн ашына чакырылган конок болуп келүүдө. Канткен ченде да биринчи манасчы перстик шах Кайкубаттын ашка келгендигинин күбөсү болгонбу, же элден укканбы – кеп башкада. Алар ушундай перстик башкы каармандын болгондугун санжыра-тарыхтан, дастандардан угушкан. Негизгиси "Манастагы" окуялар болжол менен ошол тарыхый перс дастанынын сыясы кургай электе жүрүп отургандай. Бул дагы бир ирет Манастын доорундагы кыргыз тарыхы ошол биз божомолдоп айткан доор менен чамалаш келерин ырастамакчы.

Албетте, аны биринчи манасчы жок жерден өзү кошуп албаган да, эпостук маалыматтын белгилүү бир тарыхый чындыгы болгондой. Бул боюнча Манас ошол атактуу перс тарыхый-дастандык инсан менен замандаш болууда. Ал эми "Сакалаттын Сары дөө" дегени ким

эле? Сакалат, балким, араб, перс жазмаларындагы славяндардын саклаб, сколот [39] деп аталышы менен бир болуп жүрбөсүн? Тарыхта славян уруулары түрдүүчө аталып келгендиги маалым. Маселен, склавин, слав, ант ж.б. ондогон аталыштар. Балким, сакалат деген этнонимде склав жана ант деген этнонимдер чогуу айтылып жаткандыр. Ал эми Сары дөөдегендеги Сары - сын атоочтук Сары энчилүү аты эместей. (Ооба, "Семетейдеги" Сары Таздай эле). Бул сөздөаз, эр деген эпонимдер болушу мүмкүн. Анткени славян этностору "аз" рухий дүйнөсү[17] менен байланыштыгы бар экендиги кээ бир булактардан кездешет.

Эгерде мындай божомолубуз ырас болсо Чыгыш Европа чөлкөмүнө Оролдон (Урал тоосунан) ары толук көчүп кете элек славян этносторунун (Н.М.Карамзин, С.М.Соловцев) бир катары IX-X кк. кырк уруу кыргыз менен этномаданий байланышта болуп келгендей.

Бокмурун тилин билген жок,
Кутургандай Жолойдун
Кулагына кирген жок. 125-б.

Коркутуп-үркүтүп опузалап кирген Жолой да, анын жемесин уккан Бокмурун да бири-бирин түшүнгөн эмес. Демек, бул кезде илгерки алтай тилдик бүлөгө кирген кыргыз тили менен калмак тили эми эки башка тил болуп калган болууда.

**Асилиңе** жакшы го
Айлыңдын болмок эсени,
Арам өлгөн Мааникер
Бир байталдын тезеги. 133-б.

Бул Бокмурун Кошойго келип, Коңурбай Мааникерди бер деп зордоп жатат деген арызына Кошойдун берген жообунан. Бирок мында дагы бир жолу асил деген сөз келүүдө. Бул сөз жөнүндө китептин тиркемесинде кошумча түшүндүрмө жок экен. Биз асил деген сөз аз жана эл деген эпонимдерден турат деп айтканбыз. Демек, эси чыккан эр Кошойдун оюнча Мааникерди Коңурбайга тартуу кылсак азэлиңе, б.а. аз мамлекетине (б.а. кырк уруудан турган азга (кыргызга)) эсендик, тынчтык болмок.

Азыр эле бу күндө
Ашыңды чаап алам деп
Кан Коңурбай айтыптыр. 137-б.

Эпос боюнча ашты чаап алуу ашты өткөргөн эл үчүн чоң трагедия болмок. Ооба, мындай атасына аш берүү салтынын миң жылдык тарыхы болсо керек эле. Ушундай каада-салттын башка элдерде да болгондугун тарыхый булактардан (Геродот) [37] билебиз. Эпосто Кошой, Бакай, Манас баш болгон кыргыз аштын тынч өтүшүнөөтө кызыкдар болушат. Кыязы аштын дагы бир негизги максаты кыргыздын согуштук-саясий күч-кубатын, материалдык байлыгын, рухий дем-күчүнүн бийиктигин эл-журтка, дос менен касына демонстрациялоо болгондой.

Ал сөздү айтып эр Манас
Алтын доол кагылды,
Аккелте мылтык чаңырды,
Араң турган кырк баатыр
Аламан коюп жабылды.
Себилдүүсү сексен төрт,
Серп салган жагы кызыл өрт... 141-б.

Манастын доол кагуусу – бул кырк чоро менен куралдуу сексен төрт аскердик гвардиянын кыска убакыттын ичинде согуштук сапка туруп калуусуна согуштук-маалыматтык белги болгон. Бул согуштук белги бир эмес миң жолку атайын машыгуудан өтүп, кырк чоро да, себилдүү сексен төрт эрен да буга өтө маш болуп калгандай. Ооба, Манас ушул атайын даярдыктан өткөн эки согуштук бирдигине таянган. Бул эки бирдик Манастын мамлекетинин эң ишенимдүү сакчысы, чалгынчысы, өтө мобилдүү авангарддык аскердик тобу болгон.

### Байгени элге угузганы, аттарды чубатууга салганы

Жөөт да бар, тарса бар,
Жөн жүргөн адам канча бар.
Кызыл баш менен Кыйбадан
Кылымга бенде сыйбаган.

Орус да бар, немис бар,
Ойроттун баары тегиз бар. 147-б.

Кызыл баш булар Кыйбалык (Хивалык) иран тилдүү этнос болушу мүмкүн.(Кара кытай Нескара кызыл чоктуу деп аталат). Ал эми орус [40] жана немис этнонимдери ошондо эле болгонбу, же кийинки манасчылар тарабынан киргенби? Эми орус, немис деп аталганына караганда бул этнонимдер кийин кирсе керек (балким, Сагымбай, же ага чейинки манасчылар тарабынан). Бирок Манастын доорунда (IX-X кк.) орус (же роус) этноними али калыптана элек кез, бирок герман (немис эмес) этноними болгон. Балким, биринчи манасчыларда герман, славян аталгандыр да, кийинчерээк (XIX к.) азыркы аталыштары менен ассоциацияланып орус, немис деп калыптанып калган көрүнөт. Эпостун жөөт дегени иуд экендиги маалым. Алар Манастын доорунда негизинен Жакынкы Чыгышта Палестинаны жердеп келишкен. Иудаизмди Кара деңиздин түндүк аймагында, Хазар каганатында, Дашти-Кыпчакта жайылтууга катуу аракетболгон. Ал эми тарса дегени ким эле? Балким, библиялык испандык Тартесс эпотопоними менен жакындап жүрбөсүн?

Кытай журту бир түркүн,
Кыргыз журту бир түркүн,
Кырым журту бир түркүн,
Орус журту бир түркүн,
Ооган журту бир түркүн 152-б.

Булар Көкөтөйдүн ашына келген этникалык биримдиктер. Ооба, этникалык бирдиктер (этностор, уруулар) эмес, этникалык биримдиктер (б.а. уруулар биримдиги, журт, федерация). Демек, этникалык башаты, тили, каада-салты, маданияты боюнча жакындыгына карай уруулар ушундай ири этникалык биримдиктерди (журтту, федерацияны) түзүшкөн. Маселен, кытай журтуна кытай (кыдан), калмак, ойрот, манжур, жунгар, мангул ж.б. этностор (уруулар), кыргыз журтуна кырк уруу кыргыз (казак, кыпчак, найман, ногой, каракалпак, нойгут, катаган, аргын ж.б. этностор) кирген. Демек, эпос боюнча журт деген этникалык түшүнүк бул эл, калк деген этникалык биримдиктерден жогору турган. Ошондуктан журт менен эл (калк) деген түшүнүктөр бирдей эмес экен да, журт калктын саны, территориясы, согуштук-саясий абалы боюнча элден жогору

турган. Журт – бул федеративдик мамлекет статусундагы саясий институт болгон. Эскерте кетчү нерсе, түрк тилдүү элдерде ‘эл’ азыркы маанисинде этносту, калкты, журтту түшүндүрөт. Бирок байыркы мааниси, биринчиден, жаратканды (бай, бар, ак, эге, алдатаала, кудай), экинчиден, мамлекетти, согуштук-саясий элитаны түшүндүрөрүн айтканбыз[8]. Караңыз, биринчи манасчылар журтту ошол кезде кандай кабылдап келишсе, эл, калк, же улут, будун дебей дал ошондой айтып жеткиришкен экен. Ошону менен бирге эпосто улут, будун, мамлекет деген сөздөрдү кезиктирүүгө мүмкүн болбоду.

Эми бул жерде эң негизгиси ошол кырк уруу этносту бириктирген кыргыз журту жөнүндө кеп болууда. Ооба, казак, кыпчак, ногой, каракалпак, найман, нойгут, үйшүн ж.б. деп аталбастан бир кыргыз журту аталууда. Ал эми ооган журтуна негизинен перс тилдүү этностор, орус журтуна славян этностору бириккен кыязы. Кырым журту болсо Кара деңиздин жака белиндеги түрк тилдүү этностордон (хазар, азербайжан, татар, урум, гагауз, алазон, волгалык булгар, аз ж.б.) турушу мүмкүн болгон.

## Жамбы атылганы

Манастан доол күп этти,
Ооз оту үрп этти,
Сексен төрт мылтык баарысы
Бир унчугуп дүп этти.
Мылтыктан түтүн булады,
Жарандардын баарысы
Жаа-алдалап чуулады,
Жайсаңдардын баарысы
Аттарынан кулады.
Ок тийгендей шалк этип,
Сексен төрттүн баарысы
Жерге түштү жалп этип... 167-б.
Жана доол урганы,
Кашындагы Кыргыл чал,
Кыйладан ашык дыңгыл чал
Кары бою тебетей
Кайытып көккө ыргытты... 167-б.
Бакайдан найза жеткени,

Эмчекке найза неткени,
Кыйынсынган Кыргыл чал
Кырданып аттан кеткени. 169-б.
Артынан жетип эр Бакай
Улак эңген эмедей
Алмамбетти эңип алганы,
Атына кое салганы. 170-б.
Али да аман сексени
Артынан Манас жеткени,
Атагы чыккан кырк баатыр
Андистиги эмес неткени... 171-б.
Арстан Манас баатырдын
Андистиги эмей неткени! 177-б.
**Баабединди** айтып бакырып,
Манастап ураан чакырып... 178-б.

Эпостун бул "Жамбы атканы" Манастын ашка келген түрдүү-түмөн элдерге кыргыздын рухунун, согуштук күч-кубатынын бийиктигин, андистигин демонстрациялоо максаты болгон. Бул бөлүмдү мекенчилдик рух көтөрүлүп, көкүрөк толуп, маанайың бийиктеп, жөн-жай угууга (окууга) эч мүмкүн эмес. Мында баары бар: аскердик сапка бат туруу, түрдүү аскердик татаалдашкан ыкмалар, ат үстүндөгү андистик, жамбы атмай, эр сайыш, эр эңиш, кылыч чабыш. Мунун баары эч бир буйруксуз Манастын доол уруусу менен гана аткарылат. Булар ушунчалык чеберчилик менен аткарылгандыктан ашка келген коноктор оозу ачылып, таң калып, көргөн көзүнө ишенбей, аңкайып карап туруп берет. Бул эмне эле? Биринчи кезекте, албетте, Манастын жана анын кырк чоросунун, себилдүү сексен төрт аскеринин күнүмдүк машыгуусунун бир көрүнүшү эле. Экинчиден, ашка келген атпай кыргыз журтуна кыргыздын аскердик даярдыгынын деңгээлин көрсөтүү, ушундай эр жигиттер, эл-жер үчүн тик турuучу күч бар экендигин жеткирүү. Үчүнчүдөн, сырттан келген кытай, калмак, ойротко кыргыздын согуштук-күч кубатын көрсөтүү, "катылсаң катыгыңды берем" дегендей айбат, сүр көрсөтүү болгон. Мындай андистикке Манас, Бакай, Алманбет бир нече жылдык ондогон, жүздөгөн кайра-кайра машыгуулардан соң жетишкен деп ишеним артууга болот. Бул атайын иштеп чыгылган план-программанын негизинде жетишилгендей. Демек, Манас жана анын чоролору жөн-жай гана

оюн-зоок уюштуруп, салбырынга чыгып эле жүрүшпөптүр. Ушундай атайын машыгуулар өткөрүлүп турган экен. Белгилеп кетчү нерсе бул атайын көрсөтүү (спектаклң) болгон. Мындай спектаклң биринчи жолу гана болуп жатпаса керек эле. Мынчалык жогорку деңгээлде болбосо да анча-мынча той-тамаша, оюн-зоокторддо болуп келгендей. Анда ошол орто кылымдык доордо кырк уруу кыргызда спорттук оюндар менен тең катарда артистик (драма) чыгармачылык болгон беле деген суроо да жаралат. Бирок Көкөтөйдүн ашына атайын даярдык болгондой. Демек, Манас, Бакай, Алманбеттер жөн жатпаптыр. “Бокмурун ашка чакырыптыр, баланча күнү болот экен, барабыз да” дешпептир. Биздин пикирибизде Көктөйдүн ашы Манас, Бакай, Алманбеттин алдын ала даярдашкан сценарийи менен кеткендей. Булар ашка ким келет, канча кол менен келип түшөт, кандай эксцесстер болушу мүмкүндүгүн алдын ала ойлошкондой. Ооба, ошондой каар заман болуп, жалгыз Манастын авторитети менен гана ишти жайгарып коюу мүмкүн эместигин туюшкан. Манас өзү баш болуп аскердик даярдыкты мыктап бышыктаган экен. “Жоо аяган жаралуу”. Же кийинки чоң казатка аттанганда Каныкейдин согуштук кийим-кечек, соот-чопкут, күл-азыктарын даярдаган сарамжалдуулугу – мына ушулардын баары эрендер гана эмес, аялзаты да маселенин жагдайы менен жакындан тааныш болуп, кызыкдар болуп турушкандыгын айгинелейт.Ооба, *зарыл учурда көчмөндүк жалпы мобилизациялык ой, сөз жана иш-аракет болгон экен.*

Дагы бир маселе. Муну болгонун болгондой, көргөнүн көргөндөй кылып элге айткан биринчи манасчыларга, укканын уккандай, туйганын туйгандай кылып бизге жеткирген Сагымбай манасчыга да баракелде! Спектаклде доолдун кагышы менен бири-бирин согуп кетмей, эңип кетмей, сайып кетмей, атып кетмей ушунчалык бийик андистикте аткарылат. Же Кыргылчалдын ыргыткан тебетейинин жерге түшүрбөй аткан сайын кайра өөдөлөшү, Ажыбайдын Алманбетти сайып кеткени, Бакайды Кыргыл чалдын көмөлөтүп чапканы,эми Бакайдын Алманбетти эңип кетиши, же сексен төрттүн баары бир учурда аттан кулап, заматта атка кайра минип чаап жөнөгөнү – бул эң жогорку деңгээлдеги эквилибристика эмей эмне! Муну байкап, көрүп турган кытай, калмак, мангул, манжур, ойроту “колунан буюму түшүп” отуруп калгандыгы да ырас. “Чапанчанды жонго чапсаң, көйнөкчөнгө доо кетет”. Ооба, бул Манастын психологиялык, маалыматтык согушу болгон, душмандын

жүрөгүнүн үшүн алуу болгон. Мындан чыкты орто кылымдык кырк уруу кыргыздын согуштук арсеналында коркутуп-үркүтүүнүн ушундай түрлөрү, ыкмалары болгон экен.

**Кошой менен Жолойдун күрөшкөнү.**
***Жолойду Кошой жыкканы***

Калмак, кытай, тарса, жөөт,
Карап турган канча көп,
Өз дининче окунуп,
Күн чыгышка бет алып
**Көк теңир** колдо деп
Батасын кылды чокунуп. 186-б.

Бул Жолойдун Көктөйдүн ашында балбан күрөшкө чыкканынан. Ал өз дининче окунуп, күн чыгышты карап көкө теңирге бата кылып чокунган. Эпосто Жолой мангулдун калмагы деп аталат. Бул боюнча калмак этносу монгол элинен бөлүнүп чыккан болот. Алп Жолой башка кытай, калмак, манжулардан өзгөчөлөнүп, лаанатиге же лаайламага эмес, көк теңирге сыйынат. Буга караганда тутунган дини жагынан Коңурбайдан, Нескарадан айырмаланган кыязы.

Көрүнөө чыккан бир оен –
Көкбөрү уулу Көккоен... 192-б.

Жолой дөө күрөшкө чыгып, кан Кошой кырк уруу кыргызды кыдырып, ага каршы эч ким (“Жоодарынын эр Чегиш”, “Саяттын Абдыраманы”, “Керкөкүл”, “Эр Жамгырчы баатыры”, “Таздын уулу Үрбү”, “Казактын эр Көкчөсү”, “Эр Төштүк”) чыкпай кезек ушул Көкбөрү уулу Көккоенго келет. Бул да шылтоосун айтып, кутулуп кетет. Бирок кеп мында бул каармандын аты-жөнүндө болууда. Атасынын аты Көкбөрү болуптур. Бул ат Көк (Асман) жана Бөрү (тотем) деген айтылуу эки эпонимден туруусу ыктымал. Өзүнүн аты (Көккоен) да ошол атасындагы Көк (Асман), кыргыз, казак этносторуна мүнөздүү Куу (Кыу) жана онок бирикмесине таандык Он эпонимдеринен тургандай. Кандай болгон ченде да бул кадимки суу жүрөк жаныбар коендун атынан болбогон. Мындай (коен) аталыштагы чоронун Манастын гвардиясында катталып туруусу күмөн эле. Белгилеп кетчү нерсе Кошой андан өтүп, “Сандыргалуу эр

Акбайга" жетет. Башкалардан өзгөчөлөнүп бул он жетидеги курч кыргыз жигити күрөшкө түшөм деген жообун берет. Бирок кан Кошой жаш Акбайды али баласың деп токтотуп коет. Ошону менен бирге дал ушул "сандыргалуу эр Акбай" кан Кошой Жолойду көтөрүп ургандан кийин "алты жашар баладай абакеңди эр Акбай так көтөрүп алгандыгын" эскерте кетүү оңдой. Мунун атында да эпонимдер байкалат. Маселен, эпосто "Ак" деген сөз кудай маанисинде бир нече ирет кездешет. "Бай" деген лексема да кудайдын ордуна колдонулат. Демек, Акбай деген ат эзелки эки рухий ишенимдин атынан куралган экен. Бай Жакыптын, анын агасы Байдын аттарында да Бай эпоними бар экендигин айтканбыз. Анан да Бай Жакыпка Акбалта Манастын туулганын сүйүнчүлөп барганда Жакыптын оозунан биринчи болуп "Ак" деген сөз чыккандыгын эстеңиз.

Акыры тууса эркеги
Аты болсун Семетей.
Арууке келин баласы
Акылдашы ар качан
Ага болсун чын жоро,
Аты болсун Күлчоро... 214-б.
Ак болотун майласын,
Ачуусуна келгенде
Абыке, Көбөш, кан Жакып
Ошолорду жайласын!
Көк болотту майласын,
Кыйыгына тийгенде
Кырк чорону жайласын!
Кара болот кайрасын,
Каарына келгенде
Кан Коңурду жайласын!
Кошой бата бергени,
Капыр менен мусулман
Кошо бата бергени,
Жер дүңгүрөп калганы! 215-б.

Бул кан Кошойдун Каныкейге берген батасынан. Бул батада өтө көп маселе жатат. Манастын уулуна Семетей, Алманбеттин уулуна Күлчоро (Кулас) деп ат коет. Бул аттар да эпонимдерден турат. Эми

караңыз, баарын алдын ала билгендей кези келгенде “Абыке, Көбөш, кан Жакыпты”, “кырк чорону”, “кан Коңурду” жайласын деп бата берет. Ооба, окуянын кийинки өнүгүшү дал ушул кан Кошой айткандай жүрүп отурат. Кошойдун батасы аткарылган. Бул эмне Кошойдун көзү ачыктыгыбы, же кырк уруу кыргыздын түпкү МанАз дүйнөсү менен байланыштыгы болгонбу? Туурасы, экинчиси. Кылым жашаган катагандын кан Кошойу кыргыздын, Манастын, Семетейдин тагдырын алдын ала билген экен. Бир кызык жери Кошойдун батасына кырк уруу кыргыздан сырткары кытай (кыдан), калмак, мангул, ойрот, орус, немис, жөөт, тарсасы – баары кошо бата берген болууда.

Үкүрчүнүн оюнда,
Үч-Капкактын боюнда,
Үйшүнбайдын тоюнда,
Ушу күнчө оюмда,
Өлтүрбөй сени тирүү алдым,
Үйүңдөн байлап бир алдым. 218-б.

Бул кан Кошойдун Жолой дөөгө айткан сөзүнөн. Көрсө, Кошой менен Жолой бир эмес бир нече жолу бет келишкен да, баарында тең кан Кошой жеңген экен. Ооба, Кошой “Үйшүнбайдын тоюндагысын” гана эмес, “Кулжа тоонун оюнда, Кутман байдын тоюндагысын” да эскертип өтөт. Эпосто бул жөнүндөөзүнчө айтылган эмес. Демек, биринчи манасчы (болжолу Ырамандын Ырчы уулу) ушул сөздү ошол ашта Кошойдун өзүнөн уккан. Ал эми Кошой менен Жолойдун башка той-топурдагы беттешкендерине күбө боло албаган да, укпаганын, көрбөгөнүн эпоско киргизбептир. Бул, албетте, эпостун тарыхыйлуулугун, чындыктыгын, ойдон чыгарылбагандыгын айгинелейт. Демек, Кошой айткан Үйшүнбайдын, Кутман байдын тоюнда Кошой болгон да, Манас (биринчи манасчы да) болгон эмес экен. Туура, биринчиден, чакырылса да ар бир эле аш, тойго баруу, же барбоону кан Манас жеке өзү чечкен. Экинчиден, бул эки байдын тою, балким, Манас Алтайда жүргөндөөткөндүр. Анткени катагандын кан Кошойу Алтайга айдалган эмес. Анын жердеген жери негизинен Ат-Башы, Арпа, Ак-Сай болгондугу маалым. Эми ошол Үйшүнбай, Кутманбай деген аттарда да эпонимдер болуусу мүмкүн.

Кайра басып Жолой дөө
Калмакча намаз окунуп,
Карк алтын сүрөт **буту** бар,
**Бурканына** чокунуп,
Кайра басып калганы. 220-б.

Бул эпостогу кызык эпизоддордун бири. Буга чейин Кошой менен Жолой күрөштү баштап коюшкан. Анан эле кеп-сөз жок Жолой "кайра басып барып, калмакча намаз окуп" кирет. Ооба, ал намазын окуп бүткүнчө Кошой каниет кылып карап турган болот. Демек, ушундай эреже-жобого жол берилген көрүнөт. Бирок эпосто "Өз дининче окунуп,//Күн чыгышка бет алып//Көк теңир колдо деп//Батасын кылды чокунуп" (186 б.) деп, Жолойдун башкача сыйынганы айтылат. Буга караганда биринчи ("көк теңир") кудайынан жардам болбой, эми экинчи "калмакча намаз окунуп","бут менен бурканынан" жардам күткөнү го. Чындыгында көк теңир жана бут (буркан) булар эки башка диний ишенимдер экендиги ырас. Анда алп Жолой неге эки башка динге сыйынган эле? Балким, ал эзелки көк теңир динин жана кийинки (б.з.ч. IV к.) бутка сыйынган (будда) динин айрып билген да, экөөнөн теңүмүт кылган кыязы.

Ооба, илгери экенде алтай тилдер бүлөсүнө (түрк, монгол, тунгус-манчжур) кирген элдер тегиз көк теңирге сыйынып келишкен да, монгол тобундагылар б.з.ч. IV к. баштап будда динине өтүшкөн кыязы. Ал эми түрк тилдер тобундагыларда VIII к. орто ченинен (араб менен кытайдын Таластагы дүйнөлүк согушунан) баштап исламга өтүү процесси башталган да, бул процесс X к. экинчи жарымында негизинен аяктаган. Алтайга качкан Кыргыз журту (кырк уруу кыргыз) Алтайдан Түркстан, Фергана чөлкөмүнө Манастын жетегинде Улуу Көч менен өткөндөн кийин гана исламга бурулган өңдөнөт. Ал эми Алтайга качпаган, азыркы Орто Азиянын чегинде калган түрк тилдүү элдер исламга (балким, жарым кылым) эрте өтүшкөндөй. Маселен, Ташкендин кыргыз каны Көкөтөй мусулмандыктын көп эрежелерин билип калган. Ошону менен бирге Алтайга кетпеген кан Кошойго окшогон кыргыздар азыркы Кыргызстан менен Кытайдын тоолуу аймактарын (Тян-Шанды) жердешип, мусулмандыктын принциптерин карманышканы менен фундаменталдуу исламдан оолак болушкандай. Же Ыспара (азыркы Тажикстан) жана Ыспанды (азыркы Кыргызстан) жердеп калган

кыргыздын уруулары (маселен, нойгут, окчу (окчо), кара кесек, думара (тонгра)) мусулмандыкка кадыресе аралашып калган.

Ооба, эпосто бар, ак, эге, теңир,алда таала, жараткан деген ишенимдер алмашып келе берет. Бул алардын мусулмандык менен чогуу эле байыркы (тарыхка чейинки), эзелки (homo sapiens) тутунган рухий ишенимдерин параллел (политеизм) алып жүргөндүгүн ырастамак. Мындай окшоштуктар башка чыгармаларда да кездешет. Маселен, “Слово о полку Игореведе” язычество[61] менен христиандык (дуализм) бирдей кеткен.

Ошентип, эпостогу калмак Жолой алптын күрөштү токтото коюп, экинчи жолу калмакча сыйына баштагандыгы бекеринен эмес экен. Мына ушундай майда көрүнгөн деталдар эпостун чындыкка жакын экендигин, биринчи манасчынын (Сагымбайдын да) принципиалдуулугун, өтө кылдаттыгын, ар бир эпизодго сын көз менен карагандыгын айгинелейт. Айтмакчы, балбан күрөштүн калысы (арбитр) тууралуу эпосто айтылбайт. Ошондуктан Жолойдун иши жүрбөй экинчи ирет намазын окуй баштаганда Кошой аны туура эле түшүнүп жигиттик (джентелңмендик) кылып өз жайына койгон экен. Болбосо башка бир чыр балбан болгондо күрөштөн качты, өзүнө сырткы духтарын чакырып жатат деп чыр чыгарып, эл алдында бир топ көрүнүп алмак экен. Кошой да билген намазыңды оку, баары бир кыргызымдын рухий дүйнөсүн басып кете албайсың деп сыртынан билдирбесе да, ичинен Манаска (МанАз), "Бар кудайга" (IV китеп, 9-б.) сыйынып жатса керек эле. Балким, "Билген намазыңды оку" деген кеп ушул Кошойдон баштап кеткен беле?

## Манас менен Коңурбайдын сайышы

**Көкө теңир** бир билер,
Кайсынысы жыгарын,
Манас чыкса сайышка
Байласаң болбой чыгамын. 232-б.
**Лаанатка** сыйынып,
Бурама темир курчанып,
Каарданып сурданып,
Чарайна төшкө тартынып,
Чакчырылып Коң төрө
Көпкөк темир артынып...
Көсөл баатыр Коңурбай

Көк жолборстой чамынып,
Көк теңир деп жалынып... 236-б.
Бутканага чокунуп,
Булуттай кара ат токунуп,
Азырланып алыптыр...239-б.
Коңурбай кытай улугу,
Туңша Бээжин уругу.
Башкы атасы Паң болгон,
Басташкан жоосу нан болгон. 247-б.

Бул Коңурбайга мүнөздөмөдөн. Коңурбай Манаска эр сайышка чыгамын, бир көк теңир билет деп айтат. Ал лаанатка сыйынып, көк теңирге жалынат. Кошойдун айтымында бутканага да чокунат. Ооба, Коңурбай да Жолойдой эле көк теңирге да, бутканага да сыйынат экен. Бирок бир өзгөчөлүгү Коңурбай өзүнүн лаанатынан да үмүт кылат. Демек, маңгулдун калмагы Жолой менен кара кытай Коңурбайдын диний ишенимдери негизинен бирдей эле болгон. Коң төрөнүн Жолойдой эле көк теңирге сыйынганына караганда ал да байыркы рухий дүйнөсүн билгендей.

Биздин оюбузча калмак, маңгул, кытайды (кыданды) негизинен будда дини бириктирип тургандай. Эгерде буткана, бут ишенимин таштап артка кайрылса кыргыз журтундагы этностор менен бир рухий (маселен, теңир) ишенимге жакындап калмак экен. Эпосто кыргызга, Манаска өткөн манжулук калмактар (Айнакул, Шакум-Мажик)көк теңир сыйынгандыгы айтылат (I китеп,  көк теңир, 142-б.; жага, 145-б.), бирок буткана, бутка ишенгени жөнүндө кеп болбойт. Демек, бул манжулук калмактар буддага өткөн эмес. Ооба, кептин баары ушунда экен. Ошентип калмак этносу диний жактан экиге бөлүнүп, бири кыргыз журту менен, экинчиси кытай журту менен кеткен болот. Алтайда экенде тил табышпай манжулук калмак менен алтайлык калмактын өз ара чабышканын да ушул өңүттөн түшүндүрүү туура болмок.  Эми караңыз, Манастын кырк чоросундагы, кошунундагы ошол манжулук калмак этносу кытай, калмак менен чабышканда канткен? Кыргыз кандай согушса алар да дал ошондой согушкан. Анткени булардын жергеси, жашоо образы, тарыхы кыргыз менен бирдей аралаш кеткен экен.

## Эр эңишкени

Ал аңгыча кытайдан
Шаңдөөгөр чыгып калыптыр,
Түп-Бээжиндин журтунан...
Ал чыккан соң токтолбой,
Күн батыш жаккы капырдан
Чыноончүк дөбөт баатыры
Чыгып калды акыры...
Лаайламага сыйынып,
Жалаң кийип соотуну ...255-б.
Балбанын айрып алууга
Карыя Күшөң чал жетти.
Күшөңдү көздөп бет алып
Кыргыз Акбай да жетти. 256-б.

Эр эңишке Коңурбай тараптан Шаңдөөгөр чыгат. Ал Түп Бээжин журтунан деп эскертилет. Демек, беш Бээжиндин (Кичи Бээжин, Орто Бээжин, Чоң Бээжин, Чет Бээжин, Түп Бээжин) ичинен ушул Түп Бээжин дегени ошол кытай патриархы Эсенкан жаткан ордо калаа окшойт. Ошондуктан кыргыз, Манас чоң казат менен барган жер Түп Бээжин экендигин тактап алган дурустай.

”Күн батыш жаккы капырдын” лаайламага сыйынганына караганда Манастан набыт болгон калмак Култаңдын ("лаайлама", I китеп, 35-б.) уруктарынан окшойт. Неликтен биринчи манасчы аны капыр деген экен? Биздин оюбузча бул калмак уулу дини жагынан көк теңирге да, буддага да, исламга да кирген эмес. Мурунку урууруктук байыркы динин тутунуп келген экен. Ошон үчүн да биринчи манасчы көп жактырбай капырга кошуп жибериптир. Ошентип калмактын дагы бир үчүнчү диндик агымы (лаайлама) ачыкталат. (Буга таң калуунун деле кереги жоктой. Маселен, христиандыкта католик, православ, протестант; исламда суннит, шиит ж.б. агымдар).

Ошентип, эр эңиште убакыт өтөт. Экөө бири-бирин ала алышпайт. Ошондо кытай жактан Күшөң чал Шаңдөөгөр балбанды айрып четке тарта бергенде “күн батыштын Чыноончүк, атынан алып салат”. Эми ошол Күшөң деген атта тарыхый кушан этноними кезикпейби деген суроо жаралат. Анткени, ушундай улуу тарыхыйэпикалык дастанда эпонимдик (этнонимдик) касиетке эгедер инсандар (кан, бек, бий, эр) гана аталып келсе керек эле. Балким,

кушан этносунун кара кытай менен тарыхка чейинки доордон этникалык жакындыгы бар болуп жүрбөсүн? Чындыгында эле Борбордук Азия чөлкөмүндө ушундай тарыхый окуялар жүрүп жатса тарыхтагы айтылуу кушан этносу кайда жүргөн эле? Бул этникалык бирдик да региондогу геосаясий оюндардын активдүү оюнчусу болуп эле жүргөндөй.

Эпос боюнча Акбай Күшөң чалды неликтен "кое бербе, туткун" деп айтты экен? Ошондон кийин "Алиги кытай өчмөндүү// Акбайдын айткан кебине" деп айтылып калган экен. Буга караганда кушан этносу кара кытай (кыдан) менен этникалык жакындыгы бар беле деген суроо туулушу ыктымал. Бирок кыргыз жаш Акбай кандайча бул эки бөтөн этностун кармашына кийлигишип калды эле деген суроо да туулушу мүмкүн.

## Кытай-калмак байгеге зордук кылып, уруш болгону

Манаска кусур айтасың,
Байкап турсам өзүңдү
Балакет баскан шайтансың.
Бээжин кайда, жер кайда?
Белиңе таңуу кыласың,
Кытай кайда, эл кайда?
Кыргызды душман баалайсың,
Кытайды тууган каалайсың.
Кытай түбү карабас,
Караса да түбүндө
Азыркысын Манаска
Сен дегенге жарабас!
Калмак сенин атагың,
Башкы атаң маңгул болсо да
Басылбады чатагың. 294-б.

Бул Жолойдун аялы Айганыштын сөзүнөн. Жолой Коңурбай баш болуп байгени талап алышып, артынан Манастын колу түшүп, андан качып, айылына келип мактанып отурганда "акылман-аяр катыны" Айганыш ушинтип айтат. Айганыштын айтканына караганда калмак менен кытай туугандык деле жолу жок эки башка эл экен. "Кытай кайда", "кытай түбү карабас" деп кытай эл-журтуна

ишеними да жок экен. Ал Жолойдун Манаска, кыргызга душмандык ниетин колдобойт. Эпостун идеясы боюнча Айганыштын айтканын ошондогу калмак элинин ой-пикири катары кабыл алса да болот. Бирок мында дагы бир маселе жатат. Айганыштын айтканы боюнча Жолой жана анын уруусу калмак, ал эми түбү маңгул (монгол) болууда. Буга караганда этникалык жактан калмак бир кезде монголго караган фратрия болгон да, кийинчерээк бөлүнүү процесси жүргөн. "Калмак сенин атагың,// Башкы атаң маңгул болсо да// Басылбады чатагың" деген сөздө чоң маани бардай. Анда "бабаңмаңгул эли кыргызга тийишпей эле оокатын кылып жүрөт, эми калмак сага эмне жок" деген ой жатат.

Түбү бизге тууган деп,
Түшүнө албай турган деп,
Не кыласыңөлтүрүп. 296-б.

Бул Кошойдун эр Манас калмак Жолойду “нак өлтүрөр кезекте” арачалап калышындагы сөзүнөн. Мындагы “түбү бизге тууган” дегенинде да кеп бар. Эпостогу ой боюнча маңгул этносу бир кезде (балким, тарыхка чейинки) кыргызга этникалык жактан жакындыгы бар болгондой. Ушуну айткан Кошой да, аны элге жеткирген биринчи манасчы да кыргыз менен маңгул калмагынын “туугандык” жайын билишкендей. Эми туугандык жайы болгондо канчалык эле? Балким, бул учурда дагы бир ирет алтай тилдик бүлөсүн [13]эске алуу орундуудур?

**Манас. IV китеп. Сагымбай Орозбак уулунун варианты боюнча. Фрунзе: "Кыргызстан", 1982. -368 б.**

---

## Жети кан куралып, Манаска кылмак болуп кеңешкени

**Кырк уруу кыргыз элек,...**
**Тогуз уруу кыргыз калдык,**
Көкөтөйдүн ашы деп,
Тополоңду жаман салдык.
Катарында казак болду,
Калгандарга аш деген азап болду,
Угуз уулу Манаска мазак болду...
Кыргыздын он төрт беги
Ушу болду Кошойго айткан кеби. 8-б.

Бул кыргыздын он төрт бегинин Кошойго келип айткан сөзүнөн. "Кырк уруу кыргыз элек, тогуз уруу кыргыз калдык" дегенине караганда алар баары өздөрүн кырк уруу кыргыздын бири катары эсептешкен. Мунун өтө зор мааниси бар. Ооба, Манаска кутум уюштуруп жаткан казак (Көкчө), кыпчак (Төштүк, Үрбү), ногой (Жамгырчы), анжыяндык окчо кыргыз (Санжыбек), букардык калча (Музбурчак) баары кырк уруу кыргыз экен. (Эпосто кырк уруу кыргыздагы каракалпак этносунун (Бердике) Манаска карата позициясы айтылбайт). Эми тогуз уруу кыргыз калдык дешет. А, калган отуз бир уруу кайда эле? Булардан башка нойгут, жетиген (жедигер), багыш, найман (майман), катаган, аргын, окчу (окчо), думара (тонгра), дөөлөс, алчын (алакчын, алаш)ж.б. уруулар Манаска лойалдуулугун сакташкан. Бул уруулар бүгүнкү күнгө чейин кыргыз элин түзүп келе жаткандыгы маалым. Демек, Манастын доорунда кырк уруу кыргыздын ичиндеги автономдуу уруулардын эми эгемендүүлүккө умтулуу процесси өөрчүп отурган. Эпос боюнча отуз бир уруу ар кайсы мезгилде эгемендүүлүккө ээ болуп кырк уруу кыргыз федерациясынан бөлүнүп чыгып кеткен экен. (Эстеңиз, Көкөтөйдүн ашынан бир аз мурун он эки уруу калган болчу. Эми мына тогузу гана калган болууда). Бул, балким, Манаска чейин бир нече, балким, ондогон кылым мурун болгондур (Сактардын доорундабы (б.з.ч. 700-400-жж.)? Биринчи Түрк каганатынын (VI к.) мезгилиндеби?). Манасты Огуз кандын урпагы экендигин баса

белгилешет. Буга караганда Манастын жана алты кандын Огуз кандан мурунку ата-бабалары бир болуусу мүмкүн. Бирок “тогуз уруу калдык” дегенде кимдер эле?

Тарыхый булактарда ‘тогуз огуз’ деген этнонимдик түшүнүк бар. Муну кээ бир булактарда (божомолдо) тарыхый кээ бир этникалык бирдиктер менен байланыштырып келинет. Бирок бул этнонимдик аталышта огуз деген эпикалык-тарыхый эпоним турат. Кыргыз этнониминде да огуз деген сөз бар. Ооба, кырк огуз (оказ). Айырмасы кыргызда кырк огуз болсо, мында тогуз огуз болууда. Манастын мезгилинде (IX-X кк.) эми тогуз уруу калган болууда. Балким, ошол ‘тогуз огуз’ Манастын ошол тогуз уруу кыргызы болуп жүрбөсүн? Анткени, Борбордук Азия геосаясий мейкиндигинде дагы башка бир тарыхый тогуз огуздар болуусу мүмкүн эмес эле. Ошол огуз деген лексемада ок жана аз эпонимдери турат. Бул эки эпоним кыргыз этноними (жана анын ичиндеги кырк уруунун аталыштары) менен тээ атамзамандан бери өтө тыгыз биримдикте катышып келет. Балким, кырк уруу кыргыздан калган ошол тогуз кыргыздын мезгилинде сырткы (кытай, перс, араб, византиялык) булактарда болгонундай (тогуз огуз) жазылып, айтылып келсе керек. (Ошону менен бирге кыргызда калыптанып калган эзелки тарыхый 'кыргыз' этноними адаттагыдай эле параллел аталып келинген). Демек, ‘тогуз огуз’ деген тарыхый этнонимде бир этнос жөнүндө эмес, тогуз этнос жөнүндө сөз жүрөт. Анда буга кайсы этносторду кошууга болмок? Биздин оюбузча ошол Батышка кетпей калган кыргыздын кыпчак (Таз, Төштүк, Үрбү), казак (Айдаркан, Көкчө), ногой (Эштек, Жамгырчы), нойгут (Акбалта, Чубак), каракалпак (Бердике, Кыргыл), катаган (Кошой), жетиген (Чегиш), төлөс (Медер), калча (Музбурчак), окчу (Ошпур, Санжыбек) ж.б. уруулары болушу ыктымал. Ооба, булар уруулар. Эми булардын ичинде бир нече фратрийлик топтор (маселен, казактын (алчын, үйшүн, аргын), кыргыздын (думара (тонгра), багыш, кара кесек), башкырдын (кызай), найман ж.б.) болгондугу маалым.

Ошентип, бир кездеги кырк уруу Кыргыз журтунун (федерациясынын) ыдыроо тенденциясы жүрүп отуруптур. Мындай параллелдер евразиялык бир катар башка уруулук журттарда да болуп келген. Маселен, герман (журту) уруулар бирикмеси. Мында франк, англ, сакс, фриз, бургунд, бавар, ют, гот ж.б.ондогон уруулары болгон. Булардан кийин Франция, Англия, Германия, Голландия, Белңгия, Люксембургөңдүү мамлекеттер калыптанган. Же славян

(журту) уруулар бирикмеси. Алардан Россия, Полңша, Украина, Белоруссия, Чехия, Словакия, Словения, Сербия ж.б. мамлекеттер келип чыккан. Бирок алардын байыркы аталышы герман жана славян. Кырк уруу кыргыз журту да кыргыз деп гана аталып келген. Кыргыз журтунан (федерациясынан) кийин ар кайсы мезгилде Казахстан, Каракалпакстан, Түркмөнстан, Башкортостан, Өзбекстан, Кыргызстан мамлекеттери, Россия Федерациясындагы Алтай, Ногой, Хакас, Тува мамлекеттик автономдуу субъектилер калыптанган.

**Бар кудай** Манас кылып салды,
Мен кылган Манас эмес,
Кобурабаңар
Кошой силерге тамаша эмес!..
Кошойдон бу сөздү укту,
Ал жерден он үчү кайра чыкты,
Кошойдун тилин алды:
Акбай, Мамбет калды,
Агыш, Кожош калды,
Көккоен, Султан калды,
Жедигер Чегиш калды,
Жети бек тегиз калды. 9-б.

Караңыз, бул жикчил сепаратистик маанайдагы жыйынга он төрт уруу башчысы: жети кан (Төштүк, Көкчө, Жамгырчы, Санжыбек, Музбурчак, Үрбү, Кошой) жана жети бек (Акбай, Мамбет, Агыш, Кожош, Көккоен, Султан,Чегиш) катышкан. Кошойдун сөзүнөн кийин анын тилин алып жети бек оюндан чыгып, Манас (Кошой) тарапта калышат ("жети бек тегиз калды"). Ооба, булар бек деп аталышат, кан эмес. Анткени кыргыздын ичиндеги Манас менен тыгыз байланыштагы уруу башчылары болушкан. Кандык даража алгыдай эли, территориялык чеги, автономдуу саясий укугу чектелүү болгондой.

"Бар кудай Манас кылып салды, // Мен кылган Манас эмес" деп, кан Кошой алты канга болгонун болгондой айтыптыр. Ооба, бул жерде дагы бир жолу “бар кудай” деп айтылат. Бирок кеп Кошойдун "мен Манасты жараткан эмесмин, Манасты "бар кудай" жараткан, Манаска тийиштик кылбагыла" дегенинде жатат. Демек, кан Кошой да Манастын бар кудай тарабынан бу дүйнөгө келгендигин, анын кыргыз үчүн миссиясын билген. Ошон үчүн жикчил алты канга

жогорку жообун эч буйдалбай берген. Кандардан Кошой гана Манас тарапта болуп, анан жети бекти кайра ынандырат. Бул өзгөчө жыйын тууралуу Манас билгенби? Албетте, билген. Ушундай зор кыргыз журтунун атайын кызматтары болуп, тымызын иштеп жаткандыгына шек жок. Жыйын тараганча эле андагы кеп-сөздөр Манаска жетип келген болуу керек. Ооба, баарынан кабардар болгон Бакай, Манас, Алманбет, Ажыбай, кырк чоро гвардиясы эми эмне кылуу керектигин ийне-жибине чейин иштеп чыгышкан көрүнөт. Муну кийин алты канды Манастын тосуп алуусу да тастыктап тургандай.

Төштүктүн жерине келди,
Дөгөөн кыпчак элине келди.
Балыктын башы,
Алайдын асты,
Аңырдын сазы,
Кейүүнүн бою,
Сары-Колдун ою –
Жыйылган жери Төштүктүн тою... 9-б.
Музбурчак турат карыңар,
Бу тургандар баарыңар –
Элемандын Төштүгү,
Эштектен бар Жамгырчы,
Казактан Көкчө сен элең,
Кабычыл кыйын эр элең...
Тору кыпчак Үрбүнүн
Доошу чыкпай жок болду,
Казак Көкчө, Музбурчак
Үрбүнү көздөй октолду. 10-б.
Кара кыргыз уругу,
Тору кыпчак улугу,
Атасынын аты Таз,
Шаары Үрүмчү, дөөлөт мас,
Манас менен ысышып,
Дос болушкан ошол жаз... 11-б.
Маанайым бас, айылым аз, башым таз,
Өз тууганым өзүмө кас! 12-б.

Ошентип, Кошойдун айтканына көнбөгөн алты кан Төштүктүн тоюна келишет. Төштүктүн жайлаган жери "Керме тоонун ою, Кең-

Котондун бою” - азыркы Хотан (Кытай) болууда. (Караңыз, кытай жери кыргыз уруулары жердеген территория болууда). Ооба, эпос боюнча бул алты кан кырк уруу кыргыздын бири. Эпосто дагы бир кызык маалымат бар: “Кара кыргыз уругу, тору кыпчак улугу, атасынын аты Таз” деп Үрбү мүнөздөлөт. Демек, эпос боюнча тору кыпчак кара кыргыз журтуна кирген. Бул өтө маанилүү маалымат болору бышык. Ооба, кара кыргыз, Кара кан (Манастын тогузунчу атасы), Кайра кан (теңирчилик дүйнөсүндөгү эң жогорку (17) тепкичтеги кудай) [1] баары бир башаттан кетүүсү мүмкүн.Мындан тышкары кара калмак, кара кытай, кара түрк этнонимдеринде да кара деген сакралдык сөз бар экендиги маалым.

Ошентип, Төштүк, Көкчө, Музбурчак, Жамгырчы (төртөө) Манаска каршы активдүү аракеттенген кандар болууда. Үрбү олку-солку болуптур. Ал Үрүмчүнү жердеп, Таздын уулу болгондугу эпостун мурунку бөлүмдөрүнөн маалым. Таз [19]- чачы жок (таз, кал) маанисинде эмес, бул – кыпчак эпоними. Үрбүнүн атасы кыпчак этносунун эпонимин алып жүргөн. Ошондуктан Үрбүнүн “айылым аз, башым таз” дегендеги аз да, таз да эпоним болуп саналат. Анткени таз деген сөздөаз эпоними бар болууда. Ал эми  анжыяндык окчо Санжыбектин позициясы көп ачыкталбайт.

Өткүр Манас Каңкордун
Өнөрү болсо көрөлү,
**Актан** келген ажалга
Арга барбы өлөлү... 13-б.
Оболу Манасты барып чабалы!
Ошондон кайтып келген соң
Чалдардын эбин табалы!
Катагандын кан Кошойду,
Кадырладык ошону.
Оогандын каны Акунду
Кол чакырсак келбеди...15-б.

Ошентип, алты кандын сөзүнө муюп, Көктөйдүн ашында башына камчы тийген Үрбү да эми арына келип Манасты каарып кирет. Чалдар деп, катагандын кан Кошойун, Оогандын Акун канын айтышып, Манастан кийин алардын да адебин колуна беребиз дешет. Бул алты кан неликтен Оогандын Акун канын да тойго (туурасы кутумга) чакырган эле? Мындай караганда кайдагы ооган элинин

каны деп ойлоого болмок. Бирок эпостун башка варианттарында ошол ооган Акун кан менен кыргыз кан Манас санжыралык тарых боюнча кыркынчы атадан бир болуп чыгышат. Демек, алты кан санжыраны билген да, Акун канды өздөрүнө тартууну көздөшкөн. Бирок Акун кан тойго келбептир. Бул, албетте, анын көрөгөчтүгү гана эмес, саясий-идеологиялык жактан Манас менен бир экендиги кийинки окуяларда ырасталат. Эпостогу "Актан келген ажалга" дегенде ак кудай маанисинде келүүдө.

**Төбөсү ачык көк урсун,**
**Төшү түктүү жер урсун...** 16-б.
Баашалардын баарысы
Батасын кылды чуркурап...
Канга колун малышып –
Кайтпай турган убада...
Ат башындай чоң **куран**
Алып келип баары да
Көкүрөгүн урушту. 16-б.

Бул - алты кандын Манаска каршы жашырын жыйынынан. Караңыз, жикчилдер, биринчиден, эзелки салттык асман-жер менен антташат, экинчиден, канга колун малып убадалашат, үчүнчүдөн, ал аз келгенсип куран менен касам ичишет. Ооба, теңирчилик менен мусулмандык ишенимдердин болгон арсеналын пайдаланышкан. Эми алты кандын Манаска каршы даярдыгы өтө зор болуптур. Демек, алардын оюнда маселе өтө эле олуттуу экен. Ошентип, алты кандын алты элчиси Кыйша-Тоо, Кейүү суусу, Намут чөлү, Кытмыр, Жаркен, Кашкар, Чакмак, Чатыр-Көл, Нарын дарыясы, Жумгал, Суусамыр аралап, баш-ягы он күндөн ашуун жол басып, Таласка жетип келишет.

## Элчилердин Манаска барып учураганы

Кандардын берген кагазын
Калдайтып сууруп алышты...
Сыргак баатыр зымпыйып,..
Баягы катын алганы,
Баатырдын астына

Барып жазып салганы.
Ойрон болгон султаның
Окуп-окуп билди эми,
Мыйыгынан күлдү эми. 29-б.

Ошентип, алты элчи Манаска алты кандын катын тапшырат. Бирок аны биринчи Сыргак колуна алып, анан Манаска узатат. Ооба, айтылуу Сыргак ушундай маанилүү маселелерде кыргыз канынын жанында кызмат өтөп жүрүптүр. Катты Манас өзү окуйт. Демек, кыргызда жазма кадыресе көрүнүш болгон. Манас алты кандын өтө сүрдүү катын мыйыгынан күлүп тосуп алат. Манас, албетте, окуянын ушундай өнүгүшүн алдын ала билген. Мындай мазмундагы кат ал үчүн жаңылык эмес эле.

Жетөөң эмес жети кан,
Жетимишиң чогулуп,
Жеңер жериң камын кыл! 36-б.

Бул Манастын алты элчиден берген андан да сүрдүү жооп катынан. Эрдемсинген алты кандан Төштүк жүз миң, Жамгырчы алтымыш миң, Санжыбек Кокон, Анжыяндан жетимиш миң, Музбурчак Букардан эки жүз миң, Сары-Аркадан Көкчө “санды түмөн кол алып” Таласты көздөй аттанышат. Чындыгында булар Манастын айбаттуу катынан соң эми Манасты чаап алууга эмес, анын чакырыгына “эмне дээр экен, бара көрө жатарбыз” дегендей маанайда келе жаткандыгын да мыкты билишкен.

## Кандардын Манаска барып жолугушканы, аларды Манас кандай күткөнү

**Сандыргалуу кырк бөрү**
Санатын айтып көрөлү:
Башында Бакай кары бар,
Кырктын башы Кыргылчал,
Баатырлардын баары бар.
Күлдүрдүн уулу Чалыбай,
Күлдүргүчү Ажыбай,
Кыргыздын беги Кутунай,

Каратоко Мажиги,
Саргул аттуу Сатайы,
Сабай бийдин Атайы,
Үйшүндөрдүн Үмөтү,
Үмөт уулу Жайсаңы,
Аргын Каракожосу –
Акылына кошосу,
Бообек, Шаабек, Шүкүрү,
Арбандардын Алтайы,
Дөрбөндөрдүн Төртайы,
Төлгөчү журттан бөлөгү,
Агыдай далы көрүүчү –
Ашкере айтып берүүчү,
Топтун башы Токотой,
Элдин чети Элеман,
Калк башкарган Калкаман,
Серек менен Сыргагы –
Сезбей турган чыйрагы,
Коңгуроолуу байдын Кошабыш,
Кош башкарган эр Ыбыш,
Алымдын уулу Алекен,
Арстан Мажик бар экен.
Түн ичинде жол жүрсө,
Түмөн кыргыз кол жүрсө
Түлкүнүн изин жаңылбас –
Кадыр, Жайнак, Шууту –
Калк чайкаган куусу,
Ырчыуул, Бозуул ыктуусу,
Эр Тазбаймат мыктуусу...
Казактардан Жоорунчу.
Кайгыл, Бөгөл, Тоорулчу,
Шыңгынын уулу Кербени,
Шыпты кашка Дөрбөнү,
Бөрү жолдуу Бөгөлү...
Манасты көздөй бет алып,
Жалпы жөнөп калыптыр. 44-б.

Караңыз, эпосто "сандыргалуу кырк бөрү" деп айтылат. Алар ким эле? Ооба, кеп кырк уруу кыргыз жөнүндө баратат. Кырк бөрү

ошол эле кырк чилтен. Демек, кыргыздын кырк уруусу илгери-илгери экенде кырк бөрү деп аталыптыр. Муну бизге биринчи манасчы өзү айтып жатат. Эстеңиз, кытай (кыдан), калмак, ойрот тарап кыргызды "кыргыз" деген жапжакшы аты турса да, болбой эле "бурут" деп келишкен. Муну басынтуу, же мазактоо катары түшүнбөө керек. Таптакыр андай эмес. Чындыгында эле кыргыздын баштапкы эпонимдик аталышы бурут болгон экен. Эми ошол бурут деген сөздө бөрү деген эпоним сөз бар болууда. (Биз бул жөнүндө мурун айтканбыз). Дал ошол кездерде, кыязы, кандык кыргыз уругу кытай (кыдан), монгол (калмак) уруктары менен бир геосаясий мейкиндикте өз ара этномаданий бир алкакта эле болуп келишкендей. Ошон үчүн да "а" дегенде эле оозуна бурут деген сөз кирген сыяктанат.Ошентип, биринчи манасчынын "сандыргалуу кырк бөрү" дегени кыргыздын байыркы санжырасына дал келип тургандай.

Эми ошол эзелки салттык кырк бөрүдөн, б.а. кырк уруунун ар биринен Манастын кырк чоросу куралган. Мунун таржымалын Манас өзү мыкты билген. Ошон үчүн да кырк уруу кыргыздын уюткусун сактап өзүнүн гвардиясын түзгөн экен. Маселен, мында казак Жоорунчу жүрөт. Демек, казак эр Көкчөнүн кастык оюна карабай казактын кайсы бир фратриясы кыргыздын бир канаты катары Манастын кандык кызматында турган. Үйшүндөрдүн Үмөтү – бул усундар. Жайсаң, манжулук калмак “арстан Мажик”,каракалпак Кыргыл бар. Эми “элдин чети Элеман” деген ким эле? Ошол жикчил кандын бири эр Төштүктүн атасыбы, же айтылуу Элемандын эпонимдик атын алып жүргөн кыпчак кырк чоронун бириби? Туурасыэкинчисиболуусуыктымал. Демек, кыпчактынкайсыдырбирфратрийликтайпаларыкыргыз, Манастараптаболгон.

Биз тогуз уруу кыргыз калды деп жатпайбызбы, анан кайдагы кырк уруу кыргыз жөнүндө кеп жүрүүдө? Ооба, кырк уруу кыргыздан тогузу калгандыгы анык. Бул тогузу уруу толук, түгөл кыргыздын курамында болгон. Ошону менен бирге мамлекет түзүп дүйнөнүн чар тарабына тарап кеткен отуз бир уруунун кыргызга лойалдуу кайсыдыр бир уруктары, фратрийлери дагы деле болсо кыргыз менен жүргөн экен. Аз болсо да. Буларга үйшүн, найман, төлөс, жетиген, кыпчак, тонграны кошууга болмок. Балким, тарых барактарында мурунтан эле аты чыгып калган сак, гунн, массагет, исседон, кушан, ашина, ашиде, ашпар, алчын, он ок, дуулат этностору алгачкы Улуу Көчтө (IV к.) эле Батышка сапар тарткандыр.

Каршы келген Жамгырчы...
Улук эрди көргөндө
Учуп түшүп атынан
Кол куушуруп бооруна
Салам айтты дооруна. 47-б.
Арстан эрди көргөнү,
Төрө Төштүк баатыры
Ат менен салам бергени.
Тогуз уул кенжеси
Элемандын эркесин
Келгениң жакшы болду деп,
Алып келгин колду деп,
Ат үстүндө турушуп,
Амандашып көрүшүп,
Учурашып алганы. 49-б.
Каршы келген кан Үрбү
Аттан түшүп алганы.
Кол куушуруп колуна,
Салам айтып салганы,
Алигин баатыр алганы. 50-б.
Баатыр Көкчө келгени,
Аттан түшүп Манаска
А да салам бергени.
Аликти баатыр алыптыр...51-б.
Орчун Кокон, Маргалаң,
Оро-Төбө, Самаркан,
Анжыян элин айдаган
Эр Санжыбек кан чыкты...
Аттан түшүп Санжыбек
Салам айтып салганы,
Алигин баатыр алганы. 52-б.
Буудайыктын Музбурчак
Ак асаба туу менен,..
Желеги алтын туу менен...
Азыр келип турганы.
Акбалтанын Чубагы,
Кырк чоронун баарысы,
Кыргыл, Бакай карысы
Аскерди бөлүп алыптыр. 53-б.

Ошентип, алты кан күтүрөгөн миң-сан кол менен Манаска келип түшөт. Аларды Манас Аккуланын үстүндө отуруп күтүп алат. Караңыз, эрдемсинген алты кандан эштек Жамгырчы менен кыпчак Үрбү аттан түшүп, бооруна кол куушуруп салам айтышат. Казак эр Көкчө, анжыяндык эр Санжыбек да аттан түшүп салам беришет. Эпосто букардык буудайык Музбурчакты Манас күтүп алганы жөнүндө сөз болбойт. Бирок эр Төштүк гана ат менен салам берген болот. Ооба, биринчи манасчы өз көзү менен көргөндү айткан экен. (Бул дагы бир ирет биринчи манасчы ошол кырк чоронун ичиндеги, жооптуу кырдаалда Манастын жанында турган мамлекеттик жооптуу кызматтагы инсан болуусу мүмкүн экендигин ырастамак). Эч кандай жымсалдоо, Манастын алдында Төштүктүн ролун (саясий ордун, аскердик күчүн) төмөндөтүү байкалбайт. Ушундай болгонэкен. Буга караганда кыпчактын ири урууларын (маселен, эр Төштүк) өз алдынча саясат жүргүзүп калса, башка бири (маселен, Үрбү) баштагыдай эле кыргыз менен бир болгондой.

Демек, алты кандын Манаска карата согуштук-саясий орду жана ролу түрдүүчө болгон. Мында алардын согуштук күч-кубаты, жеке саркердик сапаты башкы орунда турган болуу керек. Булардын ичинен эр Төштүктүн орду жогору болууда. Анан казак эр Көкчө менен эр Санжыбек турат. Эпос боюнча эзелтен Анжыянды жердеп келген (Алтайга качпаган) кыргыз уруулар (окчо (окчу), думара (тонгра), кара кесек) башчысы Санжыбек азыркы Өзбекстан менен Тажикстандын территориясындакандык кылган (бирок мындаөзбек, тажик этностору жөнүндө сөз жүрбөйт). Ногой Жамгырчы менен кыпчак Үрбүнүн орду бул үчөөнөн кийин турган. Ал эми букардык калча Музбурчак экинчи даражадагы конок катары кабыл алынган. Бирок бул алты кандын кол менен келиши Манас үчүн Бээжинге чоң казатка даярдык катары каралган.

Жанагы кандар кайда деп,
Кандарды бери айда деп.
Кандарды бери айдап кел,
Келбегенин байлап кел!
Кежирлик кылып тартынса,
Келдесин кесип жайлап кел!..
Улуксунган кандарды
Ушундан барган желдеттер
Аттан түшпөй чакырды... 57-б.

Каспаңдын кара тоосунда,
Капкалуу Бээжин оозунда
Чоң-Табылгы жайлаган,
Чоң кара атын байлаган,
Жоо дегенде шайланган,
Алтымыш жайсаң иниси,
Алооке кандын кенжеси,
Калдайдын уулу капырга –
Кан Коңурбай баатырга
Казат кылсак канетет...
Кытайга салып чоң уруш,
Кайнап жаткан кытайга
Барып калсак канетет. 59-б.

Ошентип, таң атып атпай Манас кандарды апкелгиле деп буюрат. Бул анын күч-кубатын, бекемдигин, бутунда бек туруусун айгинелеген. Дагы бир белгилөөчү нерсе Манаста кырк чоросунан тышкары атайын күзөттүк кызматы, бөрк ал десе баш алган мыршап, мырдар жасоолдору болгон. Булар мамлекеттик классикалык атайын кызматтар экендиги маалым. Чийинден чыгып, кыйшайып бараткандарга коркутуп-үркүтүү ыкма, айла-амалдары колдонулган. Ооба, алты кан кутум уюштурган менен аны алардын колу, аскер колдобоптур. Аскер Манас тарапта болгон. Ошентип, Манас алты канды жыйнап, маселенин чоо-жайын айтат. Көкөтөйдүн ашында чарпыша түшкөн Коңурбай жөнүндө кеп кылат, аны баатыр дейт. Демек, Коңурбайдын ордун, ролун Манас жакшы билген, баалаган.

Андай болсо келгин деп,
Келе мөөр бергин деп,
Катчыга катын жаздырды,
Жыйып алып кандардын
Жыгалуу мөөрүн бастырды,
Чоң дептерге тапшырды. 59-б.

Караңыз, Манас Түп Бээжинге чоң казатка аттанууну канцелярдык каттоо китебине жаздырып, өзүнүн, алты кандын мөөрүн бастырып мыйзамдаштырып койгон экен. Демек, баары мыйзамдын чегинде болуптур. Бул, албетте, мамлекеттик башкаруу системасынын калыптанган практикасынын адаттагы көрүнүшү

катары кабыл алынмак. Ооба, Манас кара күчкө салбаптыр. Бул опурталдуу да болмок. Манас мында кыргыз мамлекетинин бекемдигине, кыргыз журтундагы коомдук пикирге, уруулук согуштук күчтөрдүн Манаска лойалдуулугуна ишенген. Кырк уруу кыргыздын миң жылдык ата-бабалар салтына, мыйзамына таянган.

Кара кыргыз журтунан,
Кара ногой нуркунан
Касиетин тандадым... 61-б.
Ак сакал Бакай абамды
Калк агасы бабаңды
Кан көтөрсөк канетет?..
Катчыга катын жаздырды,
Жыйып алып кандардын
Жыгалуу мөөрүн бастырды,
Эр Бакайга тапшырды.
Таруудай тарлык жок болду,
Бакайга кандык токтолду. 62-б.

Манас кимди кан кылып шайлап алалы деп суроо салат. Демек, ушул жыйылган элге, колго бирдиктүү кан керек болгон. Кан көчмөндүк согуштук демократиянын мыйзамына ылайык шайланган болууда. Кылым карыткан көчмөндүк мыйзам, эреже-жобо кынтыксыз сакталыптыр. Эч кимден сөз чыкпайт, Үрбү да талапкерди сунуш кыла албайт. Манас Бакайды сунуш кылат. Демек, мындагы элдин баары кыргызга кирген, бирок ар биринин уруулук автономдуулугу сакталган. Согуштук-саясий абал курчуганда кырк уруу кыргыз бир кандыкка бириге алган. Ушуга көчмөндүк мыйзам, элдик курултай жол берген экен. Мында да мөөрлөр басылып, Бакайдын кандык легитимдүүлүгү мыйзамдаштырылат.

Ары багыт кең Иле
Түшкөн журтум барсыңбы?..
Тарбагатай башынан
Ашкан журтум барсыңбы?...
Алтай тоодон айланып,
Өткөн журтум барсыңбы?
Айын өлчөп жол жүрүп,
Көчкөн журтум барсыңбы?

Уркундун улуу суусунан
Кышын өлчөп күз менен
Кечкен журтум барсыңбы?... 63-б.
Кайык минип, кеме айдап,
Көлдө жүргөн барсыңбы?
Арбын черүү кол менен
Бээжинди беттеп жол менен
Жүргөн журтум барсыңбы?
Качырткынын кытайын
Кара-Шаар, Таңшаңга
Сүргөн журтум барсыңбы?
Каспаңдын кара тоосунда,
Капкалуу Бээжин оозунда,
Кан Коңурбай калча бар,..
Коркпой уруш Бээжинге
Салган журтум барсыңбы? 64-б.

Бул Манастын Бакайды кан көтөрүү инаугурациясында сүйлөгөн сөзүнөн. Караңыз, мында Иле дарыясы, Тарбагатай, Алтай тоосу, Уркун дарыясы, Бээжин, Кара-Шаар, Каспаң тоосу аталат. Жөн гана эмес, ушул жерлерге барган, уруш салган журтум барсыңбы дейт. Ушул жогоруда аталган жерлерге илгери экенде кырк уруу кыргыз барган беле? Балким, Ногойго чейинки кыргыз журтубу? “Кайык минип, кеме айдап, көлдө жүргөн барсыңбы?” дегенине маани берүү зарылдай. Балким, мында Балхаш, Байкал көлдөрү жөнүндө кеп болуп жаткандыр, же Мухитке да чыккан беле?(Жаш Айдардын айтканын эстеңиз). Кандай болгон ченде да Манастын Борбордук Азия, Ыраакы Чыгыш боюнча геосаясий түшүнүгү жетиштүү болгон экен. Коңурбай калча деп аталат. Казактын Калча баатырын, Шооруктун калча уруусун, Музбурчактын калчасын эске алганда Коңурбайдын калчасы да ушул аталган элдер менен эзелки этникалык жакындыгы болгон беле деген суроо жаралары бышык. Эпосто азырынча бул 'калча' этноними Борбордук Азиянын чегиндеги этностор аралык регионалдык этникалык аталыш болууда. Ушуга байланыштуу прусс этносу эске түшөт. Бул элди фригиялык, германдык, славяндык, балтикалык этникалык бирдик деп айтып келишкендиги маалым.

Атабыз уккан кеп эмес,
Адам көргөн жер эмес.
Энебиз уккан кеп эмес,
Эч ким билер жер эмес...
Ушул айткан жерине
Нече жылда жетебиз?... 65-б.
Көргөнүң болсо чыккын деп,
Көк жал Манас баатыры
Үч кайтара сурады.
Көрдүм деген жок болуп,
Көпчүлүктүн баарысы
Көлдөй жайнап токтолуп.
Бардым деген жок болуп... 66-б.
Бакай канга кол берип,
Алмамбетке жол берип... 69-б.

Манастын сөзүн уккан алты кан, кол ата-энебиз укпаган, көрбөгөн жерге качан бардык да, качан келдик деп саясий эрки мокой түшөт экен. Жыйылган элден Бээжиндин жолун көргөн, билген эч ким жок болуп чыгат. “Капкалуу Бээжин шаарынан чыккан чорoң мен бармын” деп Алманбет гана кеп салат. Ошентип, колду Бакай башкарып, жолду Алманбет чалып сапарга аттанмак болушат. Бирок Манас “атым арык дегени, арман менен келгени, тонум жыртык дегени, тозок тартып келгени” болсо, “ушу бүгүн кайтсын” деген жарлыгын Ажыбай менен Чалыбай аркылуу жеткирет. Бул чындыгында ошондой категориядагы аскер адамы үчүн айкөлдүн гумандуу мамилеси болгон. Бирок муну эл жалпы демобилизация катары кабыл алып, “кол бузулуп алыптыр, ата уулудан сабыркап, араң бирден калыптыр” (72-б.). Иш теңирден тескер кетип, “калк бузулуп жатканда, кабылан Манас барыптыр” (72-б.). Манасты, анын кырк чоросун өз көзү менен көргөн кол “ушу Манас турганда жалтансак кудай урбайбы” (73-б.) деп, “барабыз деп чуркурап, баары журт айгай салыптыр” (74-б.). Колдунжалпысаны“отузжүзминболуптур”. Ушулэпизоддабиринчиманасчынынчындыктыайтыпжаткандыгынтуюнтмак.

Дагы бир маселе. Манастын "Ушул айткан жерине // Нече жылда жетебиз?" деген сөзүнө маани берүү зарылдай. Эгерде Түндүк Кытай, Тарим бассейини, Хотан, Беш Балык жери болгондо

мынчалык тынчсызданмак эмес экен. Кеп ошол "нече жылда жетебиз" дегенинде болууда. Демек, кеп береги Бээжиндер (Кичи Бээжин, Орто Бээжин, Чет Бээжин, Чоң Бээжин) жөнүндө эмес, тээ түпкүрдөгү Түп Бээжин жөнүндө жүрүүдө. Ошол айтылуу Эсенкан, Каракан жаткан Мухитке жакалаш Бээжин. Ооба, эпос өзү (албетте, биринчи манасчы боюнча) кайсы Бээжин экенин так айтып көрсөтүүдө. Бул биринчиден. Экинчиден, ошол Түп Бээжинди көргөн, андан келген Алманбет бар болууда. Ооба, Алманбеттин тээ Түп Бээжинден келгендиги ырас. Ошентип, кыргыздын, Манастын сапарга аттанган жолу үч-төрт айлык, буга чейин кыргыздын буту жетпеген Түп Бээжин экендиги такталат.

## Манас баатыр өзүнүн жылкыларын колго талатканы, колдун аттанып Бээжинге жөнөгөнү

Басташып душман жеңбеген,
Барса келбес жер деген,
Уругу кытай улуу журт,
Көптүгүн көрсөң кара курт... 89-б.
Бээжинди бекем жер деген,
Кытайды кылым эл деген...91-б.

Мында Манас чоң казатка аттанган колго өзүнө караштуу болгон жылкысын тараткандыгы айтылат. Бул, албетте, анын жигиттик марттыгын, берешендигин, айкөлдүгүн айгинелемек.

Бул Каныкейдин Алманбетке улуу сапар алдында айткан сөзүнөн. Буга караганда кыргыз канышасы кытайдын кимдигин, жолдун узактыгын, иштин ойдогудай болбостугун алдын ала сезе билген экен."Уругу кытай улуу журт" дегенинде да маани бар. Каныкейдин "улуу журт" деген сөзүн биринчи манасчы да дал өзүндөй жеткириптир. "Уругу кытай улуу эл", же "уругу кытай улуу калк" дебептир. Ооба, кытай бул журтту түзгөн этникалык биримдик болгон. А, "кытайды кылым эл дегеничи"? Кыргыздын кылым деген сөзү жүз дегенди түшүндүрөт. Бирок ал кезде сандык жүзгө параллел эле өтө көп деген маанини туюндуруп келсе керек. Ошондуктан айтылып жаткан кептин стилине карай көп, өтө көп, сан жетпес дебей эле, кылым деп сүрдүү, өткүр, күчөткүч синонимин айтып келишкендей.

Ары карай Бээжинге
Үч ай токсон жол жүрүп,
**Эгем-таала** сактаса
Уркун улуу дайрадан
Кечип өтсөк таптаза...
Эрименин боз чөлгө
Алты ай жатып каларбыз...
Тогуз айга толгондо
Бээжинден чалгын чаларбыз,
Алдырсак да, алсак да,
Алты ай уруш саларбыз.
Кайра тартып жол жүрсөк,
Карк үч айга мол жүрсөк,
Бир жарым жыл болгондо,
Он тогуз ай болгондо
Келип түшөм деп ойлойм. 109-б.

Бул Алманбеттин Каныкейге айткан сөзүнөн. Мында жолдун маршруту, убактысы айтылат. Бул боюнча Бээжинге үч айлык жол болгон. Алты ай өргүү, салбырын ж.б. Алты айлык согуш. Казат ойдогудай болсо, барып кайра келгенче бир жарым жылдык убакыт кетмек экен. Ооба, үч айлык жол - бул оңор жол эмес эле. Күнүнө орто эсептен жетимиш-сексен чакырымдан жол басканда да жети миң чакырымдык жол болууда. Эми ушунча алыс аралыкка жолго чыккан Манаска да, кырк уруу кыргызга да, ага ишенип жолго аттанган колго да, баракелде! Бул канчалаган материалдык байлык, курал-жарак, тамак-аш, кийим-кечек, ат жабдыктары, темир така маселелерин параллел чечип кетүү болгон. Мындай геостратегиялык маанидеги жүрүш кийинки чыңгизиддердин, тимуриддердин мезгилинде гана болсо керек эле. Айтылуу кресттүүлөрдүн Палестинага жүрүшү да мынчалык аралыкты камтыган эмес. Ооба, мындай сөздү Алманбетке окшоп, Түп Бээжинди өз көзү менен көргөн, анын ысык-суугун билген, жолун буту менен баскан адам гана айтмак. Бул дагы бир ирет эпостогу окуялардын, Манастын, Алманбеттин тарыхый каармандар экендигин ырастамак. Эстеңиз, Гомердин “Илиадасында” да баары көз алдында өтүп жаткандай сүрөттөлөт, жери да, эли да, башкы каармандары да, окуялар да. Эми поэманын дал ошол баяндоолору, сүрөттөөлөрү аркылуу XIX к. немис археологу Генрих Шлиман тарыхый Трояны таап алгандыгын айтып келебиз. Бир гана

айырмачылыгы кыргыздын биринчи манасчысынын (“Манастын” Гомери) аты-жөнү эпостук салт боюнча аталбаган.

Биринчи манасчы, андан кийинки манасчылар да, Манастын доорундагы кыргыз тарыхынбизге жети-сегиз муундан турган салттык ыр формасында жеткирген. Кыргыздын орто кылымдан (болжол менен VIII-IX кк.) берки тарыхы ооздон оозго өтүп отуруп акыркы оозеки көркөм тарыхчы Саякбай Каралаевге келип жеткен экен. Ооба, кыргыздын тарыхы таанып билүүнүн, билимдин ушундай кыргыздык методу, кыргыздык ыкмасы аркылуу бүгүнкү күнгө жетип келген. Башкача эмес. Акыркы Сагымбай, Тоголок Молдо, Саякбай, Шапак, Шаабай, Жусуп Мамай кыргыз тарыхын аңгемелеп, жомоктоп, же кагаздан окуп айтып беришпептир. Орто кылымдык кыргызга тарыхты үйрөнүүнүн башкача (китептик, археологиялык) жолу буйрубаптыр. Ыр менен гана, жети-сегиз муундан турган ыр саптары аркылуу, уйкаштырып, көркөмдөп, төгүп ырдап айтып берүү буйруптур. Ушул бирден бир туура, ынанымдуу, жетиштүү деп эсептешиптир. Алар кыргыздын, Манастын тарыхын өздөрүнүн керт башында гана сакташкан. Манасчы-тарыхчынын о дүйнөгө кетүүсү менен анын керт башындагы кыргыздын, Манастын тарыхы да о дүйнөгө кошо кеткен. Бирок кырк уруу кыргыздын, Манастын тарыхы алардын шакирттери аркылуу улантылып отурган. Жер бетинде акыркы кыргыз калганча кыргыздын тарыхы ооздон оозго өтүп айтыла берерине толук ишеним болгон. Ооба, биринчи манасчы-тарыхчылар орто кылымдык кырк уруу кыргыздын, Манастын тарыхын айтышкан. Эпосту, дастанды, же санжыраны эмес.

Ошону менен бирге “Манастан” баштап гана чоң дастандар жарала баштаган деп ойлоо туура болбостур. Бул эпоско чейин да бир катар эпостор, дастандар (маселен, “Огузкан”, “Оторкан”) болуп келген деп ишеним артууга болор эле. Анткени Манастан баштап гана кыргыз тарыхы башталбоосу дайын да. Ошондуктан “Манас” эпосун тарыхка чейинки кыргыз тарыхын угуп үйрөнүүнүн (ооба, угуп үйрөнүүнүн, окуп эмес) кийинки уландысы катары кабыл алууга болор эле. Мына кыргыз тарыхынын кыргыздык жолунун баалуулугу, далилдүүлүгү! Бул дээрлик XX к. чейин, тарыхты үйрөнүүнүн европалык классикалык методуна, ыкмасына чейин колдонулуп келинген. Дүйнөнү таанып билүүнүн эки жарым миң жылдык (Геродоттук) Батыштык жолу гана туура деп таануу дүйнөнү таанып билүүнүн он-он беш миң жылдык кыргыздык (биринчи дастанчы-тарыхчы) жолун тануу менен барабар беле?

Аскердин арты жагынан
Арстандар өжөнөп калганы...
Астында Кыргыл ак сакал,
(Айтылып турган ушул сөз
**Азэлден** берки чоң макал).111-б.

Бул кол сапарга чыгып, артынан Кыргыл чал баштаган кырк чоро жөнөгөндөгү эпизоддон. Демек, Манастын аскердик уставынын жобосу боюнча кырк чоро колдун баш жагында (авангардында) эмес артында (арңергардында) кеткен экен. Ушундай согуштук тартипти Улуу Карлдын армиясы Испан жеринен кайтканда барон Роланд арңергардда 20 миң барон, рыцары менен коргоп келгендигин "Роланд жөнүндөгү ыр" деген француз поэмасынан билебиз. Ал эми "Азэлден берки чоң макал" деген саптагы "азэл" деген сөз эмнени түшүндүрөр эле? Биз бул сөздөаз жана эл эпонимдери болуп, асыл, асил деген сөз менен башаты бир болуусу ыктымал деп айтканбыз.

## Алмамбет баатырды кан көтөргөнү, Алмамбет аскерди баштаганы

Жыйганың отуз түмөн кол,
Барарың Бээжин алыс жол...114-б.
Катчыга катын жаздырып,
Касиеттүү эр Бакай
Калдайта мөөрүн бастырып...120-б.
Бакайдан кандык кетти деп,
Бадышалык өкүмөт
Алмамбетке өттү деп...122-б.

Ошентип, үч жүз миң аскер жолго чыккан экен. Алманбет аскердин абалын көрүп, Манаска келип согуштук тартип жок экендигин айтат. Манас Ажыбай менен Серекти кан Бакайга кандыгын тапшырсын деп жөнөтөт. Бакай да туура кабыл алып, кагазга мөөрүн бастырып берет. Бул кандык тактыдан баш тартуу жардыгы болгон. Манас кандык титулду Алманбетке ыйгарып, "башына таажы кийгизет" (122-б.). Ошентип, курултайда жалпы эл шайлаган легитимдүү кан Бакай тактан түшөт. Манастын чечими менен Алманбет колдун кандыгына отурат. Бул кандайча болуп кетти

эле? Эмне, бийлик күч менен алмашылдыбы? Биздин оюбузча кырк уруу кыргызда бейкут кез жана согуштук-саясий кырдаалдар боюнча мыйзамдар болгон. Эгерде согуштук-саясий кырдаалда өлкө башчысы, аскер башчыөз милдетин толук кандуу аткара албаса ошол мыйзам боюнча кандык, же башкы саркердик (“баатырдык”) титулдан ажыратылган. Бул учурда да Манас ошол укуктан пайдаланган көрүнөт. Анткени буга дээрлик эч ким (алты кан да) каршылык кылган эмес. Бир гана Алманбеттин кырк уруу кыргыздын колуна кан болуп дайындалышын түшүнбөстүк менен кабыл алгандар болгон (бирок мында да алты кан каршы болбогон). Алманбет дароо аскердик тартипти орнотот. Он башы, жүз башы, миң башы, түмөн башыларды кайрадан дайындап чыгат. Ар кимисинин милдетин жана укуктарын тактайт. Ушундай тартипке ылайык бүт баары, каны да, саркери да тизмеге катталып, он башылардын карамагына кирет. Маселен, кырк чоронун ак сакалы алтымыштагы Кыргыл он башы Бозуулдун ондугуна карап калат (Муну жактырбай Кыргыл Манаска келип даттанат. Ага болушам деп Манас да Алманбеттен кагуу жеп калганын эстеңиз). Манас өзү да он башы Байматтын ондугуна катталат (Тазбайматтын жоругун эстеңиз). Демек, согуштук кырдаалга карай мыйзамдык негизде аскердик диктатура орнотулган экен. Бул учурда курултайдын, элдик жыйындын, аксакалдар кеңешинин укугу токтотулган, же чектелген болуу керек.

## Аскердин жолдо бара жатканы

Кордой менен кол салды,
Көл-Камышка жол салды,
Ары багыт Илеге
Артып түшүп алганы...
Өткөрмөлүү Даркандан
Өгүз-Кечүү, Калкандан
Өтүп аскер алганы.
Жүгүрүктүн Жүгөн-Таш,
Жүйүрмөнүн Кара-Саз,
Жүлүндөй Сары-Кыядан
Ашып өтүп баратыр.
Ары жагы Шарпылдак,

Аягүздө Чук-Терек,
Эгиз-Кара, Былкылдак,
Эгизектин Кара-Саз,
Алтай тоодон айланып,
Өтүп кетип баратыр. 130-б.

Караңыз, биринчи манасчы-тарыхчы бизге Алманбеттин колунун сапарын баяндайт. Ооба, ошол кезде кандай кетишсе, дал ошондой кылып сүрөттөйт. Эмне үчүн биринчи манасчы? А, кийинкилерчи? Биздин оюбузча биринчи манасчы гана жолдун багытын так билген, жер-суу аттарын мыкты билген. Анткени колдун катарында өзү болгон. Анын шакирттери устатынан укканын, үйрөнгөнүн негизинен өзүндөй кылып айтып келишкен. Ооба, жер-суу аттарын (топонимдерди), уруу аттарын (этнонимдерди), рухий дүйнөнү (дин, эпонимдерди). Буларды башкача кылып айтууга дээрлик мүмкүн эмес. Ошондуктан жогоруда айтылган жер-суу аттарынын кээ бири (маселен, Кордой, Котон, Иле, Алтай, Уркун) азыр да бар болсо, башка бири биз үчүн белгисиз, анткени ал аталыштар (топонимдер) замандын оош-кыйышында өзгөрүп кетүүсү мүмкүн болгон. Аларды азыркы географиялык картадан издеп табуу билимди, даярдыкты талап кылары бышык.Дүйнөнү кабылдоосуна, билимине, чыгармачыл жөндөмүнө карай кийинки манасчылар эпостун салттык негизин, мазмунун, идеясын, композициялык курулушун сактоо менен сюжетке, сүрөттөөлөргө, көркөм-эстетикалык жагына алымча-кошумча киргизип келген.

Мында туруп нетейин,
Дарыя Уркун кечейин,..
Кырмус шаанын Мурадыл,..
Четки кароол жери бар. 150-б.
Күн чыгыш карай жол менен
Алакең кетти аргытып,
Артынан чаңын баргытып. 151-б.
Көк жал Алма султаның
Бура тартты шол жерде
Көк-Аргындын кыядан. 155-б.
Алтындан туусун аштады,
Жетинчи күндө Алмамбет
Дагы аскерди баштады.

Эриме көздөй жөнөлдү,
Эл артынан өмөлдү. 161-б.

Алманбеттин кайра кайтышы жети күндүк жол болгон. Демек, кол менен Уркундун аралыгы кеминде беш жүз чакырым келген. Ал жалгыз өзү ушунча жол басып, абалды чалгындап келет. “Көк-Аргындын кыядан” дегендеги Аргын топоними азыр да бар. Аргын эмес Аргун (дарыя) деп аталат (Россия, Чита областы). Ооба, Манастын колу кыргыз жеринен өтө эле ыраактап кеткен экен. (Эстеңиз: “Слово о полку Игореведе” да “О Русская земля! Уже ты за холмом!” деген жери бар. Бирок бул эки жүрүштүн масштабдуулугун салыштырууга болбостугу түшүнүктүү). Ошентип, Алманбет Эриме деген жерге келип, аскерге жайланууга, эс алууга, аңчылык кылууга уруксат берет. Бейиштин төрүндөй жерде “талыкпай төрт ай жатышып”, “кар кетип көк чыгып, ат семирип жык болуп” кыштан аман-эсен чыгышат.

**Алмамбет баатырдын чалгынга**
**Сыргакты ээрчитип барганы**

Айтты сөздү эр Серек,
(Мурунку аты Байсабай,
Мындай акыл таппаса,
Серектиги не керек). 169-б.

Эр Серектин “мурунку аты Байсабай” болгон экен. Демек, Байсабай деген энчилүү аттын интронизациядан кийинки эпоним-титулу Серек болуптур. Буга караганда кырк чоронун аттары да сакралдаштырылган эпонимдик аталыштар болуусу толук мүмкүн.

Аты Теке, өзү бек,
Урушка чыгат жекме-жек,
Сыны Сыргак, ашык эр,
Атышкан жоону көргөндө
Ажал-өлүм кайда дээр. 174-б.

Бул Алманбеттин сөзү. Анын айтышы боюнча эр Сыргактын мурунку энчилүү аты Теке болгон. Теке карапайым катардан эмес, теги бек болуптур. Ошондой тек-жааты бойла, тархан, бектерден

турган инсандар гана ушундай байыркы эпонимдик аталышка ээ болгон. Демек, Сыргак деген аталыш Серектей эле интронизациядан кийинки эпоним-титул болуп саналат. (Эпостун башка варианттарында улуусу Сыргак, кичүүсү Серек кара кесек бир туугандар Манастын аталаш туугандары болуп келишет).

Ырчы уул менен Бозуул,
Аттаныңар деп айтат.
Ажакеме бар деди,
Айтып кабар бер деди. 177-б.

Бул Манастын сөзүнөн. Ырчы уул жана Бозуул деген аттарда уул деген сөз турат. Бирок уул деген сөздүн башатында эл эпоними туруусу ыктымал. Ажыбай деген атта да Аз жана Бай эпонимдери туруусу мүмкүн экендигин айтканбыз. Караңыз, эр Ажыбай, Ырчы уул кандыктын башкы элчи-жарчылары болушканы дайын болсо, эми Боз уул аттуу дагы бир ишенимдүү чоро Манастын гвардиясында экен.

Атканда чыкты каныңар,
Ажыбайдын тарабы,
Акыры ушу кан менен
Кошо чыкты жаныңар.
Ордо оюнду, бээлерди,
Баарын силер алыңар,
Калбаны кое калыңар! 183-б.

Бул Кыргылдын сөзүнөн. Эпостун бул жеринде кырк чоро жыйырмадан болуп экиге бөлүнүп ордо атышат. Утукка Кыргылчал төрт байтал, Ажыбай төрт байтал байлашат. Оюнда Ырчы уул менен Бозуул айтыша кетет. Ошондо аларды жараштырмакка Кыргыл ошентип айтат.

Ачууланган бу кишиң –
Ак сакал Кыргыл турбайбы,
**Апси сени урбайбы!**
Уруп кеткен Бозуул,
Урушуп жаткан Кыргылың –
Улуу киши турбайбы,
**Нукусу сени урбайбы!** 183-б.

Бул Ырчы уулдун сөзүнөн. Ал Кыргылчалга болушуп, Бозуулду жемелеп жатканы. Эми апси деген сөз эмнени туюнтар эле? Мында ошол эпостун каармандары үчүн дайын болгон ыйык сөз болууда. Балким, апси [41] Ап-Су деген байыркы перс-түрк сөзү болуп жүрбөсүн? Перстик Ап да суу, түркий Су да суу. (Байыркы Йер-Су түшүнүгүн эстеңиз).

А, "Нукусу сени урбайбы" дегендеги Нукусчу? Нукус топоними азыркы каракалпакта бар. Балким, байыркы Нукус эпониминен азыркы Нукус топоними калыптангандыр. Эпосто айтылбаганы менен Кыргылдын каракалпак этносу менен этногенетикалык байланыштыгы бар экендиги ачыкталат. Демек, Ырчы уул Боз уулга караганда Кыргыл тууралуу бир топ санжыралык маалыматтарга ээ, интеллекттүү да болгондугу дайын болот. Бүгүнкү күндө ошол ордо оюнунан улам чыр-чатак чыгыптыр десе мыйыгынан күлмөкпүз. А, бирок Манастын доорунда, андан илгери (Тацитти эстеңиз) да, кийинки XIX к. (уруулук тирешүүлөр) да бул улуттук спорттук оюнга улуттук деңгээлде мамиле жасалган экен.

Чыландынын оюнда,
Чылаба кандын тоюнда
Кытай, кыргыз кысылып,
Кылган оюн тушунда,
Кырылыштык ушунда.
Кытай турду көпсүнүп,
Кыйырына салдык көп түлүк.
Кыргыздан кытай көп чыкты,
Кылчая албай ошондо,
Кыргыздан качты көп мыкты.
Бабаң Ногой баш болуп
Кытайга согуш салды эле,
Карсылдашып калды эле,
Кашында турган Чубак кул
Арбак урган кытайдын
Алты алпын сайып алды эле,
Акимсиген канкоруң,
Кошой бийдин тобуна,
Коркуп кетип калды эле... 192-б.
Сары-Өзөндүн боюнда
Өзүңдү алды өкүмдөн... 193-б.

Бул Чубактын сөзүнөн. Демек, Ногой кандын тушунда кытайдын Чыланды деген жеринде Чылаба кан той берип, тойго чакырылган кыргыз менен кытайдын ортосунда чыр чыгып, (Көктөйдүн ашында да чыр чыгып, чоң согуштун чыгышына себеп болгонун эстеңиз) согуш башталат. (Чылаба, Чалыбай деген аттар ушуну менен үчүнчү жолу кездешүүдө: кытайдык Чылаба кан; Коңурбайдын бабасы; Алманбеттин бабасы; летописстик Челубей багатыр). Кытай жак көп болуп, кыргызды кысып кирет. "Бабаң Ногой баш болуп кытайга согуш салды эле" дегенине караганда бул согуш Манастын бабасы Ногой кандын тушунда болгон экен. Ал кезде Манас да, Чубак да жок болгон. Бай Жакып менен Чубактын атасы Акбалта анда өспүрүм балдар болсо керек. Бирок Чубак кытайдын алты алпын сайганын айтат. Анда бул кайсы Чубак эле? Биздин оюбузча Чубак бул нойгут эпоними. Ошондуктан ал кезде (Ногойдун тушунда) азыркы Акбалтанын Чубагынан башка ошол Чубак деген эпонимди алып жүргөн кыргыздын нойгут уруусунан дагы бир баатыры болуптур. Азыркы Чубак ошол нойгуттун байыркы Чубак эпонимин алып жүргөн чоң атасын айтып жатыптыр.

Бөлүнсөң бөрү жеп кетет,
Бөлүнүп калды кыргыз деп
Бөлөк элге кеп кетет. 195-б.

Бул Бакайдын сөзүнөн.

Уругум кыргыз-нойгут деп,
Улуксунуш кандай кеп!
**Асылым** кыргыз-нойгут деп,
Акимсиниш кандай кеп!
**Эгем бардыр элиңе,**
Не деймин, Чубак, демиңе? 205-б.

Бул Алманбеттин сөзүнөн. Асыл (азэл) ушу менен үчүнчү жолу эпонимдик мааниде кездешүүдө. Кыйды Чубак бул сөздүн жөн-жайын мыкты билген жана Алманбетти тексиз дегенсип ага ("Асылым кыргыз-нойгут деп") атайын басым жасаган экен. Ошондуктан асыл деген сөз кыргыздын төл сөзүболуп чыгат. Демек, нойгут Чубак да, кара кытай Алманбет да азэл эпонимдик рухий дүйнө жөнүндө билишкен. Бирок Чубакка Алманбет "эгем бардыр

элиңе” деп, жараткан бардыр сенин бийлик демиңе дегендей өктөм жообун бериптир.

**Эгем таала кудурет**
Не түрдүү пендем деди экен?! 203-б.

Бул да Алманбеттин сөзүнөн. Анын лексиконунда **эге** ишеними көп колдонулары байкалат. Белгилеп кетчү нерсе, эпосто эге деген сакралдык ишенимди Бай Жакып менен Алманбет гана айтышат. Бул кыргыз (Бай Жакып) менен кара кытайдын (Алманбет) бир кезде (эге эпоними доорунда) бир эл болгондугун ырастамак беле?

Ушуга байланыштуу дагы бир нерсе. Кыргыздар исламга чейин бар, эге, ак, мазар (арбак), теңир, алда (илая) деген ишенимдерге сыйынып келишкен болууда.

*Эми ушул рухий ишенимдердин кайсынысы эң байыркы динге кирмекчи?*

*Биринчиси* ак болуусу мүмкүн. Муну Бай Жакып, кырк чилтен жана алты кан колдонот. Кырк чилтен (кырк бөрү) кыргыз, Манас деген сөздөр келип чыкканга чейинки эзелки ишенимдин өкүлдөрү болууда. Кыргыз анда бурут (бөрү+тоң) деп аталган кез. Ооба, мында эң алгачкы бөрү тотеми катышууда. Ал кезде эң көп диндик ишенимдерди колдонгон Жакып эпоними бар болууда (тарыхый, библиялык Iakab, Иакоф, Яков эпонимдерин эстеңиз). Анан да жикчил алты кан (кыпчак Төштүк, казак Көкчө, ногой Жамгырчы, калча Музбурчак, окчу Санжыбек, кыпчак Урбү) эми кырк уруу кыргыздын курамынан кетебиз деп чечим чыгарып, ошондо кырк уруу кыргыз (Бай Жакып) колдонуп келген эге, бар,илая (алда) ишенимдерин чанып, ошол эзелки бөрү тотеми доорундагы ак (ошондой эле көк, жер, анан да исламдык куран китебин) ишенимин жардамга чакырышкан экен. Бирок аларды эзелки да, кийинки да диндери колдой албагандыгы бизге маалым.

*Экинчиси* эге ишеними болуусу мүмкүн. Мында кыргыздан Бай Жакып менен кытай (кыдан) Алманбет гана катышат. Балким, ал кезде кытай (кыдан) Кыргыз журтунун бир уруусу болгон беле? Алманбетке Кыргыз думана ат койгондугун, анын Чыйырдынын эмчегин эмип Манаска эмчектеш бир тууган болуп калганын эстеңиз. Эпостогу идея боюнча Алманбет качкын да, бөтөн да, саткын да эмес. Ал эзелки өз элине кайра келген болууда. Эмне үчүн? Бул жерде анын эки эл-журтка тиешелүүлүгүн глобалдык адилеттүүлүк,

гумандуулук, айкөлдүк категориялары жеңип кетүүсү мүмкүн эле. Ушул эге ишениминен Эгеида [2] геоними калыптанган болуусу мүмкүн.

*Үчүнчүсү* болуп Жапар ишеними туруусу ыктымал.Жапар байыркы Ошпур, Ышбара, Ышпара, Йыпар, Сварог, Аспарух, спор, спар, ашпар, Сыпыра эпонимдери менен бир болуп саналат. Бул сөздү Чыйырды менен Алманбет гана айтышат. Чыйырды (мурунку Шакан) Ногойдун кичүү иниси Чыйырдын аялы болгон. Ушуга байланыштуу бул Жапар диндик ишенимди убагында Кыргыз журтунда экенде Манастын ата-бабалары да, кытай (кыдан) этносу (Алманбеттин ата-бабалары) да бирдей колдонуп келген болуу керек. Ооба, кыргыз менен кытай (кыдан) бөлүнө элек мезгилде. (Кыргызда кытай этнонимин бар экендигин эскерте кетүү зарылдай).

Биздин оюбузча булардан кийинки ишенимдерге арбак, мазар кирген. Бул Геродотто да айтылат (маселен, скиф Иданфирстин перс шахы Дарийге (б.з.ч. VI к.) берген жообун эстеңиз). Ушул эки сөздү эпосто Бай Жакып менен кыргыз Байжигит гана колдонуптур.

Бар ишенимин кыргызга өтө лоялдуу Бай, Бай Жакып, Кошой, Бердике (“бербердигер”) өңдүү каармандар колдонот. Бул рухий дүйнө Кыргыз журтунун калыптануусунун башатында туруусу да мүмкүн. Балким, бул бар ишеними шумер, аккад, египтик, гректик, троялык (фракиялык), римдик, латындык этностордо да параллел колдонулуп келсе керек. Бирок бар дини пеласги этносу сыйынып келген эге ишениминен кийинки рухий дүйнө болгондой. Ооба, Греция, Спарта, Троя калыптанганга чейинки эзелки Эгеида (эге) доорунан (б.з.ч. III миң ж.) кийин.

Алда таала ишенимин Байжигит менен Манас колдонот. Бул сөз бала Манасты кырк күн издеген Кызыр Иляс, орус былиналарындагы Илья (Илия), Бай Жакыптын илая, скифтердин улала, мусулмандык алла, германдык Или, грек, римдик Эл (Ил), библиядагы Элои (Или) деген рухий ишенимдери менен бир этимологиялык башаттан кетүүсү мүмкүн. Ошондуктан бул алла рухий ишеними Жакынкы Чыгыш, Алдыңкы Азия, Кичи Азия, Борбордук Азия аймактарында этникалык биримдиктер калыптанып калган кезде кийинчерээк чыккан болуу керек. Муну убагында көптөгөн этностор тегиз колдонуп келгендей. Эпосто илая деген сөздү бир гана Бай Жакып айтыптыр.

Теңир деген сөздү кыргыздан Бай Жакып гана колдонгон. Көк теңир рухий дүйнөсүнө негизинен калмак, кытай (кыдан) жак

сыйынып келиптир. Ооба, мында да кыргыз менен калмак, кытай (кыдан) бир кезде теңирге бирдей сыйынып келгендей. Бирок калмак, кытай (кыдан) этностору теңирге көк деген түшүнүктү кошуп (көк теңир) айтып келишкен. Эпостук булактарга таянсак кырк уруу кыргыз теңир динине көп токтолбогондой. Кыргыз исламга чейин негизинен эге, бар, алда (илая), мазар (арбак) рухий ишенимдерине сыйынып келген болууда.

Кудай деген диний түшүнүктү Бай жана Бай Жакып айтыптыр. Бул сөз эпоско иран-тажик элдеринде колдонулушу боюнча кирген болуусу да мүмкүн.

Караңыз, ушул байыркы рухий (диний) ишенимдердин дээрлик баарында (*ак, мазар, эге, бар,илая (алда), теңир, кудай*) Бай Жакып катышууда. Балким, Жакып (Iakab, Иакоф, Яков, Якуб) эпоними да ушул аталган диний ишенимдерден көп өтпөй эле жаралган беле? Эми булардан ондогон кылым кийинки VIII-IX кк. тарыхый-эпикалык Бай Жакып ушунча диний-рухий маалыматтарга эгедер болууда. Эмне бул анын чындыгында эле кыргыздын байыркы рухий дүйнөсүн, тарыхын, санжырасын мыкты билгендигиби, аларга сыйынып келгениби? Же биринчи манасчынын санжыралык Кара кан, Огуз кандын кандык-династиялык урпактарынан Манастын атасы катары тирүү Бай Жакыпты ыйык тутуп даңазалоосубу? Же Бай Жакып кыргыздын исламга чейинки рухий дүйнөсүн алып жүргөн сакралдык-символдук каарманбы?

Бу жериңде жүрбөдүм,
Мурун муну көрбөдүм.
Кечээги күнү кечинде
Элим түшүп эсиме,
Эшикке чыгып карасам,
Жетиген кетти желкеге,
Үркөрдү көрдүм кутпадан,
Үмүтүм үздүм журтуман.
Чолпонуң тууду чокудан.
Бээжин жердин чети деп,
Бендеге толгон экен го... 207-б.

Бул Манастын сөзүнөн. Эпос боюнча Манас Бээжинге биринчи жолу келиши. Жетигенди, Үркөрдү кутпадан (алтын казыктын орду; “Кутпага колду артынып”), Чолпонду күн чыгыштан эмес чокудан

көрөт. Манастын аталган астрономиялык обүектилер боюнча белгилүү бир деңгээлде билими болуптур. Ошондо эле (VII-IX кк.) Жетиген Жетиген деп, Үркөр Үркөр деп, Чолпон Чолпон деп, кутпа кутпа деп азыркыдай эле аталган экен. Эми башкы каарман күн чыгышка өтө ыраактап кетип, асман телолорунун орун алышы өзгөрүп кеткенине баам салат. (Геродотто да ушундай маалыматтар бар экендиги маалым).

Ылаңүндүн чөлүнө
Лыкылдап биздер келгенде,
Эрименин көлүнө
Эндээлеп биздер келгенде
Мурунтан кылган өрнөк бар,
Душмандын жолун сактаган
Куу өрдөк деген өрдөк бар.
Куу өрдөк көлдөн учкандыр,
Куйрукка мөөр баскандыр.
Кулжасы белден качкандыр,
Мүйүзгө жазуу жазгандыр,
Коңурбайга баргандыр,
Коркутуп кабар салгандыр... 210-б.

Бул Алманбеттин сөзүнөн. Бул жердеги куу өрдөк жана кулжа түз маанисинде эмес, каймана маанисинде айтылып жаткандай. Балким, куу өрдөк куу (кыу) эпониминдеги, кулжа кууэлаз (маселен, Кызыр Иляс, германдык ‘хайлс’, Алманбеттин Күлчоро (экинчи аты Кулас), калча эпо-этнониминдей) эпониминдеги этностор болуп жүрбөсүн. (Ушундай аналогия “Слово о полку Игореведе” кездешет. Маселен, “Рци, лебеди роспуңени”). Иш жүзүндө куу кушу жана жапайы кулжа мындай адамдык касиет-сапатка ээ болбоосу дайын. Ошондуктан да текстте “мурунтан кылган өрнөк бар, душмандын жолун сактаган” деп ушундай аталыштагы уруу бирдиктери Бээжиндин жака белинде, астанасында күзөттүк милдет аткарып жашап келишкен кыязы. “Куйрукка мөөр баскандыр, мүйүзгө жазуу жазгандыр” деген сөздө да кабар оозеки эмес, мөөрү басылган жазма кат түрүндө жеткирилген дегендей маани жаткандыгы байкалат. Балким, Анжыян-Алайдагы Бакайдын Кара-Кулжасы менен Кытайдагы Кулжанын аталыштары ушундай эпонимдик бир башаттан кеткен болуусу ыктымал. Анткени кырк уруу кыргызда

жер-суу аттарына эпонимдер салт катары милдеттүү коюлуп келгендиги маалым.

Жалынып **Жапар теңирге**
Сандыргалуу Алмамбет
Баштап келди баатырды
Саястын кара сеңирге.
Саяс деген улуу тоо,
Самсыган кытай улуу жоо. 213-б.

Эпосто Алманбеттин Жапар теңирге экинчи жолу сыйынышы. Биринчи болуп Чыйырды толготкондо Жапарга жалбарганын айтканбыз. Жапар теңирдин таржымалын эпостун мындан мурунку бөлүмдөрүндө маалымдаганбыз. Маселен, Жапар биринчи эпоним-теңир катары келсе, анын этнотопоними катары Ыспар келет. Ыспардын башка элдердеги аналогиялары бар экендигин да айтканбыз. Маселен, Ошпур (Манастын устаты), Ышбара (Батыш Түрк каганы), ашпар (түрк этноними), спар (славян этносу), Аспарух (Болгар каганы), Сварог (славян кудайы) ж.б. Бирок Алманбет эмнеликтен Жапар теңирге сыйынды экен? Бул Алманбеттин байыркы ата-бабасынын тутунган дини болсо керек. Ошондуктан бул Жапар теңирчилиги тарыхка чейинки мезгилде кара-кытайда (кыданда) да болуп келгендигин айгинелейт беле? Бирок эпосто кытай, калмак, ойроттун Жапарга сыйынганы айтылбайт. Алар негизинен лаанатка, лаайламага, бутка, буддага, анан эзелки көкө теңирге ишенишкен. Ооба, Алманбет менен Чыйырды гана башына мүшкүл иш түшкөндө ушул (Жапар) кудайга жалбарышат. Бул, балким, Алманбет менен кыргыздын (Шакан-Чыйырдынын) генеалогиясынын кайсыдыр бир мезгилдеги жакындыгынан болуп жүрбөсүн?

## Макел-Малгундун келип Алмамбеттен өлгөнү

Байлап кагаз катынан
Баянын угуп Эсенкан... 222-б.
Токсон калаа Каканды
Бадышанын үстүнө

Толуктап жыйды көп жанды...222-б.
Угуз уулу болмоктон
Ушу жактан мусулман,
Баары бүтүн келсе да
Бизди жеңип алаарбы. 223-б.

Сайган найза тешпеген
Эремети дагы бар,
Чапкан кылыч кеспеген
Керемети дагы бар,
Мылтык атса ок өтпөс
Эремети дагы бар.
Отко жакса, чок өтпөс
Керемети дагы бар. 231-б.

Бул Коңурбайдын Макел дөөгө айткан сөзүнөн. Ал Манасты ушинтип сыпаттайт. Мунун чындыгы да бар эле. Манас туулганда ушундай касиетке ээ болот. “Илиададагы” Ахиллестин да ушундай сапаты болгондугун эстеңиз. Энеси аны дарыяга бутунан кармап сууга малганда кармаган жерине суу жетпей калат. Ошонун айынан Паристин дал согончокко аткан жаа огунан каза табат. Ошону менен бирге Макел-Малгунга окшош дөө Гомердин “Одиссейинде” да кездешери маалым.

Аты Болот – эр Чубак
Айран болуп калганы. 244-б.

Демек, эпос боюнча эр Чубактын энчилүү аты Болот болгон. Бул эрен да Сыргак (Теке), Серек (Байсабай), Ырамандын Ырчы уулундай (Каратай) эле интронизациядан кийин мурунку Болот энчилүү аты калып, эми Чубак деген эпоним-титул атанып калган экен. Бул кырк чоронун баарынын аттары интронизациядан өткөн болуш керек деген биздин божомолубуздун ырас экендигин тастыктамак. Ошентип, Манастын кырк чоросундагы айтылуу эрендер Чубак, Сыргак, Серек, Ырчы уулдардын аттары энчилүү ат эмес эпоним-титул экендиги эпостун маалыматы боюнча ырасталат.

## Алмамбет баатыр Сыргакты ээрчитип Бээжинге чалгынга киргени

Кайнап жаткан Каканчын,
Тунуп жаткан Туңша бар,
Түтүнү туман Түп-Бээжин,
Чылан, Дарбан, Чын-Мачын. 255-б.
Ырас жери бу Манас
Бизди койбойт деп айтат.
Кабарчысы азазил,
Ката айтпаган биздин тил,
Карап турган улуктар,
Кары-жаңың баарың бил,
Бет алган бенде соо болбойт,
Бээжинди булар соо койбойт. 257-б.

Бул Коңурбайдын сөзүнөн. Караңыз, мында кытайга (кыданга), анын ордо калаасына жакын белгилүү жер-суу аттары аталыптыр. Демек, Коңурбай Манастын жайын, Түп Бээжиндин, Какандын тагдырын алдын ала билген болууда.

Эче түмөн, эче сан,
Эң улугу Эсенкан.
Кытайлардын Коңурбай,
Кырмус шаанын Мурадыл,
Кызыл чоктуу Нескара,
Калмактардын Ушаңы,
Кара жалдуу Бороончу,
Каңгайлардын Ороңгу,
Катkаландын Сайкалы,
Кайсы бирин айталы.
Солоондон бар Алооке
Доңуз мүнөз эр Жолой,
Токшукердин Бозкертик,
Солобонун Соорондүк –
Улуктун баары жыйылып,
Лаанатка сыйынып. 265-б.

Бул кытай тараптагылардын согуштук-саясий элитасы. Эпос боюнча кыргызга каршы турган кытай, калмак, каңгай, каткалаңдын башкы улугу Эсенкан аталат. Мында каткалаңдын Сайкалы да жүрөт. Бирок ал кыргызга каршы курал менен чыккандыгы тууралуу эпосто айтылбайт. Лаанатка негизинен кытай (Алооке, Коңурбай) этносу гана сыйынып келгендиги маалым. Эми булар баары лаанатка сыйынышыптыр. Кыязы, бул ишеним Кытай журтундагы этникалык бирдиктер үчүн буддага чейинки байыркы жалпы дин болгондой.

Кентундун журту мол экен,
Туңша, Кентун арасы
Кере күндүк жол экен,
Кетирген жагы күн жүрүш...268-б.

Алманбет Сыргак экөө Бээжинге киришет. Алманбет кытайга, Манжурия колуна, жабайларга Кентунду керик минген дөөлөрдүн жүз миңи келип талакалап жатыптыр деп, кытай тилинде сүйлөп, ушак-айың таратып, баарын Кентунга айдаптыр. Бул Алманбеттин согуштук айла-амалы (маалыматтык-психологиялык согушу) болгон. Эпос боюнча Туңша менен Кентундун ортосу чыгышты көздөй “кере күндүк жол экен”. Демек, Кентун Бээжиндин күн чыгыш жагында, Мухитке (Тынч океаны) жакын жерде болгондой.

Анданарыэпосто“Алмамбет баатыр атасынын сарайын, жер-суусун көрүп арман кылганы”, “Коңурбай жылкынын аркасынан келип урушканы” баяндалат.

Манас, Алманбет, Чубак жана Серек кытайдын жылкысына тийип, аны кытай тарап туюп, артынан Коңурбай, Жолой болгон куугун түшүп катуу кармаш болот. Төрт эрендин миңдеген кытай колуна каршы туруусу кыйындап, Алманбеттин айтуусу менен Сыргак кыргыз колуна, Бакайга кабарга жөнөйт.

## Кыргыздын колуна Сыргактын кабар бергени

Бул эпостун “Чоң чабуулундагы” акыркы баян. Мында Бакай төртөөнөн кабар жок, кабатыр болуп, дүрбү салып, Манас, Алманбет, Чубактын абалы өтө оор экендигин көрөт. Аңгыча кабарга Сыргак жетип келет. Бирок Бакай Сыргакка сыр билгизбей “Жылкысын

айдап алдык де, // Жылдырып жолго салдык де, // Кимсиң деген киши жок” (325-б.) дедиртет. Аны уккан алты кандын (Көкчө, Төштүк, Жамгырчы, Музбурчак, Үрбү, Санжыбек) колу мөөрөйдөн куру калбайлы деп, үч берен чабышып жаткан жакка ат коюшат. Бул, албетте, Бакайдын маалыматтык согушунун жемиши болгон.

А, бул жакта Айбонбоз жарактан чыгып, Манас Көл-Кечүүдөн чыга албай, Коңурбайдын урган найзасын колу менен кармап (“Темири Манас колунда // Сабы баатыр колунда”, 334-б.), көпкө бири-бирин ала албай турганда Алманбет жетип келет. Аны көргөн Коңурбай найзасын Манастын колуна таштап качып жөнөйт. Ушул учурда “абакеңиз эр Бакай” “Аккула атын бош коштоп” (335-б.) кыргыздын колу менен келип калат. Манастын урган найзасынан катуу жарадар Коңурбайдын “арам өлгөн Алгара ат алты бакса дубалдан арыштап чуркап кеткени” (343-б.). Эсенкага куш аркылуу кат жөнөтүп, акыбалдын кыйын экендигин, Манасты жеңүү мүмкүн эмес экендигин билдирет. Эсенкан баарына макул бол деп кайра кат жөнөтөт. Ошентип, “кытайлардан Коңурбай, Кырмус шаанын Мурадыл, кызыл чоктуу Нескара, калмактардын Ушаңы, Каңгайдан бар Ороңгу, кара жалдуу Бороончу, каткалаңдын Сайкалы, Солондон бар Алооке, доңуз мүнөз эр Жолой, Токшукердин Бозкертик, Солобонун Соорондук” (350-б.) акылга келишип, кыргызга тогуз миң төөгө алтын-дилде, отуз миң төөгө күмүш, жүз миң жылкы, тогуз миң сулуу кыз тартуу кылышат.

Бул согушта эр Төштүк эсен соо, Музбурчактын оозун жаа огу жырып өтөт. Үрбүгө айбалта чабылып, Музбурчактын сол карысына ок тийген болот. Кырк чоро, кыргыз колу жан аябай кармашат. Жетимиш капкалуу кытай дубалынын жетисин кыргыз колу бузуп кирген экен. Эпосто “Кытайдын журту бекинген, // Кыргыздан коркуп шекинген” (347-б.) деп айтылат. Ооба, айтылуу Кытай сепилинин курулушуна кыргыз тарап себепчи болуусу толук мүмкүн болгон. Анткени, Кытай журтуна кырк уруу Кыргыз журтунан башка атаандаш болчу согуштук күч болгон эмес. Чындыгында дагы ким болмок? Рим, Византия, арабдарбы? Же Сакалат, Перс, Хиндиби? Жок. Булардын эч кимиси Кытай дубалына жакын келбеген. Демек, Кытайга Кыргыз журтуна кирген көчмөн уруулар гана коркунуч туудуруп турган.

Ошентип, Бакайдын кеңеши менен согуш токтойт. “Бир жыл, бир ай болгондо кайра тартып калган дейт. Аз жүрбөстөн мол жүрүп, Бээжинден чыгып көп аскер жер-жерине барган дейт” (352-б.).

Эпостун акырында Кыргыздын, Манастын кийинки тагдыры кыскача кара сөз түрүндө жыйынтыкталып берилет. Семетей төрөлөт. Манас ажыга барып келет. Кытай менен кайра согуш болот. Алманбет, Чубак, Сыргак шейит кетет. Мында Манасты калмак Кыяңкуунун Токтугу жаа менен чекеге атып өлтүрөт деп айтылат. Манастын сөөгүн Баяндынын талаасына коюп, күмбөз салынат. (Манас, IV китеп, 1982. -353-б.).

# ТЫЯНАК СӨЗ

«Кыргыз» деген этноним биринчи жолу б.з.ч. 209-жылы кытай булактарында чагылдырылгандыгы маалым. Демек, кыргыздар жөнүндөгү биринчи тарыхый маалыматка 2200 жылдан ашып кетиптир. Бирок биздин эл ошол кытайлык Сымо Сяндын алдында гана пайда болуп калбагандыгы өзүнөн өзү түшүнүктүү. Анда кыргыз этносу качан бир бүтүн эл болуп түптөлгөн деген суроо кайрадан коюлуусу толук мүмкүн.

Ислам дини – VII к., христиан дини – I к., буддизм – б.з.ч. VI к., иудаизм – б.з.ч. XI к. пайда болгон деп билебиз. Бирок байыркы кыргыз жогорудагы диндерге чейин эле Бар, Эге, Ак, Теңир, Кызыр Илйас, Илайа, Көк, Күн (Митра), Ай, Жер-Суу, ата-бабалардын рухуна сыйынып келиптир. “Барбардигер”, “Эгемин буйругу”, “Ак сөз”, «Теңир жалгасын», «Асмандагы Көк урсун», “Илайым болсо экен” деген сөздөр дале болсо арабызда экендиги да чындык. Авестадагы «Митраны алдаган ат үстүндө жүрө албайт» деген накыл кепти, же азыркы кыргыздын Ай жаңырганда күбүрөнүп бата кылуусун эстеңиз. «Манастагы»: «Асман менен Жериңдин // Тирөөсүнөн бүткөндөй, // Айың менен Күнүңдүн // Бир өзүнөн бүткөндөй» деген ыр саптарындагы Асман, Жер, Ай, Күн ошол байыркы теңирчилик заманга мүнөздүү рухий-диний ишенимдерден экендигине күмөн кылууга болбос.

Кыргыз менен Манас деген түшүнүктөрдү бири-биринен бөлүп кароого болбойт. Манас – кырк уруу кыргыздын Манасы. Байыртадан бери эле кыргыз деген этнонимге удаалаш «Манас» деген эпоним (ата-бабалардын аттары) болуп келгендигине ишеним артууга болот. Анда башка географиялык чекиттердеги «Манас» этнонимдик жана топонимдик аталыштарга кандайча карообуз керек деген суроо туулары бышык. Биздин оюбузча Манастын аты менен байланышкан түшүнүктөрдүн баары дүйнөнүн кайсы гана регионунда айтылбасын кыргыз этносу менен түздөн-түз, же кыйыр түрүндөөз ара байланышкан. Маселен, Түндүк Африкадагы, Алдыңкы жана Кичи Азиядагы, Кытайдагы жана Евразия континентиндеги «Манас» деген этникалык жана топонимдик аталыштар. Түрдүү булактарда чагылдырылган бул рухий-эпонимдик түшүнүк менен тең катарда мобилдүү көчмөн кыргыздар аталган географиялык чектерде доор сүрүп келишкендей. Эстеңиз, Манастын ордосуна келген чабарман жаш Айдар баласынтып шылдыңга алышкан Чубак, Серек жана

Сыргакка «Мен Кытайга чейин баргнмын, // Бээжинин кошо чалганмын, // Күн баткан жакка сабалап, // Үрүмдү келдим аралап, // Сар-Арка болуп бир жагы, // Чыгышка тулпар тердетип, // Манжуудан кайттым жер кезип» деп күпүлдөгөнүн эстеңиз. Орто кылымдык ордо чабарманынын образын берген «атка жеңил, тайга чак» уландын мейкиндик чабыттарындагы географиялык аталыштарга көңүл буруу зарылдай. Кыргыз чабарманынын ат тердетип баскан канжолунун чыгыш чеги Манчжурия (түндүк-чыгыш Кытай, Ыраакы Чыгыш), батыш чеги Урум (Батыш, Византия), түндүгү Сибир мейкиндиги, түштүгү Кытай болууда. Бул геонимдерди айтылуу Сагымбай, Саякбай, Шапак, Тоголок Молдо, Шаабай, Жусуп Мамай ж.б. манасчылар өздөрү ойлоп таппаган болуу керек.

Байыркы доорго мүнөздүү ата-бабалардын рухуна сыйынуу салты көчмөндөрдүн башкы ишенимдеринин бири болгон. Бул Геродотто да, «Манас» эпосунда да баса белгиленет. Кыргыздагы «Манастын арбагы урсун!» деген каар сөз Манас о дүйнө сапар салгандан кийин айтыла баштагандай. Мындай өкүм эң башкы жаза катары эл-жерин саткандарга, чыккынчыларга, тыңчыларга чыгарылган да, бул жазага кириптер болгон пендезат экинчи турбай калгандыгы анык. Бирок бул өкүм-жазанын башатында оо эзелки «Ата-бабалардын арбагы урсун!» деген каргыш сөз жаткан болуу керек. Эпикалык чыгармаларда бул тескери батадан башка «Ата-бабаларыбыздын арбагы колдосун!» деген ак бата бар экендиги маалым. Көрсө, биз аздыр-көптүр угуп келген бул сөздөрдүн диний-рухий, тарыхый-эс-тутумдук байыркылыгы бар болууда. Ооба, исламга, христиандыкка, буддизмге жана иудаизмге чейинки тарыхый башаты бар экен. Муну Геродоттогу скифтердин артынан түшкөн перс Дарийдин “эмне эле согушуудан тайсалдап жатасың, бетме-бет урушка чыкпайсыңбы?” деген катына скиф Иданфирстин жооп катынан да билүүгө болот (Караңыз, көчмөндөрдө б.з.ч. VI к. эле жазма болууда). Башкы скиф саркери “скифтердин жанын ачытыш үчүн бу дүйнөдөн өткөн ата-бабаларыбыздын бейитин таап кордогон ченде гана кантип биз согушарыбызды билер элеңер” деп жооп бергендиги маалым. Мындан чыкты көчмөндөрдүн ишениминде ата-бабалардын бейитинен өткөн ыйык нерсе болгон эмес. Ооба, Көк менен Күндү да, Ай менен жылдызды да айтпаптыр. Балким, «Карысы бардын ырысы бар», «Карынын сөзүн капка сал», «Жаш келсе ишке, кары келсе ашка» деген макал сөздөрдүн башаты

ошол доордон болуп жүрбөсүн? Бу дүйнөдөн өтүп кеткен ата-бабалардын рухуна сыйынган, урматтап-сыйлаган, аны көрүп, таалим-тарбия алыпөскөн жаштары, урпактары бар элдин бүгүнкүсү менен келечеги да бар деген ишеним менен жашап келишкендигин туюуга болот. Балким, көчмөндөрдүн ай-ааламдык чабытынын глобалдык мүнөзү, пассионардуулугу жана жеңилбестигинин бир себеби да ушундан кеткен болуу керек.

Ошол эле Геродотто көчмөндөр атасына жыл өткөрүп аш беришкендиги жана аны уулу өткөргөндүгү айтылат. Атасына аш берүү салтын көчмөндөрдүн ата-бабалардын арбагына сыйынуу диний-рухий ишениминин алкагында кароо ылайыктуудай. Мындан чыкты кыргыздагы бүгүнкү күнгө чейинки сакталган атасына аш берүү салтына бери дегенде эле үч-төрт миң жыл болууда. Эми «Манастагы» «Көкөтөйдүн ашын» эстеңиз. Эпосто ашты тынч өткөрүүгө көп басым жасалат. Балким, тынч өтпөгөн аш, үй ээсине караганда ошол элдин атына көбүрөөк доо кетирип койсо керек эле. Ошондуктан кытай-манжуулардын кыйды аракеттерине карабастан, Бокмурун мында калып эле биринчи кезекте кыргыздын журт башчылары (Кошой, Бакай, Манас) аштын тынч өтүшүнө кызыкдар болушат. Геродот аш майрам-зоок катары өткөрүлөт деп жазган. Көкөтөйдүн ашында баш байгелүү аттардын чабышынан баштап, эр сайыш, эр эңиш, жөө күрөш, жамбы атмай оюндары өткөрүлөт. Жеңүүчүлөргө «сандыгы толо сары алтын, көмүркөйү толо алтын» сый-белек берилген. Аштын негизги максаты о дүйнө кеткен атасынын зоболосун көтөрүү менен тең катарда кыргызды даңазалаган, атуулдук-мекенчил максатты аркалаган согуштук күч-кубатты, бийлик менен байлыкты коңшулаш мамлекеттерге демонстрациялоо болгондой. Көчмөн кыргыздын бул улуттук жоокердик (спорттук) оюндары грек-эллиндик олимпиадалык оюндардан (б.з.ч. VII к.) эчак илгери жаралгандыгынан күмөн кылууга болбос.

Байыркы мифтер, уламыштар, санжыралар, элдик оозеки чыгармалар мифология менен тарыхка чейинки байыркылыгы бар эң бир баалуу маалыматтар болуп саналат. Буларды эч ким ойлоп тапкан да эмес, жөн жерден келип чыккан да эмес. Уюткулуу маңызын сактоо менен бүгүнкү күнгө жетип келген. Археология, таш жазуулары, жазма булактар жеткирип бере албаганды ушул *элдик оозеки тарыхый булактар* бере алмакчы. Тарыхтын атасы аталган Геродот да буту жетпеген аймактын тарыхын, урунттуу окуяларын

